Тыюу формулалары текстти уюштурууга да түздөн-түз катышат. Д. Молдокулова мал-жандыкка байланыштуу тыюуларды атайын жыйнап, талдап чыккан [6]:" Төл мезгилинде мал сойбойт жана сүт азыктарын, тамак-аш, туз, өзгөчө малдан алынган же малга бериле турган азыктарды төлдүн «киндиги катсын» деп эч кимге берген эмес... Мал ээлери киринбегенге, кир жуубаганга, акты – сүт азыктарын эшикке чыгарбаганга аракет кылышкан. Тегерете ала аркан таштап коюп, короого бейжат кишини киргизген эмес... Жаш төлдү санабайт, суктанбайт жана бөтөн кишиге көрсөтпөйт. Бирөөнүн малы төлдөп жаткан мезгилде ээсинен уруксатсыз аралабайт... Эгиздин бирин жакын туугандарынын бирөөнө энчилеп койгон. Мал ооруп калат же мал тукуму, ырысы ооп кетет деген ишеним менен мал короого даарат ушатканга, акыр-чикир, жаман нерсе төккөнгө тыюу салышкан... Мал байлаган көгөндү, желени аттап же кырккан эмес. Өзгөчө боюндагы баласынын мойнуна киндиги оролуп калат деген ишеним менен, кош бойлуу аялдын аркан, жип, көгөн, желени аттоосуна тыюу салышкан. Малды бирөөгө бергенде же сатканда анын ноктосун, мойнундагы жибин кошо бербей, мал ээси сөзсүз түрдө өзүнө алып калган. ... Мал тукумунун башын ... сатпаганга, бирөөгө бербегенге же сойбогонго аракеттенишкен» [6]. Бул тексттик фрагментте ойдун, маалыматтын өзөгүн *-ба/-бе...* тыюу жана *эмес* таануу формалары жаратып, аларды курамына алган сөздөр жыш колдонулган: *сойбойт, (берген) эмес, киринбегенге, (кир) жуубаганга, чыгарбаганга, (киргизген) эмес, санабайт, суктанбайт, көрсөтпөйт, аралабайт,* эки ирет *тыюу (салышкан), (аттап же кырккан) эмес, бербей, сатпаганга, бербегенге, сойбогонго.* Бардыгы болуп – 17 бирдик. Бул – чоң көрсөткүч. Тыюу кадамдын жүрүм-турумун мүнөздөп багыттоочусу жана ой жүгүртүүнүн дурус эле уюштуруучу кеп формуласы катары кызмат кылат.

Кыргыздын ойтутумунда нан түшүнүгү орчундуу мааниге ээ. Анткени нан заты – токчулуктун, барчылыктын, камырабай жашоонун белгиси. Нан болсо, адам ачка болбойт, сарсанаага батпайт, оорубайт, басынбайт, назары ток, көңүлү көтөрүңкү болот. Ошондуктан нанды кыргыз ыйык зат катары баалайт. Кыргыз макалдарынын дээрлик бардык жыйнактарында *Нанды тепсебейт/тебелебейт* императиви кездешет. Бирөөлөр аны нуска сөздөргө кошот [7], насаат, санат сөзгө [8], макалдарга [9], ырым-жырымдарга [6], кайсы бирөөлөрү сүйлөө формулаларына [10-11] кийиришет. Маселе аны кантип атоодо эмес. Маселе анын мазмунунда. Мында нандын жашоодогу ордун, ролун баалоо талабы берилип, ал адамдардын жүрүм-турумун, мамилесин өзгөртүүгө салым кошуп жатат. Бул жалпы императив ар бир адамды нанды кастарлоого, аздектеп мамиле кылууга чакырат. Бул элдик талап. Ыйык затты жерге таштабоого, өзүн же күкүмүн тебелебөөгө багыттайт. Мисалда эл кабыл алган ой формуласы берилген. Анын аткаруучусу – ар бир адам, адамдардын тобу, улут, бүт адамзат. Мында конкреттүү бир субъект белгиленбейт, субъект жалпыланган. Ошондуктан сүйлөмдү жалпыланган жактуу түргө кошобуз. Реалдуу жандуу сүйлөөдө бул формуланын мааниси, багыты, адресаты өзгөртүлүп кетет, субъекти пайда болот, прагматикасы татаалдашат. Конкреттүү жагдайда, конкреттүү тараптарды катыштырганда жалпылоочу формулалар варианттарга ээ болуп калат: *Нанды тебелебе/*

*тебелебейт/ тебелебегин/ тебелебесин/ тебелебегиле/ тепсебе/ тепсебесин / тепселебегиле/ тепселешпесин... – Do not step on/ stomp/ trample/ tread/ tramp. To step on/ stomp/ trample/ tread/ tramp the bread is guilt.* Англис тили аналитикалык түзүлүштө болгондуктан кыргыз тилине салыштырмалуу предикаттары көп түрдүү эмес. Ал тургай экинчи жактын англисче бир прономинативине *(you)* кыргызча төрт көрсөткүч туура келет *(сен, сиз, сиздер, силер).* Этиштик кыргызча императивдер да көп мүчөлүү.

Келтирилген мисалдарда аткаруучу 2-тарап («сен»), 3-тарап аркылуу 2-тарап («ал» + «сен»), 2-тарап 3-көптүк тарап аркылуу («алар» + «сен») ж.б., түрдүү интонация менен, түрдүү басым менен айтылуу мүмкүнчүлүгү бар. Буларда тыюу сакталган, бирок провербиалдык сапат, жалпылоочу мазмун төмөн. Кийинки варианттарда прагматика так: адресант (сүйлөөчү) – адресат (угуучу, аткаруучу), адресант – адресат – 1 (угуучу) – адресат-2 (аткаруучу); адресат саны боюнча да жиктелет – жеке, көп болуп [12-14]. Бул формуланы кеңейтүүгө, өзгөртүүгө да болот: *Нанды тебелөө – күнөө/убал*. Мында буйрук жоголду, бирок тыюу сакталды, императив баалоо пикирине өзгөрдү. О+П түрүндөгү императив эми С+П формуласын кабыл алды.

Императив тыюу түрмөгүнүн жалпы мазмунунда берилет. Бирок анда өтө маанилүү кызматты *-бе* аффикси аткарып жатат. Императивдин кийинки трансформасында бул аффикстин чектөө, тыюу функциясын *күнөө, убал* сөздөрү кабыл алды. Демек, бул жерде аффикс менен лексеманын синонимиясы тууралуу айтсак да болот.

Нанды бүт дүйнө жүзүндөгү эл кастарлайт, ыйык тутат, мисалы, англисче *Daily bread* библиядан алынган накыл сөзү жашоо нан менен байланышканын, жашоо өзү нандан тураарын билгизет. Демек, тыюу формулалары бир эле тилге тиешелүү болбостон, универсалдык мүнөзгө ээ болуп эл аралык императивдер катары жашайт.

## Жыйынтыктар:

1. Талданган мисалдардан жана аларды салыштыруудан бир нече жыйынтык чыгарууга болот. Кыргыздын менталитетинде тыюу формулалары орчундуу мааниге ээ. Алар коом өкүлдөрүнүн жүрүм-турумуна багыт берет;
2. Бардык тыюу түрмөктөрүндө позитивдүү мазмун бар. Алар этностун биримдигин камсыз кылат, салттуу талаптардын чегинде жашоого шарт түзөт. Тыюу формулалары эл аралык мүнөздө болот;
3. Табулук маанини туюнтууга атайын лексемалар жана уланды мүчөлөр катышат. Бул каражаттардын мааниси провербиалдык мейкиндикте жалпылоочу мазмунга ээ болот;
4. Тыюу түрмөктөрү этностун бардык өкүлдөрүнө бирдей талап коет, карым-катыштарын теңдештирет жана мамилелеринде адилеттүүлүктү камсыз кылат.

## Колдонулган адабияттар:

1. **Кабылов, Т.Б.** Позитивдүү жана негативдүү маанидеги императивдик паремиялар жана алардын кептеги орду [Текст] / Т.Б. Кабылов // ОшМУнун жарчысы / Индия жана Кыргызстан: взаимодействие цивилизаций: материалы V международной научной конференции. – Ош: ОшМУ, 2008. – Б. 133-136.
2. **Кабылов, Т.Б.** Понятие и сущность императива [Текст] / Т.Б. Кабылов // Вестник РГСУ. – Бишкек: РГСУ, 2010. - №3. – С 83-87.
3. **Кабылов, Т.Б.** Императив лингвистикалык категория катары [Текст] / Т.Б. Кабылов // ОшМУнун жарчысы. –Ош: ОшМУ, 2012. - №3,1– Б. 68-70.

4. **Юдахин, К.К.** Киргизско-русский словарь [Текст] / К.К. Юдахин. – Москва, 1965. – 952 с.
5. **Зулпукаров, К.З.** Введение в китайско-киргизское языкознание [Текст] / К.З. Зулпукаров – Бишкек, 2016. – 768 с.
6. **Акматалиев, А.С.** Ата-бабалар табериги: кыргыздын адеп-ахлак, салт-санаа, үрп-адат, ырым-жырым жана жөрөлгөлөр жыйнагы [Текст] / [А.С. Акматалиев, Н. Сакиева, Ж. Асанова, А. Аттокурова ж.б.] – Бишкек, 2011. – 724 б.
7. **Койчуманов, Ж.Ы.** Кыргыз макал-лакаптары, учкул сөздөрү [Текст] / Ж.Ы. Койчуманов, Ы.К. Кадыров. – Бишкек, 2012. – 418 б.
8. **Исаков, Б.** Санат сөз [Текст] / Б. Исаков. – Бишкек, 2005.– 312 б.
9. **Дербишева, З.К.** Кыргызский этнос в зеркале языка [Текст]: моногр. / З.К. Дербишева. – Бишкек, 2012. – 404 с.
10. **Абдраева, А.Т.** Киргизские лингвоэтнокультурные запреты с точки зрения турецкой и английской ментальности [Текст] / А.Т. Абдраева, Д.Б. Мадаминова // Современные тенденции развития науки и технологий. – Белгород, 2018. – Часть I. – С. 6-11.
11. **Абдраева, А.Т.** Лингвоэтноментальные табу киргизского народа, связанные с питанием и животными [Текст] / А.Т. Абдраева, Д.Б. Мадаминова // Новые технологии в социально-гуманитарных науках и образовании: современное состояние, проблемы, перспективы развития. – Белгород, 2018. – Часть I. – С.11-18.
12. **Атакулова, М.А.** Эгоцентризм как категориальное значение лично-прономинальной парадигмы в языке [Текст] / М.А. Атакулова, К.З. Зулпукаров // Вестник Кыргызско-российского словянского университета. – Бишкек: КРСУ, 2018. – Том 18. – №2. – С. 30-35.
13. **Усарова, Г.О.** Кыргыз лексикасынын байышынын тышкы булактары [Текст] / Г.О. Усарова, Б.А.Байиева // Наука.Образование.Техника.- Ош: КУУ, 2014.- № 3.- С. 136-138.
14. **Хабибуллаева, Н.З.** Теоретические основы изучения лексико-семантического (ЛСП) и лексико-семантических групп (ЛСГ) Текст] / Н.З. Хабибуллаева // Наука.Образование.Техника.- Ош: КУУ, 2013.- № 1.- С. 9-11.

DOI: 10. 54834 / 16945220_2021_3_88

Поступила в редакцию 14. 09. 2021 г.

**УДК 82/821.0**

***Абдраева А.Т.***

*к.ф.н., доцент Кыргызского госуд. универ. им. И. Арабаева, Кыргызская Республика*

## КЫРГЫЗ ЖАНА АНГЛИС ТИЛДЕРИНДЕГИ КООМДУК БААЛУУЛУКТАРГА БАГЫТТООЧУ ПАРЕМИЯЛАРДАГЫ КОГНИТЕМАЛАР

*Изилдөөнүн предмети катары кыргыз жана англис тилдериндеги социалдык баалуулуктарды, коом өкүлдөрүнүн жүрүм-турумун жөндөөчү, жалпы кабыл алынган нарк-насилдерди туюнтуучу афористикалык каражаттар тандалып алынды. Иштин максаты болуп коомдук дөөлөттөрдү, салттуу талаптарды жана эрежелерди муундан муунга, доордон доорго, элден элге үзгүлтүксүз өткөрүп берип турган кеп формулаларына когнитивдик-семантикалык анализ жүргүзүү саналат. Бул максатка жетиш үчүн лингвистикада кенен таркалган каттоо, системалаштыруу, салыштыруу, сыпаттоо жана аналогия методдору колдонулду. Коомдук жүрүм-турумду туура жолго багыттоочу паремиялардын жалпы түзүлүшү, түрлөрү, алардын курулуш бөтөнчөлүктөрү, коммуникациядагы орду жана кызматы типологиялык тил илиминин алкагында талдоого алынды, нравалык константалар жана туруктуу жалпы маанилер когнитема түшүнүгү аркылуу берилди, ар бир когнитеманын эки тилдеги репрезентативдери салыштырылып көрсөтүлдү, айрым учурда алардын эки тилдеги варианттары, конкреттүү репрезентативдери сыпаттоого алынды, этнос аралык провербиалдык маанилердин жалпы касиеттери белгиленди. Изилдөө тил теориясы жана методикасы үчүн зарыл натыйжаларга ээ. Мындагы материалдар өнүктүрүлүп, тилдеги императивдер тууралуу концепцияны иштеп чыгууга өбөлгө болот.*

***Негизги сөздөр:*** *лингвопаремиология; паремия; учкул сөз; императив; когнитема; коомдук баалуулуктар; нравалык эрежелер; константа.*

## КОГНИТЕМЫ В ПАРЕМИЯХ, ОРИЕНТИРУЮЩИЕ НА СОЦИАЛЬНЫЕ ЦЕННОСТИ КЫРГЫЗСКОГО И АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКОВ

*В качестве предмета исследования были выбраны афористические средства кыргызского и английского языков, определяющие социальные ценности, регулирующие поведение людей в обществе, выражающие общепринятые нормы. Целью работы является проведение когнитивно-семантического анализа речевых формул, регулярно передающих общественные ценности, традиционные установки и правила из одного поколения в другое, из одной эпохи в другую, из одного народа в другой. Для достижения этой цели были использованы широко распространенные в лингвистике методы регистрации, систематизации, сравнения, описания и аналогии. В рамках типологической лингвистики проанализированы общая структура, виды паремий, их конструктивные особенности, место и функции в коммуникации, представлены нравственные константы и общие устойчивые значения паремий через понятие когнитемы, подвергнуты сопоставлению двуязычные репрезентативы каждой когнитемы, в отдельных случаях описаны их варианты, конкретные экспоненты в двух языках, установлены общие свойства межэтнических провербиальных значений. В исследовании получены результаты, необходимые для теории и методики языка. Развитие соответствующих идей и положений может быть предпосылкой для разработки концепции императивов в языке.*

***Ключевые слова:*** *лингвопаремиология; паремия; афоризм; императив; когнитема; социальные ценности; нравственные нормы; константа.*

## COGNITHEMES IN PAREMIAS, ORIENTING ON THE SOCIAL VALUES OF THE KYRGYZ AND ENGLISH LANGUAGES

*The aphoristic means of the Kyrgyz and English languages that define social values, regulate the behavior of people in society, and express generally accepted norms were chosen as the subject of the study. The objective of the work is to conduct a cognitive-semantic analysis of speech formulas that regularly transmit social values, traditional attitudes and rules from one generation to another, from one era to another, from one nation to another. To achieve this purpose were used the methods of registration, systematization, comparison, description and analogy, which widely spread in linguistics. Within the framework of typological linguistics were analyzed the general structure, types of paremias, their constructive features, place and functions in communication, through the concept of cognithems were presented moral constants and general stable values of paremias, were compared bilingual representations of each cognitheme, in some cases were described their variants, specific exponents in two languages, were established common properties of interethnic proverbial meanings. The study obtained the results, necessary for the theory and methodology of language. The development of relevant ideas and provisions can be a prerequisite for the development of the concept of imperatives in the language.*

***Keywords:*** *linguoparemiology; paremia; imperative; cognitheme; social values; moral norms; constanta.*

**Киришүү.** Изилдөө лингвопаремиологиянын чегинде жүргүзүлдү. Анын предмети катары жүрүм-турумду багыттоочу императивдер тандалып алынды. Теманын зарылдыгын императивдик түзүмдөгү кыргыз, англис тилдериндеги паремиялардын атайын изилденбегендиги шарттайт. Иштин максаты болуп коомдогу мамилелерди, жүрүм-турумдарды жөндөөчү эки тилдеги макал-лакаптарды салыштырып талдоо саналат. Коомдо императивдер туура мамилелерди, биримдикти, ынтымакчылыкты, өсүп-өнүгүүнү, таалим-тарбияны жөндөөчү баалуу кызмат аткарат. Алардын өзөгүн позитивдүү константалык маанилер түзөт. Императивдер буйрук түрүндө да, жай абалда да берилет [1].

Учурда ааламдашуу жараяны катуу кулач жаймакта. Адамзаттын көп түрдүүлүгүн түзгөн бардык этностордун дүйнө таанымындагы, маданиятындагы, психологиясындагы, тиричилигиндеги бөтөнчүлүктөр интенсивдүү, ырааттуу жоюлуп бара жатат. Ушул шартта түрдүү улуттардын окшош ойлоосун, бирдей баалоосун, бири-бирине карата жагымдуу мамиле кылуусун жөндөөчү макалдардын кызматы жогорулоодо.

Учурдагы социологияда, социалдык мнемологияда коомдук дөөлөттөрдү ири эки топко бөлүп жүрүшөт:

1) коомдун, социалдык топтордун, тайпалардын дөөлөттөрү: мекенчилдик, мыйзамчылдык, эркиндик, толеранттуулук, ынтымактуулук ж.б.;

2) инсанга мүнөздүү жекече дөөлөттөр: бактылуулук, боорукерлик, акылдуулук, эмгекчилдик, билимдүүлүк ж.б. (М. Рокич, Ш. Шварц, В.Н. Карандашев ж.б.) [1-4].

Аталган окумуштуулар иштеп чыккан коомдук, жеке инсандык дөөлөттөр жашоонун бардык тараптарын камтыйт. Баалуулуктардын тизмесин биз константа түрүндө берсек да болот. Биз ачыктаган константалык баалуулуктар ичинен когнитемаларды бөлүп чыгарат. Булар инварианттык маани түрүндө көрсөтүлүп, өз курамынан варианттарды, кичи маанилерди ажырата алат.

**Изилдөө материалдары жана методдору.** Иште паремиялардын константалык маанилери каралып, алардын конкреттүү репрезентативдери мүнөздөлөт. Константалык маанилерди инварианттар жана конгитемалар түрүндө берип, алардын ички варианттарын, вариацияларын салыштырып талдайбыз. Иште жалпылоо, сыпаттоо, аналогия, когнитивдик-семантикалык анализ методдору колдонулат.

Баалуулуктар – коом өкүлдөрүнүн аң-сезиминде калыптанып түптөлгөн, муундан муунга, доордон доорго, элден элге өтүп, туруктуу сапатка ээ болгон константалык түшүнүктөр. Бул дөөлөттөр көп түрдүү, татаал түзүлүштө, өз ара каршы-терши катышта болот. Алардын ичинен биздин темага жакындары – адамгерчилик, адилеттүүлүк, уяттуулук, руханий өсүш, мыйзам сыйлоочулук, мекенчилдик ж.б. сыяктуу социалдык-нравалык мазмундагы категориялар. Булардын ар бири өз ичинен кичи категорияларга бөлүнүп, коом өкүлдөрүнүн жүрүм-турумун ар тараптан, толук мүнөздөп, багыттап турат.

Бул категориялар провербиалдык мейкиндикте кенен объективдештирилген. Паремиялардагы алардын репрезентативдерин сыпаттап чыгуу чоң көлөмдөгү эмгекти талап кылат. Биз төмөндө айрым гана этнос аралык мүнөздөгү адамдын жүрүш-турушун тескеген учкул сөздөрдү кыргыз, англис мисалдарында салыштырып, талдап беребиз. Паремиялар өз ара маанилик жалпылыгына карап бириктирилет. Бул жалпылыкты когнитема түшүнүгү менен [5] туюнтабыз.

1. Когнитема – "Чоң иш шашпай/жайма-жай аткарылат", репрезентативдери: *Ийгиликтин эрте-кечи жок/Самаркан деле бир паста курулбаган* (говорлордо). – *Rome wasn't built in a day* "Рим деле тез курулбаган". Бул санат сөздөрдө жалпы мазмун бирдей. Алар маанилүү ишти ыкчамдатып, шашкалактап аткарууга, натыйжага бат жетүүгө умтулганда, бир иштин тез бүтпөй калуусуна өкүнгөндө айтылат. Элдик сөз угуучуну жубатат жана ишти сапаттуу бүтүрүүгө шыктандырат. Ошентип, аталган учкул сөздөр адамдын жүрүм-турумуна таасир этет. Субъекттердин аталыштары (*Рим/Самаркан*), натыйжанын аты *(ийгилик/курулуш)* түрдүүчө болгону мааниге ээ эмес.

2. Когнитема – "Илим оор, узак эмгекти талап кылат". Аны бир нече учкул сөздөр объективдештирет: *Илим ийне менен кудук казгандай* [6]. – *Илимде даңгыр жол жок*

(К.Маркс). – *There is no royal road to learning.* Бул афоризмдер семантикалык жактан мурунку топко жакын. Мында илим менен алектенүү көп убакытты, мээнетти, түйшүктү, акыл-ойдун сарпталышын талап кылуусу кыска, образдуу көрсөтүлөт. Бул ой туруктуу мүнөзгө өткөн пикир катары берилет.

3. Когнитема – "Себепсиз эч нерсе жок": *Жел жүрбөсө, дарактын (чөптүн) башы кыймылдабайт/Отсуз түтүн жок/От бар жерде түтүн бар, суу бар жерде түшүм бар* [7]. – *There is no smoke without fire/Nothing is stolen without hands.* Макалдарда себеп катары жел, от, суу кубулуштары, алардын натыйжалары катары дарактын, чөптүн кыймылдашы, түтүндүн, түшүмдүн пайда болушу белгиленет. Албетте, учкул сөздөрдө табигый заттар тууралуу сөз айтылбайт. Аларда адамдын иш-аракетиндеги, жүрүм-турумундагы, максат-милдеттерге умтулуусундагы, жетишкендиктериндеги, коомдогу өзгөрүүлөрдөгү себеп-натыйжалар жөнүндө кыйыр маалымат берилет.

4. "Ар нерсе өз учурунда аткарылыш керек" когнитемасы тилдерде ар түрдүү материалдашат. Эки топ мисал келтирели: а) *Бүгүн бүтүрүүчү ишти эртеңкиге калтырба* [6]. – *Never put off till tomorrow what you can do today;* б) *Темирди кызуусунда сок/Темирди кызыганда сок/Темирди ысыганда сок, кепти кызуусунда сок/айт* [6]. – *Make hay while the sun shines/Strike while the iron is hot.* Көрүнүп тургандай, кыргызча учкул сөздө (б-3) аталган когнитема параллелдүү байламтасыз кошмок сүйлөмдөрдө да берилет. Мында объект катары темир жана кеп заттары колдонулган. Бирок санат сөз бул предметтерге тиешелүү эмес: аларда адамдын оңтойлуу мүмкүнчүлүктү, керектүү шартты өз учурунда пайдалануу зарылчылыгы көрсөтүлөт.

5. "Нерсени сыртына карап гана баалабайт" когнитемасына да бир нече паремия экспоненттик милдетте колдонулат: а) *Саргайгандын баары алтын эмес/Жалтырагандын баары эле алтын эмес/Башы тоголоктун баары адам эмес.* – *All is not gold that glitters* – лат. *Non omne quod nitat aurum est* [8]; б) *Адамды боюна/түсүнө/өңүнө/карап тааныбайт/Адамды кийиминен тааныбайт, ишинен тааныйт/Адамды сөзүнөн тааныбайт, ишинен тааныйт* [6]. – *You can't judge a man's character by his lacks.*

Бардык учкул сөздөрдө "сырт" түшүнүгүнүн номинанттары бар: *жылтырагандык/жылтырактык* (кыргызча, англисче), бою/түсү/өңү/кийими/сөзү (кыргызча), тышкы көрүнүшү, кемчилиги (англисче). Бирок бул аталыштар адамдын (объекттин) ички маани-маңызын билдире албайт. *Алтын* сөзү деле өз денотаты катары адамды (асыл зат адамды, келишимдүү инсанды) билдирет. Сөз мында чыныгы адам тууралуу жүрөт.

6. "Бардык нерсе өз кезегинде" когнитемасы эки топ мисалдарда репрезентацияланат: а) *Келме кезек / Келме кезек, терме тезек / Келме кезек, терме тезек, бүгүн көргөн эртең жок* [6]. – *Every dog has its day.* Бардык афоризмдерде оптимисттик нота бар. Алар оорчулуктун ордуна, ийгилик, жетишпестиктин ордуна молчулук, адилетсиздиктин ордуна адилеттүүлүк орношун, каалап тилегенде, же мындай позитивдик өзгөрүлүштү тастыктоо иретинде колдонулат; бул санат сөздөр адамдын жүрүм-турумуна таасирин тийгизип, ой-санаасын иретке келтирүүгө мүмкүнчүлүктөрдү түзө алат; б) *Ар нерсенин өз убактысы бар / Ар нерсе өз учурунда сонун / Ар нерсе өз тушунда кымбат /Ар нерсенин баасы өз учурунда кымбат / Ар нерсенин орду болоор* [6]. – *Every thing is good in its season.* Бардык афоризмдердин денотаты – жалпылоочу зат. Ал кыргызча белгисиз жалпылоочу прономинатив аркылуу (*ар нерсе*), англисче *(every thing)* жардамы менен туюнтулган. Ар

нерсе өз убагында сонун болуп калат. Учкул сөздөр түрдүүчө, бирок бир когнитемага баш иет.

7. “Алыңа жараша жашоо кечир” когнитемасы да кыргыз жана англис тилдеринде объектештирилет: *Төшөгүңө карап бут сун/Төшөгүңө карап аягыны соз/Төшөккө карап бутуңду сун/Жылкыңа карап ышкыр/Жылкыңа ченеп (карап) ышкыр, мурдуңа карап бышкыр/Жылкыңа ченеп ышкыр, алыңа ченеп бышкыр* [6]. – *Cut your coat according to your cloth/Stretch one's legs according to the coverlet/Put your hand further than your sleeve will reach* [8]. Бул паремиялар адресатты сарамжалдуулукка, токтоолукка чакырат, кирешесине, каражатына, алына ылайык жашоого үндөйт, мүмкүнчүлүгү, дарамети жетпеген чыгымдардан, аракеттерден карманууну биринчи планга коет. Адамдардын жүрүм-турумуна, жашоо образын өзгөртүүгө көмөкчү болот.

Ушундай жол менен 57 нравалык-этикалык дөөлөттөрдүн ички бөлүнүштөгү когнитемаларын ажыратып, алардын курамынан кичи варианттык когнитемаларды да жиктеп, сыпаттап чыгууга болот [2]. Мисалы, таалайлуулук, бактылуулук, баалуулугун алсак, анын семантикалык түзүмү татаал, бир элементи “Адам бактылуу болууга умтулат” деген константалык маани. Бул маани өз курамында келки когнитемаларга орун берет: 1) “Адамды эмгек бактылуу кылат”: *Бакыт ачкычы – эмгекте; Бакыт эмгектен жаралат. – Diligence is the mother of good fortune*; 2) “Бактың өзүңө байланыштуу”: *Бактысыздык өзүңдөн, багынбайт ага түшүнгөн. – If you want a thing well done, do it yourself;* 3) “Эрте турганды ийгилик жолдойт”: *Эрте тургандын этеги толот; Эрте турган жигиттин ырысы артык; Эрте турган эркектин ырысы артык, эрте турган аялдын бакыты ачык; Эрте турган адамдын насибеси артык* (говорлордо); *Эрте турган сергек, ырыскыга теңдеш; Эрте турган аялдын бир жумушу артык; Эрте турган жигиттин бир ырыскысы артык; Эрте турган катындын (аялдын) бир иши (жумушу) артык* ж.б. [6]. – *The early bird catches the warm* “Ким эрте турса, аны ийгилик күтөт / Көп уктоо карызга батырат / Көп уктоо карыз менен тургузат”. Инварианттык категориялык маани варианттарында гана жүзөгө ашып, конкреттүү мазмунга ээ болот [9-12].

Ошентип, ири мазмундагы эл аралык, улуттук, жеке адамдык дөөлөттөр провербиалдык мейкиндикте бир нече деңгээлде, аспектте жана өңүттө ички бөлүштүрүүгө учурап, алар ойтутумда когнитемалар, жалпылоочу, туруктуу пикирлер түрүндө жашагандыгын ырастоого жана сыпаттап көрсөтүүгө болот. Бардык макалдарда эрте таңда туруунун пайдалуулугу көрсөтүлөт. Аларда түрдүүчө аталыштар, сөздөр колдонулгандыгы менен адамдын эрте туруусу, жашоо үчүн керектүү жумушту аткаруусу аны бакытка, ийгиликке жеткирүүчү жол катары белгиленет. Булар адамдын оң жүрүм-турумун кыйыр түрдө мүнөздөйт.

**Жыйынтыктар:**

1. Нравалык императивдик формулалар коомдогу мамилелерди, карым-катыштарды башкарып жөнгө салат. Андагы талаптар социумдун өкүлдөрү үчүн бирдей;
2. Келтирилген мисалдар кыргыздар менен англичандардын моралдык көз караштарында жалпылыктардын арбын экендигин тастыктайт;
3. Мындай багыттагы изилдөө педагогика үчүн, жаштарды максаттуулукка, адилеттүүлүккө, эмгекчилдикке, боорукерликке ж.б. асыл сапаттарды өздөштүрүүгө багыттоо үчүн керек. Ушундай моралдык дөөлөттөр түрдүү этностордун өкүлдөрүн бийик

нравалык деңгээлде кармап, коомду тазартат, өстүрөт, жаңы баскычтарга көтөрөт, бириктирет.

### Колдонулган адабияттар:


1. **Лисс, А.И.** Сопоставительный анализ пословичных фразеологизмов английского, русского и киргизского языков в научно-лингвистическом и методическом аспектах [Текст] / А.И. Лисс. – Ош, 1986. – 100 с.
2. **Карандашев, В.Н.** Методика Шварца для изучения ценностей личности: концепция и методическое руководство.- СПб, 2004. – 70 с.
3. **Зулпукаров, К.З.** Инвариантность в прономинальной и провербиальной парадигмах языка [Текст] / [К.З. Зулпукаров, М.А. Атакулова, А.А. Калмурзаева, Д.Т. Айылчиева, А.А. Жусупова]. – Бишкек, 2017. – 728 с.
4. **Зулпукаров, К.З.** Лингвистический антропоцентризм: проблемы, поиски и решения / [К.З. Зулпукаров, Е.Н. Мурадымова, Р.К. Ормокеева, Г.Ж. Болотакунова, С.М. Амиралиев]. – Бишкек, 2019. – 743 с.
5. **Иванова, Е.В.** Мир в английских и русских пословицах [Текст] / Е.В. Иванова. – СПб: С.-Петерб. ун-та, 2006. – 278 с.
6. **Ибрагимов, М.** Кыргыз макал-лакаптары, учкул сөздөрү [Текст] / М. Ибрагимов. – Кара-Балта, 2005. – 500 б.
7. **Койчуманов, Ж.Ы.** Кыргыз макал-лакаптары, учкул сөздөрү [Текст] / Ж.Ы. Койчуманов, Ы.К. Кадыров.–Бишкек, 2012.– 418 б.
8. **Самсалиев, А.** Английские пословицы, поговорки и крылатые выражения в переводе на русский и кыргызский языки [Текст] / А. Самсалиев. – Бишкек, 2003. – 108 с.
9. **Атакулова, М.А.** Эгоцентризм как категориальное значение лично-прономинальной парадигмы в языке [Текст] / М.А. Атакулова, К.З. Зулпукаров // Вестник Кыргызско-российского словянского университета. – 2018. – Том 18. – №2. – С. 30-35.
10. **Султаналиева, Н.Т.** Педагогический потенциал кыргызских пословиц ипоговорок [Текст] / Н.Т.Султаналиева, К.М.Капарова, Ж.А.Калдыбаева // Наука.Образование.Техника.- Ош: КУУ, 2013.- №1.- 17 с.
11. **Имашева, Г.А.** Значение крылатых слов и афоризмов в русской речи [Текст] / Г.А. Имашева, Н.С. Худайбергенова // Наука.Образование.Техника.- Ош: КУУ, 2013.- №1.- 20 с.
12. **Бердибаева, Н.И.** Кыргызские и русские пословицы о воспитании личности [Текст] / Н.И. Бердибаева, Г.А.Имашева // Наука.Образование.Техника.- Ош: КУУ, 2013.- №1.- 21 с.


DOI: 10. 54834 / 16945220_2021_3_94

Поступила в редакцию 14. 09. 2021 г.

**УДК: 371.3(82)**

***Имаралиева Ж. Р.***

*преп. Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## МАНАС ЭПОСУН ОКУТУУДА БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН ЫНТЫМАКТУУЛУККА ЖАНА ПАТРИОТТУУЛУККА ТАРБИЯЛООНУН ЖОЛДОРУ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети "Манас" эпосун окутууда окуучуларды ынтымактуулукка жана патриоттуулукка тарбиялоо жараяны болуп саналат. Изилдөөнүн максаты – "Манас" эпосун окутууга көңүл бурулушу, орто мектептин кыргыз адабияты предметинин курамында атайын «Манас» сабагын киргизүү, курсту окутуунун мааниси, максаты азыркы учурдагы көйгөйлөрү жана аларды чечүүнүн жолдорун сунуштоо. Макаланы даярдоодо изилдөөнүн талдоо жана илимий жалпылоо, салыштыруу жана баалоо ыкмалары колдонулду. Аталган курсту окутуунун теориялык-методологиялык базасы түзүлүп, методикалык системасы практикалык багытта изилденип жатканы менен конкреттүү багытта – мектепте окутуу технологиялары, тилекке каршы, ырааттуу изилдөөгө алынган эместиги, анын башкы себептери жана карама-каршылыктары көрсөтүлдү. Ошондой эле, улуу эпосубуздун дүйнөлүк адабияттагы*

*орду каралды. "Манас" эпосунун негизинде ынтыкмактуулукка жана патриоттуулукка тарбиялоочу түбөлүктүү идеяларды, мектеп окуучуларынан баштап аң-сезимине сиңирүү, баалуу мурастарыбызды сактоо, тарбиялоо тууралуу айтылат. Макала жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин кыргыз тили жана адабияты мугалимдерине, жогорку окуу жайлардын окутуучуларына теориялык -практикалык жактан жардам берет.*

***Негизги сөздөр:*** *Манас таануу; улуттук фольклор; элдик ой жүгүртү; этнопедагогика; патриоттуулук; ынтымактуулук; аң-сезим; тарбия; жомок.*

## ПУТИ ВОСПИТАНИЯ К ПАТРИОТИЗМУ И СОЛИДАРНОСТИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЫ ПРИ ОБУЧЕНИИ ЭПОСА «МАНАС»

*Предметом исследования в данной работе является процесс воспитания у школьников гармонии и патриотизма в преподавании эпоса «Манас». Целью исследования является акцентирование внимания на преподавании эпоса «Манас», введении специального предмета «Манас» в предмет кыргызской литературы в школах, важности преподавания курса, целях текущих проблем и решений. При исследовании статьи использовались аналитические и научные методы обобщения, сравнения и оценки исследований. Хотя теоретическая и методическая основа преподавания данного курса создана, методическая система изучается на практике, но в конкретной области - технология обучения в школе, к сожалению, не изучена последовательно, ее основные причины и противоречия. Также, рассматривалась роль нашего великого эпоса в мировой литературе. На основе эпоса «Манас» рассказывается о вечных идеях, культивирующих солидарность и патриотизм, внушающих сознание школьников, сохраняющих и преумножающих наше ценное наследие. В статье представлена теоретическая и практическая помощь учителям кыргызского языка и литературы средних школ Кыргызстана и преподавателям вузов.*

***Ключевые слова:*** *Манас; национальный фольклор; народное мышление; этнопедагогика; патриотизм; согласие; сознание; воспитание; сказка.*

## THE WAYS OF UPBRINGING TO PATRIOTISM AND SOLIDARITY OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS WHEN TEACHING THE EPIC "MANAS"

*The subject of this article is the upbringing of harmony and patriotism in schoolchildren in teaching the Manas epic. The aim of the study is to focus on the teaching of the epic "Manas", the introduction of the special subject "Manas" into the subject of Kyrgyz literature in the senior grades of the school, the importance of teaching the course, the goals of current problems and solutions. Although the theoretical and methodological basis for teaching this course has been created, the methodological system is studied in practice, but in a specific area - the technology of teaching at school, unfortunately, has not been studied consistently, its main reasons and contradictions. The role of our great epic in world literature was also considered. Based on the epic "Manas", the author tells about eternal ideas that cultivate unity and patriotism, inspire schoolchildren, preserve and increase our valuable heritage. The article presents theoretical and practical assistance to teachers of the Kyrgyz language and literature in secondary schools in Kyrgyzstan and university teachers.*

***Keywords:*** *Manas; national folklore; folk thinking; ethnopedagogy; patriotism; solidarity; consciousness; education; fairy tales.*

«Манас – жүздөгөн жылдар бою кыргыздар үчүн таалим алуучу роман-китептин, таасирдүү сахнанын жана экрандын, өткөндү эске салуучу тарых китебинин ролун аткарган»

(Болот Юнусалиев, академик).

Улуу Манас эпосу-кыргыз элинин улуттук сыймыгы, үч миңдей жылдан ашык убакыттан бери басып өткөн тарыхый жолундагы руханий табылгаларынын, турмуштук тажрыйбасынын, башынан өткөргөн бардык окуялары жөнүндөгү маалыматтардын эң

орчундууларын бүт чогулткан баалуу казынанын милдетин аткарып келе жаткан улуу мурасы.

Ал жалпы адамзаттык маанидеги терең мазмунга бай, түбөлүктүү руханий дөөлөттөргө эгедер улуу дастан. Залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун сөзү менен айтканда «Манас» кыргыз рухунун туу чокусу»!

Улуу чыгармадагы башкы тема-элдин эркиндиги, көз карандысыздыгы үчүн күрөш, сырттан басып кирген душмандарга каршы салгылаштарда көрсөтүлгөн эрдиктерди даңазалоо, калыстык уюткусун түзгөн ата уулдар өкүлдөрүн ынтымакка, биримдикке чакыруу. Ошону менен бирге эл үлгүлүү жүрүш-туруш, мыкты салттардын элестүү мисалдарына таянуу менен калктын бардык муундарына, айрыкча, жаштарга таалим-тарбия берүү.

Чындыгында эле «Манас» эпосунун бүгүнкү күндө жаш муундардын рухий тарбиясы үчүн да илимий-билим алуудагы тарбиясы үчүн да ат көтөргүс зор мааниси бар экендигин эч ким тана албайт [1].

Бирок, азыркы глобалдашуунун жана массалык маданияттын агрессивдүү чабуулдарынын шарттарында кыргыздардында улуттук өзүн-өзү сактап калуу аракети колго алынышы керек.

Биздин билим берүү системабыз мекенчил, өз эли- жерин көздүн карегиндей сактаган, улуттук баалуулуктарды, барктай билген, каада-салттарыбызды урматтап, колдоп жүргөн атуулдарды окутуп тарбиялоого өзгөчө көңүл бурушу зарыл.

Кыргыз эл жазуучусу деген ардактуу наамдын ээси, филология илимдеринин доктору, профессор, кыргыз элинин чыгаан уулу Советбек Байгазиевдин «Манас» эпосун мектептерде тереңдетип окутуу маселесин көп жылдардан бери көтөрүп келе жаткандыгы, бизди өтө кубандырат жана агайдын ишин өркүндөтүүгө шыктандырат [2].

Ооба, «Манасыбызда» баарынан мурда, биринчи иретте Ата Журт ыйык, анын боштондугу, эркиндиги, көз карандысыздыгы, улут биримдиги, элдин ар - намысын ойлогон эр жигиттин намыскөйлүгү ыйык. Эл-жерин сактоо, аны коргоо үчүн күн тынымын, түн уйкусун көрбөгөн ак эмгек, адал мээнет.

Акылман Бакай карыянын:

«Бөлүнбө кыргыз, бөлүнбө,
Бөлүнсөң бөрү жеп кетет.
Бөлүнүп калды кыргыз деп,
Бөлөк элге кеп кетет»,-деп Манас баатыр баш болгон бардык кошуунга айтып жаткан акыл-насааты;

«Алты сан алган турганда,
Ыйык кыргыз жеримди,
Душмандын буту баскыча,
Асыл кыргыз элимди,
Тебелетип бөтөнчө,
Кор кылып карап жаткыча,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн!»- деген Манас баатырдын анты дал бүгүнкү күндө жаш муундарды патриоттуулукка тарбиялоодо эң актуалдуу бойдон калууда.

З.Г. Мадмуратова "Манас" эпосу аркылуу жаштарды гумандуулукка тарбиялоо деген эмгегинде: "Эпосто патриотизм, сүйүү, достук, боорукердик, марттык, айкөлдүк жана башка адам баласындагы көптөгөн сапаттар бир гана сөз менен адамгерчилик деген түшүнүк менен бириктирилет. Эпос адамгерчиликтин туусун көтөрүп, ырын ырдап, аны бийик пафосто даңазалайт. Анда баяндалган ар бир иш-аракеттер жаштарды турмуштун татаал жолунда такшалуу, жарык менен караңгынын, өмүр менен өлүмдүн, ак менен каранын, жыргал менен кууралдын, жакшы менен жамандын, достук менен кастыктык айырмасын даана таанып, туура баалап, сезе билүүгө мүмкүндүк берет", - деген ойлорун жазат [3].

Ал эми, Н.И. Тахирова «Манас таануу» курсун окутуунун мааниси деген эмгегинде «Азыркы жаштарды ата-бабалар жараткан, сактап келген жана бизге өткөрүп берген баалуу мурастардын, анын башында турган «Манас» эпосунун негизинде тарбиялоо биринчи кезекте – кыргыз элинин тарыхый басып өткөн жолу менен тааныштырса; экинчиси – улуттук маданияттын өлбөс-өчпөс мурасын, дүйнөлүк эпикалык өнөрдөгү шедевр чыгарманы жараткан көркөм ойлоо деңгээлинин бийиктигин көрсөтөт; үчүнчүсү – эпосту үйрөнүү менен жаштар кыргыз тилинин баа жеткис байлыктарына, лексикалык, стилистикалык бай коруна сүңгүп кирет; төртүнчүсү – чыгармадагы окуялардан, каармандардан өз турмушуна жол табууга аракет кылып, өзүнө жакын образдарды табат»- деген ойлорун айткан [4].

«Манастын мындай асыл кенчтерин санай берсе көп. «Манаста» жашоого тирек боло турган моралдык этикалык дөөлөттөрдүн бүтүндөй бир системасы чөгүп жатат».

Жаштардын акыл- сезимдерине улуу дастандын идеяларын сиңирип, өз жашоолорунда ачык көрсөтө билүүнү башталгыч класстардан эле эмес, балдар бакчаларынан баштап, калыптандырып, улам өстүрүп, өнүктүрүүсү зарыл. Мына ошол «Манас» эпосундагы патриоттук, жамааттык улуу сезимдерди мектеп окуучуларынын аң-сезимине сиңдирүү үчүн азыркы Кыргыз Республикасында балдарды мектепке даярдоо курстарынан тартып башталгыч класстарда жана жогорку класстарда эпостогу окуялардан чакан үзүндүлөр берилсе демекчимин.Ал үчүн окутуп тарбиялоонун усулдарын, атайын окуу китепчелерин иштеп чыгуу зарыл.

«Манас» дастанын жаш бөбөктөргө ылайыкташтырып, алар үчүн окуп- түшүнүүгө жеңил да, кызыктуу да кылып, түстүү сүрөттүү китепчелерди жазып, басып чыгаруу- бүгүнкү күндүн талабы. Себеби балдар «Манас» жомогун угуп отуруп, андагы каармандарга аралашып, кадимкидей көз алдыларына элестетип, таасирленишет.

Ошентип, аларда Мекенине болгон патриоттук улуу сезимдер пайда болот, калыптанат жана күч алат.

Республика боюнча жылына орто мектептерди орточо 70-80-миңдей окуучу аяктайт. Алардын баарына эле «Манас» эпосунун маанисин жеткирүү кыйын. Орто мектепти бүтүрүп жаткан ар бир миң окуучунун бирөөнө, башкача айтканда элүү эле окуучунун акыл-сезимине толук жеткирип, жүрөгүнөн түнөк таптыра алсак, чоң утушка ээ болуп, «Манас» эпосу түбөлүк жашап калаар эле. Ошондой эле, «Манас» эпосун үйрөнүүнүн, сактоонун, коргоонун, бүткүл дүйнө элине даңазалоонун башка да көптөгөн жолдору бар [5].

Манас» эпосун классикалык эпостун бийик үлгүсүндөгү адабий көркөм чыгарма катары эле эмес, рух дөөлөтү, улут мурасы, ар тараптуу билим алуунун, тарбия берүүнүн энциклопедиясы катары да окутуп-үйрөтүү зарыл.

**Жыйынтыктар:**

1. Илимий макаланын жыйынтыгында башталгыч класстын окуучуларын "Манас" эпосунун негизинде ынтыкмактуулукка жана патриоттуулукка тарбиялоочу түбөлүктүү идеяларды, мектеп окуучуларынан баштап аң-сезимине сиңирүү, баалуу мурастарыбызды сактоо, тарбиялоо тууралуу айтылды;

2. "Манас" эпосун окутууга көңүл бурулду, «Манас таануу» сабагын мектептерде тереңдетип окутуунун мааниси, маселеси максаты азыркы учурдагы көйгөйлөрү жана аларды чечүүнүн жолдору сунушталды.

**Колдонулган адабияттар:**


1. **Имаралиева, Ж.Р.** «Манас» эпосу жана илим маселеси [Текст] / Ж.Р. Имаралиева // Вестник Ошского государственного университета.- Ош: ОшГУ, 2019.- №3. - С. 110-113.
2. **Байгазиев, С.** Кыргыз адабияты: орто мектептин XI-класстары үчүн окуу китеби [Текст] / [С. Байгазиев, К. Артыкбаев, К. Иманалиев ж.б.].- Бишкек: Билим компютер, 2013. - 252 б.
3. **Мадмуратова, З.Г.** "Манас" эпосу аркылуу жаштарды гумандуулукка тарбиялоо [Текст] / З.Г. Мадмуратова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.- Бишкек,2016.- № 8.- 120 б.
4. **Тахирова, Н.И.** «Манас таануу» курсун окутуунун мааниси [Текст] / Н.И.Тахирова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.- Бишкек, 2019.- №1. -138 б.
5. **Максутов, Б.** «Манас» эпосу жана манасчылар [Текст] / Б. Максутов.- Бишкек, 2017.-14 б.
6. **Ажыбаев, К. М** Манастаануу [Текст] / К.М. Ажыбаев // Окуу - усулдук комплекс.- Б.: Эл аралык башкаруу, укук, каржы жана бизнес академиясы, 2015.- 18 б.
7. **Укуева, Б.К.** Искусство сказания эпоса Манаса и ее секреты [Текст] / Б.К. Укуева // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2016. - №3,4. – С. 72 – 77.
8. **Алибекова, У.Б.** Научно-методические основы обучения курса манасоведения в средних школах [Текст] /У.Б. Алибекова // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2018. - № 1. – 96 с.
9. **Байиева, Б.А.** Особенности обучения эпоса «Манас» в средних профессиональныхи высших учебных заведениях [Текст] / Б.А.Байиева, Б.Т.Баитова // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2017. - №3,4. – С. 67-71.


DOI: 10. 54834 / 16945220_2021_3_99

Поступила в редакцию 07. 10. 2021 г.

**УДК 811.2**

***Пазилова Т. Ж.***

*ст. преп. Кыргызско-Узбекского Междун. универ. им. Б. Сыдыкова,*

*Кыргызская Республика*

## КЫРГЫЗ ЖАНА АНГЛИС ТИЛДЕРИНДЕГИ ЖАРДАМЧЫ ЭТИШТЕРГЕ САЛЫШТЫРМА ТИПОЛОГИЯЛЫК АНАЛИЗ

*Макалада изилдөөнүн предмети катары кыргыз жана англис тилдериндеги жардамчы этиштер каралат. Изилдөөнүн негизги максаты эки тилдеги жардамчы этиштерди типологиялык айырмачылыктары изилденет. Негизинен изилдөөдө салыштырма, талдоо жүргүзүү методдору колдонулган. Кыргыз жана англис тилдериндеги жардамчы этиштер*

*колдонулушу жагынан активдүү бирок алардын маанисине карай бөлүнүшү жана грамматикалык жактан аткарган функциясы ар түрдүү. Изилдөөнүн натыйжасында кыргыз жана англис тилдериндеги жардамчы этиштер ортосунда чоң айырмачылык бар экени салыштырып көргөзүлгөн. Англис тилинде лексикалык мааниге ээ болгон жардамчы этиштердин ичинен төмөнкүлөр айырмаланат: to be, to have, to do. Бул этиштер учур чак жана өткөн чактардын (Present and Past Indefinite) жай сүйлөмдөрүнөн башка бардык чактарда колдонулушу мүмкүн. Англис тилиндеги жардамчы этиштер кыргыз тилиндеги жардамчы этиштер менен типологиялык жактан окшош эмес, ошондой эле жардамчы этиштердин жасалышы жагынан да айырмачылыктары бар. Кыргыз тилиндеги жардамчы этиштер булар татаал этиштерди формаларын түзүүгө жардам берген, бирок өзүнүн лексикалык маанисине ээ болбогон жана чактын, жактын жана сандын көрсөткүчү катары гана кызмат кылган этиштер экени аныкталды. Макалада жардамчы этиштер кыргыз жана англис тилдеринде жалпысынан салыштырылып каралды, теманы тереңирээк изилдөөдө англис тилиндеги жардамчы этиштерди ар бир чактарда, туюк мамиледе жана ыңгайда тереңирээк мисалдар аркылуу изилдеп салыштырылып кароого муктаж. Изилдөөнүн натыйжасын кыргыз жана англис тилдерин окутууда алардын өзгөчөлүктөрүн салыштырууда жана салыштырма типологиялык курс сабактарында колдонууга болот.*

***Негизги сөздөр:*** *жардамчы этиштер; негизги этиш; семантикалык этиш; лексикалык маани; негизги компонент; тил илиминде; структура; чактар; ыңгай; мамиле.*

## СРАВНИТЕЛЬНАЯ ТИПОЛОГИЯ ВСПОМОГАТЕЛЬНЫХ ГЛАГОЛОВ В КЫРГЫЗСКИХ И АНГЛИЙСКИХ ЯЗЫКАХ

*В данной работе предметом исследования является вспомогательные глаголы в кыргызском и английском языках. Основная цель исследования - изучить типологические различия вспомогательных глаголов двух языков. В исследовании использовались в основном сравнительные и аналитические методы. Вспомогательные глаголы в кыргызском и английском языках активно употребляются, но у них различаются деление по своему значению и грамматической функцией. Результаты исследования показывают, что существует большая разница между вспомогательными глаголами в кыргызском и английском языках. Среди вспомогательных глаголов, имеющих лексическое значение в английском языке, выделяют следующие: to be, to have, to do. Эти глаголы могут использоваться во всех временах, кроме предложений в настоящем и прошедшем времени ( Present and Past Indefinite). Вспомогательные глаголы в двух языках типологически не похожи, а также существуют различия в образовании вспомогательных глаголов в английском и кыргызском языках. Вспомогательными глаголами в кыргызском языке оказались глаголы, которые помогали образовывать сложные глаголы, но не имели собственного лексического значения и служили лишь показателем времени, лица, числа. В статье сравниваются вспомогательные глаголы в кыргызском и английском языках в целом, а при углубленном изучении темы необходимо изучать и сравнивать вспомогательные глаголы в английском языке в разное время, в страдательном залоге и наклонение с помощью более подробных примеров. Практическая значимость результатов работы заключается в возможности применения ее в лекционных курсах, семинарских занятиях по сравнительной типологии.*

***Ключевые слова:*** *вспомогательные глаголы; основной глагол; семантические глаголы; лексические значение; основной компонент; языкознании; структура; время; наклонение; залог.*

## COMPARATIVE TYPOLOGY OF AUXILIARY VERBS IN KYRGYZ AND ENGLISH LANGUAGES

*In this work, the subject of research is the auxiliary verbs in Kyrgyz and English languages. The main goal of the research is to study the typological differences of auxiliary verbs of the two languages. In this research mainly used comparative and analytical methods. Auxiliary verbs in Kyrgyz and English languages are usually actively used, but their divisions are different in their meaning and grammatical function. The research results show that there is a big difference between the auxiliary verbs in Kyrgyz and English. Among the auxiliary verbs that have lexical meaning in the English language, the following are distinguished: to be, to have, to do. These verbs can be used in all tenses, except for sentences in the present and past tense (Present and Past Indefinite). Auxiliary verbs in the two languages are typologically*

*different, and there are differences in the formation of auxiliary verbs in English and Kyrgyz. Auxiliary verbs in the Kyrgyz language turned out to be verbs that helped to form complex verbs, but did not have their own lexical meaning and served only as an indicator of tense, person and number. The article compares the auxiliary verbs in Kyrgyz and English in general, and with an in-depth study of the topic, it is necessary to study and compare auxiliary verbs in English at different times, in the passive voice and mood with the help of more detailed examples. The practical significance of the results of the work can be used in lecture courses, seminars on comparative typology.*

***Key words:*** *auxiliary verbs; main verb; semantic verb; lexical meaning; main component; linguistics; structure; tense; mood; voice.*

Татаал этиштер адатта эки же андан көп түгөйлөрдөн туруп, кыймыл аракеттик маани ар дайым биринчисине, негизги этишке таандык болот. Акыркы түгөй болуп келген этиш сөздүн өзүнүн нукура лексикалык мааниси солгундап, көпчүлүк учурда биротоло жоголуп да кетет.Ошондуктан буларды жардамчы (көмөкчү) этиштер дейбиз. Жардамчы этиштер негизги этиштердин маанисине тактык, кандайдыр толуктоо алып келет да, грамматикалык маанилерди туюндурууга жардам берет: *тура тур, келе жатат, сүйлөй бер, уктап кетти*. Ошентип, татаал этиштин тутумундагы нукура этиштик маанини толук сактап турган сөз негизги, ал эми этиштик мааниси солгундап же биротоло жоголуп, негизги этиштин маанисине толуктоо алып келген сөз жардамчы этиш деп аталат [1].

Татаал этиштин курамында туруп, негизги этиш билдирген түшүнүктү грамматикалык маани жагынан толуктоо катарында айтылуучу этиштер жардамчы этиштер деп аталат. Тил илиминде жардамчы этиштер өз алдынча тилдик бирдик катары ар тараптан толук түрдө изилдөөгө алынган эмес. Алар дайыма татаал этиштин курамында, кошумча компонент катары изилденип келе жатат. Бул көрсөткүчтөр жардамчы этиштердин табияты, алардын көтөргөн функционалдык жүгү али да жетишээрлик деңгээлде изилденбегендигин көрсөтүп турат. Алардын ичинен өзгөчө жардамчы этиштердин стилдик өзгөчөлүктөрү, көркөм кепте, тексте колдонулуу стилистикасы кенен каралып колго алына элек.

Түрк тилдери боюнча жазылган грамматикаларда татаал этиштерге негизги этиш жана жардамчы этиш, атооч+жардамчы этиштен түзүлгөн бирдик катары аныктама берилип жүрөт. Мындай шарт бүгүнкү күнгө чейин татаал этиштер менен этиштин аналитикалык формаларынын аныктамаларынын так эместигин көрсөтөт.

Этиштин аналитикалык формаларын татаал этиштерден бөлүп карасак, анда ал тууралуу атайын изилдөөлөр талап кылынат. Мындай изилдөөлөр татаал этиштин статусун, анын пайда болушунда жардамчы этиштин функциясын ачып берүүгө, анын структуралык – семантикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоого жардам берет.Татаал этиш сөздөр эки же андан көп уңгудан туруп, бир гана кыймыл-арекетти же ал-абалды билдирет тосуп чык-, ойлоп тап-, чаап жатат-, коштоп жүр-, баш бак-, кол кой-, алдан тай-, тарс эт-, тартып бар ж.б. [1]. Татаал этиштердин сөз жасоочу элементтери белгилүү лексикалык мааниге ээ болгон сөздөр болуп саналат. Татаал этиштин структурасында кайсы сөз түркүмүнөн жасалгандыгына карай атооч + этиш, же болбосо этиш + этиш моделиндеги айкаштар болот. Татаал этиштин семантикасы аны түзүп турган компоненттердин лексикалык маанисинен түзүлөт. Бирок мындан татаал этиштердин семантикасыны түзүп турган компоненттердин маанисинин суммасы деген жыйынтык чыгарууга болбойт.Татаал этиштердин грамматикалык маанилерин анын тутумундагы көмөкчү жардамчы этиштер уюштурат. Алар дайыма татаал этиштин экинчи түгөйү болуп түшөт. Ал эми биринчи түгөй болуп негизги этиштер, атооч сөздөр же тууранды сөздөр кызмат кылат.

Жардамчы этиштердин изилденүү тарыхы жөнүндө сөз болгондо, алардын табияты тууралуу маселе да чогуу изилденүүсү керек. Себеби тил илиминде жардамчы этиштердин табияты талаш туудурган маселелердин бири. Окумуштуулардын кээ бирлери жардамчы этиштерди толук маанилүү сөзгө кошумча маани берүүчү грамматикалык көрсөткүч катары карашса, кээ бирлери татаал этиштин курамындагы тең укуктуу компонент катары эсептешет. Мисалы, орус окумуштууларынын басымдуу бөлүгү этиштерди морфема катары эсептешет. Белгилүү орус тилчиси Ф.Фортунатов жардамчы этиштерди кызматчы сөз катары карап, ага мындай аныктама берген: ”такие слово, имеющие форму, которое своими формами изменяет значение форм другого, полного слова образует новые формы полного слова, соотносительные по значению известными простыми формами полного слова”[2]. Демек, Ф.Фортунатов жардамчы этиштер менен айкашканда толук маанилүү сөздөрдүн формасынын сапаттык жактан өзгөрүшүн белгилеп, бул айкаштарды өз алдынча морфологиялык бирдик катары кароону сунуш кылат.

Ал эми, А. Шахматов жардамчы этиштин грамматикалык мүнөздөмөсүнө көбүрөөк басым жасаган. Ал жардамчы этиштерди өзгөчөлүктөрүнө карап, эки топко бөлгөн: 1) лексикалык маанисин жарым-жартылай жоготкон жардамчы этиштер; 2) лексикалык маанисин толук жоготуп, толук маанилүү сөздүн грамматикалык манисин аныктоо кызматын аткарган жардамчы этиштер [3]. Ушул эле пикирди академик В. Виноградов дагы колдогон.

И. Мещанинов көпчүлүк тилчилер сыяктуу эле жардамчы этиштерди алгачкы лексикалык маанисин жоготкон грамматикалык мүнөзгө ээ морфема катары мүнөздөгөн. Жардамчы этиштерге мүнөздүү негизги белги катары, алардын лексикалык маанисин толук же жарым жартылай жоготушун, ошондой эле грамматикалык маанисин билдиришин эсептеген [4] ( Мещанинов 1949, 158-161).

Чындыгында, жардамчы этиштер аткарган функциясы жагынан сөз жасоочу мүчөөлөргө окшоп кетишет. Бирок мүчөлөрдөн айырмаланып, ал өз алдынча колдонулат. Кыргыз тилинде бул категория татаал этиштин курамындагы биринчи компонент менен тең укукта каралышы зарыл. Себеби, татаал конструкция берген маани эки компоненттин маанилеринин ширелишинен түзүлөт.

Жардамчы этиштер сүйлөм тизмегинде өзүнчө сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарбайт, бул касиетке ал өзүнүн алдындагы негизги компонент менен бирге алынганда гана жетишет. Ушул белги ар кандай этиш сөздөрдүн өз алдынчалыгын, же алар татаал этиштин курамындагы жардамчы компонент экендигин аныктоочу белги болуп эсептелет. Кыргыз тилинде –а//-е//-й, -ып, -ганы формаларындагы чакчылдар менен айкашканда баштапкы лексикалык маанисинин ордуна мезгил менен мейкиндикте кыймыл - аракеттин өтүшүнүн ар түрдүү мүнөзүн билдирүүгө жөндөмдүү болгон гана этиштер жардамчы этиш боло алат.

Чакчыл формалардын ичинен –а// -е //-й, -ып//-ганы мүчөсү жалаң гана чакчылдарды уюштурбастан, аналитикалык формадагы татаал этиштерди да уюштурат. Мындай учурда татаал этиштин биринчи компоненти атоочтордон болот, ага жардамчы этиштер кошулат: жардам кылды, кулак сал, алып кел.

Кыргыз тилинде *эле, экен, де, ий, ир, эт, тура* деген жардамчы этиштер түпкү маанилеринен четтеп, нагыз жардамчы этишине айланып кетишкендигин А. Турсунов белгилеп кеткен. (А. Турсунов, Классикалык изилдөөлөр, 2017,403).

Чындыгында, аналитикалык формадагы этиштердин биринчи жана экинчи компоненти тең этиш сөздөрдөн болсо, ал компоненттер бири-бири менен –ып, -а, -й,-ганы чакчыл фомаларынын жардамы менен байланышат айта бер, ала кел, барганы жатам ж.б.

Жардамчы этиштердин табиятын ачып берүү үчүн алардын өзгөчөлүктөрүн ачып берүү зарыл. Ал эми англис тилине мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөр төмөнкүлөр.

Этиш – бул эң маанилүү сөз түркүмдөрүнүн бири болуп, кыймыл -аракетти же абалды процесс катары билдирген сөздүн бир бөлүгү. Бул ар кандай тилдерде ар кандай грамматикалык категорияларга ээ, алардын ичинен чак, жак,сан, ыңгай, жана мамиле мүнөздүү. Сүйлөмдөгү этиштин негизги синтаксистик функциясы баяндооч (предикат) болуу. Англис тилиндеги бардык этиштер кандай мааниге ээ экендигине жана анын кандайдыр бир мааниге ээ экендигине жараша үч топко бөлүнөт: семантикалык этиштер (смысловые глаголы-notional verbs), жарым көмөкчү этиштер (служебные- semi-auxiliary verbs) жана жардамчы этиштер (вспомогательные глаголы – auxiliary verbs).

Англис тилиндеги жардамчы этиштер – бул жардамчы этиштердин жардамы менен татаал этиштердин саны түзүлөт. Жардамчы этиштердин өзүнүн лексикалык мааниси жок (баары эмес) алар чактын, ыңгайдын жана мамиленин көрсөткүчү катары кызмат кылат, кээ бир учурларда – алар колдонулган семантикалык этиштин жагын, санын көрсөтөт.

Англис тилинде негизги этиш менен келген жардамчы этиш негизги этиштин маанисин өзгөртүп аны төмөнкү формалардын бирине айландырат туюк мамилеге, прогрессивдүү формага, модалдык же фразалык бирдикке бириктирет.

Англис тилинде ар бир сүйлөм негизги этиштен жана бир же бир нече жардамчы этиштен туруусу мүмкүн. Мисалы: write - жазуу (жардамчы этиш жок), have written ( бир жардамчы этиш бар), have been written- жазылган (эки жардамчы этиш бар). Негизги (семантикалык) этиштердин жардамчыдан айырмасы, алар өзүнүн лексикалык маанисине ээ жана сүйлөмдө жөнөкөй оозеки предикаттардын ролун ойнойт. – I like this play. Мага бул спектакль жагат (сыяктуу предикат функциясында "жактыруу" деген маанини туюнткан семантикалык этиш).

Англис тилинде төмөнкү жардамчы этиштер колдонулат:

- to be (am, is, are, was, were, been);
- to do (do, does, did);
- to have (have, has, had).

Англис тилинин жардамчы этиштеринин касиеттерине төмөнкүлөр кирет:

1. Жардамчы этиштер өз алдынча мааниге ээ эмес, алар чакты , жакты жана мамилени көрсөтүүчү катары кызмат кылат;
2. Этиштин чактарын түзүүгө катышат грамматикалык маанилерди гана туюндурат алар ар кандай грамматикалык маанилерди гана билдиришет, кыймыл арекеттерди семантикалык этиштер туюндурат, ал эми алар жардамчы этиштер менен айкалышта колдонулат;
3. Этиштин татаал жаксыз формаларын түзүү үчүн кызмат кылат;
4. Алар басымсыз колдонулат (эскертүү эгер алар мурдакы этишти кайталабоо үчүн колдонулганда же сүйлөөчү семантикалык этиш менен билдирилген кыймылдын маанисин баса белгилегиси келген учурларды кошпогондо);
5. Жардамчы этиштер негизги семантикалык этишсиз колдонулбайт;

6. Жардамчы этиштер модалдык этиштер менен дагы колдонулушу мүмкүн эмес;
7. Жардамчы этиштер терс сүйлөмдөрдү түзүү үчүн колдонулат;
8. Жардамчы этиштер суроолуу сүйлөмдөрдү түзүү үчүн колдонулат;
9. To be, to have этиштери модалдык мааниде да колдонулат андан сырткары to be, to do этиштери семантикалык этиштер катары да колдонулат.

Чет тилин кыргыз тилдүү аудиторияда окутуунун бирден бир оор, чечилгис суроолорунун бири болуп англис тилинин спецификалык өзгөчөлүгүн эске алуу саналат. Үйрөнүүчү чет тилин үйрөнүүдө бул эки тилди салыштыруу менен окшоштуктарын жана айырмачылыктарын даана баалай алат. Бир жагынан, англис жана кыргыз тилдери тилдин ар түрдүү группаларына карайт жана грамматикалык түзүлүшү жагынан да бири биринен айырмаланып турат. Англис тили менен кыргыз тилиндеги жардамчы этиштерди салыштырып окутууда эне тили менен салыштыруунун ролу эмнеде? Жардамчы этиштер кыргыз тилинде англис тилиндегидей грамматикалык өзгөчөлүктөрү жок деп айта албайбыз. Эки тилдин грамматикалык өзгөчөлүктөрү формасы, мааниси жагынан бир аз гана дал келет, башкача айтканда толук эмес аналогия бар.

## Жыйынтыктар:

1. Англис тилиндеги бардык чактардын суроолуу жана терс сүйлөмдөрү жардамчы этиштердин жардамы менен түзүлөт. Жардамчы этиштер сүйлөмдө эч кандай семантикалык жоопкерчиликти аткарбайт алар грамматикалык максаттар үчүн гана колдонулат. Англис тилинде лексикалык мааниге ээ болгон жардамчы этиштердин ичинен төмөнкүлөр айырмаланат: to be, to have, to do. Бул этиштер учур чак жана өткөн чактардын (Present and past Indefinite) жай сүйлөмдөрүнөн башка бардык чактарда колдонулушу мүмкүн;

2. Жардамчы этиштер булар татаал этиштерди формаларын түзүүгө жардам берген, бирок өзүнүн лексикалык маанисине ээ болбогон жана чактын, ыңгайдын мамиленин көрсөткүчү катары гана кызмат кылган этиштер экени аныкталды;

3. Англис тилиндеги жардамчы этиштер кыргыз тилиндеги жардамчы этиштер менен типологиялык жактан окшош эмес, ошондой эле жардамчы этиштердин жасалышы жагынан да айырмачылыктары бар.

## Колдонулган адабияттар:


1. **Абдувалиев, И.** Кыргыз тилинин морфологиясы [Текст] / И.Абдувалиев. – Б.: Илим, 2008.- 284 с.
2. **Абдувалиев, И.** Кыргыз тили: морфология боюнча лекциялар курсу [Текст] / И.Абдувалиев. – Б.: Илим, 2003.- Б. 104 - 150.
3. **Фортунатов, Ф.Ф.** Избранные труды. Том 1 [Текст] / Ф.Ф. Фортунатов.- М.: Государственное учебно - педагогическое, 1956. - 178 с.
4. **Шахматов, А.А.** Синтаксис русского языка [Текст] / А.А. Шахматов. - М.: Флинта наука, 1956.- 466 с.
5. **Мещанинов, И.И.** Глагол [Текст ] / И.И. Мещанинов. – М.: Академии наук СССР, 1949. - С.158-161.
6. **Турсунов, А.Ж.** Классикалык изилдөөлөр [Текст] / А.Ж. Турсунов. - Б.: Илим, 2017. - 403 с.
7. **Токтоналиев, Т.** Кыргыз жана корей тилдериндеги жардамчы этиштердин салыштырма типологиясы [Текст] / Т. Токтоналиев // Вестник Кыргызстана. - Бишкек, 2018. - №1. - С. 132-137.

8. **Заирова, А.А.** Кыргыз жана өзбек тилдериндеги жардамчы этиштер [Текст] / А.А. Заирова // Наука. Образование.Техника.- Ош: КУУ, 2019. - №3 (66). - С.81- 85.

DOI: 10. 54834 / 16945220_2021_3_103

Поступила в редакцию 12. 10. 2021 г.

**УДК 809.434.1.(575.2)(043.3)**

***Заирова А.Р.***

*аспирант Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## КЫРГЫЗ ЖАНА ӨЗБЕК ТИЛДЕРИНДЕ «БЕР» ЖАРДАМЧЫ ЭТИШИНИН КОЛДОНУЛУШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Бул макалада изилдөөнүн предмети катары кыргыз жана өзбек тилдериндеги "бер" жардамчы этиш сөзүнүн колдонулуу өзгөчөлүктөрү каралат. Изилдөөнүн негизги максаты эки тилдеги оозеки жана жазуу кебинде "бер" жардамчы этиш сөзүнүн айтылышы жана жазылышына анализ жүргүзүү болду. Айрым этиш сөздөр кыргыз жана өзбек тилдеринде негизги этиштик мааниде да, жардамчы этиштик мааниде да колдонула берет. Мындай этиш сөздөр баштапкы абалында ар бири өзүнө тиешелүү болгон кыймыл-аракетти туюндурса, ал эми жардамчы этиш катары татаал этиштин тутумунда келгенде негизги этишке кошумча маани тартуулап, өзүнүн баштапкы маансинен толук же жарым-жартылай ажырап калат. Макалада салыштырма-типологиялык талдоо жүргүзүлүп, кыргыз жана өзбек тилдериндеги жардамчы этиштердин маанилик жактан окшоштуктары жана айырмачылыктары каралды. Изилдөөнүн жыйынтыгында кыргыз тилиндеги "бер" этиш сөзүнүн эки тилде тең татаал этиш сөздөрдүн тутумунда негизги этиш сөз катары да, жардамчы этиш катары да активдүү колдонулаары аныкталды жана өзбек тилинде жардамчы этиш сөз катары келгенде тыбыштык жактан өзгөрүүгө учураганын көрдүк. Изилдөөнүн натыйжасы өзбек тилдүү студенттерге кыргыз тилинин практикалык курсун окутууда колдонууга сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *негизги этиш; сөз түркүмү; семантика; этиштин тутуму; чакчыл; семантикалык маани; кыймыл-аракет; түшүндүрмө сөздүк; лексика; морфология.*

## ОСОБЕННОСТИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ВСПОМОГАТЕЛЬНОГО ГЛАГОЛА "БЕР" В КЫРГЫЗСКОМ И УЗБЕКСКОМ ЯЗЫКАХ

*В данной статье предметом исследования является особенности использования вспомогательного глагола "бер" в кыргызском и узбекском языках. Основная цель исследования анализировать произношения и написания вспомогательного глагола "бер" в двуязычной устной и письменной речи. Некоторые глаголы используются в кыргызском и узбекском языках как в основном, так и во вспомогательном смысле. Такие глаголы в своем исходном состоянии выражают действие, принадлежащее каждому из них, но когда они входят в качестве вспомогательных глаголов в системе сложных глаголов, они придают дополнительное значение основному глаголу и полностью или частично теряют свое первоначальное значение. В статье проводится сравнительно-типологический анализ семантических сходств и различий между схожими глаголами в кыргызском и узбекском языках. В итоге выявлены, что глагол «бер» активно используется в обеих системах сложных глаголов как в качестве основного, так и вспомогательного глагола и когда используется в качестве вспомогательного глагола в узбекском языке произойдет фонетические изменения. Результаты исследования рекомендуются к использованию в обучении практического курса кыргызского языка узбекоязычным студентам.*

***Ключевые слова:*** *основной глагол; часть речи; семантика; состав глагола; причастие; смысловое значение; движение; толковый словарь; лексика; морфология.*

# FEATURES OF THE USE OF THE AUXILIARY VERB "BER" IN THE KYRGYZ AND UZBEK LANGUAGES

*In this article, the subject of research is the features of the use of the auxilarry verb "ber" in the kyrgyz and uzbek languages. The main objective of the study is to analyze the pronunciation and spelling of the auxilarry verb "ber" in bilingual speech and writing. Some verbs are used in the Kyrgyz and Uzbek languages both in the main and in the auxiliary sense. Such verbs in their original state express an action belonging to each of them, but when they enter as auxiliary verbs in the complex verb system, they give additional meaning to the main verb and completely or partially lose their original meaning. The article provides a comparative typological analysis of semantic similarities and differences between similar verbs in the kyrgyz and uzbek languages. As a result, it was revealed that the verb "ber" is actively used in both systems of complex verbs both systems of complex verbs both as a main and auxilarry verb, and when it is used as an auxilary verb phonetic changes will occur. The results of the study are recommended for use in teaching practical course of kyrgyz language to uzbek speeking students.*

**Key words:** *main verb; Part of speech; semantics; the composition of the verb; participle; semantic meaning; movement; explanatory dictionary; vocabulary; morphology.*

Түркий тилдердин дээрлик баарында кездешип, бирдей кыймыл-аракеттик маанини билдирген этиш сөздөр арбын. Ошондуктан салыштырылып жаткан кыргыз, өзбек тилдериндеги этиш сөздөрдүн бирдейлиги көп. Тектеш тилдер үчүн мындай көрүнүш мыйзам ченемдүү болуп эсептелет. Анткени этиш сөздөрдүн башка тилдерден кабыл алынышы өтө сейрек болуп, дээрлик кабыл алынбайт. Ал эми генеологиялык жактан тектеш тилдердин тектештик белгилеринин бири алардагы этиш сөздөрдүн бирдей экендигинде болуп саналат.

Ушул убакка чейинки изилдөөлөрдүн негизинде этиштер түзүлүшү боюнча жөнөкөй жана татаал этиштер болуп бөлүнүп келет. Кыргыз тилинде татаал этиштер үч топко бөлүнүп каралып келе жатат: этиш түгөйлүү татаал этиштер, атооч түгөйлүү татаал этиштер жана тууранды сөз түгөйлүү татаал этиштер [1. 143-144-б.]. Биз бул макалада мына ошолордун ичинен этиш түгөйлүү татаал этиштерге гана бир аз иликтөө жүргүзөбүз. Кыргыз тилинде татаал этиштер маселеси, алардын тутумундагы сөздөрдүн жазылышы жана айтылышы боюнча бирдиктүү илимий пикир жокко эсе. Мисалы айрым татаал этиштердин тутумундагы жардамчы этиш сөздөр негизги этишке биригип айтылып жана жазылып калган учурлар кездешет. Жазуунун эрежесинде, кыргыз тилинин орфографиялык эрежесинде экөөнө тең жол берилген. Ошон үчүн этиштин тутумундагы сөздөрдү негизги жана жардамчы кылып бөлүп кароодо татаал этиштин тутумундагы негизги сөзгө биригип кеткен жардамчы этишти ажыратып алуу бир аз кыйынчылыкты жаратат [11, 81-85].

Кыргыз тилинде этиш түгөйлүү татаал этиштердин уюшулушунда жардамчы этиштер негизги ролду ойнойт. Жардамчы этиштер өз ара экиге бөлүнөт: нагыз жардамчы этиштер жана оошмо жардамчы этиштер [12, 78-84]. Мында оошмо жардамчы этиштер көмөкчү мааниде колдонулуу менен бирге, өзүнүн лексикалык маанисинде да колдонула берет (*жат-, отур-, тур-, жүр-, сал-, жибер- (ий), кой-, көр-, бер-, ал-, түш-, чык-, кал-, кел-, кет-, ташта-* ж.б.). Ал эми нагыз жардамчы этиштер (*экен, эмес, эле, бекен, беле, ий, ир* ж.б.) сүйлөөчүнүн айткан сөзүнүн мазмунуна карата болгон мамилени көрсөтөт (тактоо, таңдануу, шектенүү, күмөндөр болуу, аныктыгын билүү ж.б.)

Кыргыз жана өзбек тилдериндеги айрым оошмо жардамчы этиштердин семантикалык жана грамматикалык маанилерин салыштыра кетсек, жогоруда айтылып кеткендей, айрым этиш сөздөр кыргыз жана өзбек тилдеринде негизги этиштик мааниде да, жардамчы

этиштик мааниде да колдонула берет. Андай этиш сөздөрдүн катарына *кел-, бер-, ал-, жат-, тур-, отур-* этиш сөздөрү кирет. Мындай этиш сөздөр баштапкы абалында ар бири өзүнө тиешелүү болгон кыймыл-аракетти туюндурса, ал эми жардамчы этиш катары татаал этиштин тутумунда келгенде негизги этишке кошумча маани тартуулап, өзүнүн баштапкы маансинен толук же жарым-жартылай ажырап калат.

Мисалы: *Гранаталар менен куралдандыр, автомат болсо да* ***бер****! – деди. (У.А.) Ошол күнөсүн күнө эткен башын кесип келүүгө жарлык бердим!* (Т.К.*) Мен ойимларга ваъда берганман.* (У.Х.) Мисалдарда ***бер-*** деген этиш сөз кыргыз тилинде да, өзбек тилинде да негизги этиш катары келип, өзүнүн этиш маанисинде колдонулду.

*Мен барганда мени согуштан бир жолу келгендей көрүшөт, кеткенде андан бетер жаман болушат, чала үмүт болуп* ***жүрө беришсин****.(У.А.) Шаша-буша ээрге отурду да, кайрылып* ***жөнөп берди****.(Ч.А.)* Ал эми өзбек тилинде - *Ма болам, туршак еб тур, ҳозир сенга нон ёпиб бераман.(У.Х.) Шунда қизиқ ҳолат рўй беради.(У.Х.) Сен* ***тергайвер****.(Т.М.) Анварнинг Элчинга ёзган хатлари жавобсиз* ***қолаверди****.(Т.М.)* Мисалдарда ***бер-*** деген этиш сөз кыргыз тилинде да, өзбек тилинде да жардамчы этиш маанисинде колдонулду.

Ошентип *бер-* этиш сөзү кыргыз тилинде да, өзбек тилинде да негизги этиш катары келип да, ал эми жардамчы этиш катары негизги этишке жалганып келип да айтыла бере турганын көрдүк.

Бул жерде эки тилдеги бири-биринен айырмалангандык белги орфографиялык эрежелер менен гана туюндурулуп турат. Кыргыз тилинде этиштин татаал формасында жардамчы этиштер дайыма бөлөк жазылат, өзбек тилинде болсо, алар бирге жазылат. Лексика-грамматикалык маанилеринде айырмачылыктар жокко эсе.

Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө *бер-* этиш сөзүнүн төмөнкүдөй маанилери берилген: 1. Бир колдон экинчи колго узатуу, өткөрүү; 2. Колмо-кол сунуш кылуу, камсыз кылуу; 3. Сунуш кылуу, камсыз кылуу; 4. Уюштуруу; 5. Мүмкүндүк алуу, мүмкүндүк болуу; 6. Чабуу, коюп калуу, уруп жиберүү; 7. Татаал этиштин курамында кошумча маани ыйгарат [2, 666]. Мисалдар: *Журт көрүп келсин, уулуңду аманатка мага бер. (О.Ш.) Студенттер ардагерлерге белектерин беришти. Оңдой келип калды эле ал дагы тумшукка берди.*

Өзбек тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө *бер-* (*бермоқ*) этиш сөзүнүн төмөнкүдөй маанилери берилген: 1. Колуна карматуу, тапшыруу; 2. Камсыздоо, талабын кандыруу; 3. Камсыздоо, жеткирип туруу; 4. Белгилүү бир мекемеге орнотуу, киргизүү; 5. Маанай тартуулоо, арноо; 6. Басмага сунуштоо, кулактандыруу, көрсөтүү; 7. Айрым зат атоочтор менен бирге жардамчы этиш катары келет; 8. Жардамчы этиш катары чакчылдын *-ып, -п* мүчөлөрүн жалгап этиш сөз түркүмү менен келет да кыймыл-аракеттин бирөө үчүн багышталып аткарылгандыгын билдирет; 9. Жардамчы этиш катары чакчылдын *-а, -й* мүчөлөрүн жалгап келип, кыймыл-аракеттин улантылып же кайталанып жаткандыгын билдирет; 10. Татаал этиштин тутумунда негизги этиш катары келет. Мисалдар: *Кел, менга кулингни бер. Улар углини мактабка беришади. Музика дилларга ором беради. (Нури) Олмоқнинг бермоғи бор. (макал) Концерт бермоқ. Маколанинг давомини журналнинг келаси сонида берамиз [3, 104-105].*

Кыргыз жана өзбек тилдеринен келтирилген бул мисалдарда *бер-* деген этиш сөз негизги этиш маанисинде айтылды. Өзбек тилиндеги *бер-* этиш сөзүнүн семантикалык мааниси да кыргыз тилиндегидей эле экени көр үнүп турат. Сөздүктөрдө этиштердин

жардамчы этиш милдетин аткаргандагы маанилери чагылдырылбайт. Анткени жардамчы этиштердин лексикалык маанилери солгундап, көбүнчө туюндурулбай көмүскөдө кала берет.

Жардамчы этиш катары айтылган болсо, этиш сөздүн лексика-семантикалык мааниси эмес грамматикалык маанилери алдыңкы планда болот.

Ошентип эки тилде тең ***бер-*** этиш сөзү жардамчы этиш катары татаал этиштин курамында келгенде негизги этишке жалганып келип кыймыл- аракеттин тоскоолдуксуз улантылгандыгын билдирет. Мисалы: *Анын баргысы келе берди – унинг боргиси келаверди. Сүйлөй берди – гапира берди. Карай берди – қарай берди. А карышкырлар улугандан улуй берди. Ана энди ўзинг, мазза қилиб ажабланаверасан.*

Кыргыз тилинде *бер-* жардамчы этиши аркылуу уюшулган татаал этиштерде *бер-* сөзү негизги этиш сөзгө чакчылдын *-а, -ып* мүчөлөрү аркылуу жалганып тыбыштык өзгөрүүгө учурабастан айтылат, жазылганда да эч өзгөрүүсүз эле жазыла берет, бири-бирине кошулбай жазылат. Мисалы: *жазып бер, айтып бер, айта бер, күлө бер, үзүп бер, келе бер* ж.б.у.с. Ал эми өзбек тилинде болсо, *бер-* этиш сөзү жардамчы этиш катары келгенде татаал этиштин тутумунда негизги этишке жалганып биригип жазылып, кыймыл-аракеттин улантылып жаткандыгын жана кайталангандыгын туюндурат. Эгер татаал этиштин тутумундагы негизги этиш сөзгө чакчылдын *-а* жана *-й* мүчөлөрү жалганса, анда *бер-* жардамчы этиш сөзү айтылганда да, жазылганда да аккомодация кубулушуна кабылып, негизги этишке же атооч сөзгө бириккен абалда жазылат. Өзбек тилинин орфографиялык эрежелеринде *бер-* жардамчы этишинин негизги этишке бириккен абалда да, бирикпеген абалда да жазылышына жол берилген.

Мисалы: *келе бер – келавер, жаза бер – ёзавер, айта бер – айтавер, бага бер – боғавер, жасай бер – ясайвер, сурай бер – сўрайвер* ж.б.

Кыргызча. *Ушинтип сөз ар качан натыйжасыз кала берчү...* (Ч.А.) *Сасыкеевди айыпка тартууга баканооздордун бир ооз маалыматы жетиштүү далил болуп берди! (О.Ш.)*

Өзбекче. *Мен қўйдек ювош, мусичадек беозор бўлиб тураверайми!(У.Х) Хай-хайлаганча қолавердим. (У.Х.)*

Кыргыз тилинде да, өзбек тилинде да негизги этишке чакчыл түрмөктүн *-ып* мүчөсү жалганып келсе, андай учурда татаал этиштин тутумундагы *бер-* жардамчы этиш сөзү негизги этиштен айрым айтылып, ажыратылып жазылат.

Мисалы: *жазып бер – езиб бер, айтып бер – айтиб бер, жасап бер – ясаб бер* ж.б.

Кыргызча. *Отуруп алып билгендерин төкпөй-чачпай айтып берди. Фронттон бир жарадар аскер кайтып келди деген кабарды айылдан чуркап келген бала сүйлөп берди.* (Ч.А.)

Өзбекче. *Бу ёғини менга қўйиб беринг.* (Т.М.) *Ҳамдам дарров жавоб бермади.*

**Жыйынтыктар:**

1. Натыйжада *бер-* этиш сөзү кыргыз тилинде да, өзбек тилинде да өз алдынча болуп толук этиш маанисинде да, татаал формада жардамчы этиш болуп да колдонула бере тургандыгы байкалды;

2. “Бер” жардамчы этиш сөзүнүн татаал формада чакчылдын *-а* жана *-й* мүчөлөрү менен айкашып келгенде бул эки тилде тең маанилерин жоготпойт. Бирок, кыргыз тилинде

дайыма ажыратылып жазылса, өзбек тилинде биригип да, ажыратылып да жазыла берери белгилүү болду.

**Колдонулган адабияттар:**


1. **Абдувалиев, И.** Кыргыз тилинин морфологиясы [Текст] / И.Абдувалиев. - Бишкек: Окуу басылмасы, 2008. – 284 б.
2. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү [Текст] / 1,2-бөлүк. – Бишкек: Салам, 2016.- Б.1 - 799.
3. **Магрупов, З.М.** Узбек тилинин изохли лугати I-II том. [Текст] / З.М. Магрупов. - М.: Русский язык, 1981.- Б. 1 - 717.
4. Кыргыз тилинин грамматикасы: морфология [Текст] / Коллективдүү эмгек.- Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1964.- Б. 194 - 207.
5. **Давлетов, С.** Азыркы кыргыз тили: морфология [Текст] / С.Давлетов, С.Кудайбергенов. - Ф.: Илим, 1980. - Б. 140 - 152.
6. **Абдулдаев, Э.** Кыргыз тили. Désинституттардын педагогикалык факультеттери үчүн окуу китеби [Текст] / Э. Абдулдаев, С. Давлетов, ж.б. - Ф.: Мектеп, 1986. – Б. 176 - 178.
7. **Кудайбергенов, С.** Кыргыз тилиндеги этиштин жасалышы [Текст] / С. Кудайбергенов.- Ф.: Мектеп – 1979. - Б. 5 - 7.
8. **Сапаев, К.** Хозирги узбек тили. Морфемика, суз ясалиши ва морфология [Текст] / К.Сапаев.- Тошкент: ТДПУ Ризограф. - Б.151-188.
9. **Хожиев, А.** Узбек тили морфологиясы, морфемикаси ва сўз ясалишининг назарий масалалари [Текст] / А.Хожиев.-Ташкент: Фан, 2010. – Б.180 - 185.
10. **Пазилова, Т.Ж.** Тектеш жана тектеш эмес тилдердеги этиштердин көптүк саны [Текст] / Т.Ж.Пазилова // Наука.Образование.Техника.- Ош: КУУ, 2020.- №2(68).- Б. 74 - 78.
11. **Заирова, А.Р.** Кыргыз жана өзбек тилдериндеги жардамчы этиштер [Текст] / А.Р.Заирова // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2019.- №3(66).- Б. 81-85.
12. **Заирова, А.Р.** Кыргыз жана өзбек тилдериндеги учур чакты уюштуруучу жардамчы этиштер [Текст] / А.Р.Заирова // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2021.- №1(70).- Б.78-84.


DOI: 10. 54834 / 16945220_2021_3_109

Поступила в редакцию 12. 10. 2021 г.

**УДК 81:1:316.276(575.2)(04)**

***Матикеева А.К.***

*ст. преп. Кыргызского национ. универ. им. Ж. Баласагына, Кыргызская Республика*

## КОГНИТИВДИК ТИЛ ИЛИМИНИН ӨНҮГҮҮСҮНДӨГҮ ТИЛДИН РОЛУ

*Бул макалада изилдөөнүн предмети катары дүйнө кабыл алууда тил, ойлоо жана менталдык процесстердин тыгыз байланыштуулугу каралды. Изилдөөнүн максаты - инсандын таанып билүү ишмердүүлүгүндөгү тилдин ролун аныктоо, кээ бир лингвистикалык изилдөөлөрдөгү тил жөнүндөгү көз караштарга түшүндүрмө берүү. Изилдөөнүн негизги усулу катары когнитивдик илимдин жаңы багыты болгон когнитивдик тил илими боюнча изилдөөлөргө жана тил менен ой жүгүртүүнүн татаал мамилелерине илимий-теориялык талдоо жүргүзүү болуп саналат. Макалада когнитивдик тил илиминин өнүгүүсүнө олуттуу салым кошкон окумуштуулардын илимий эмгектери жөнүндө кыскача маалымат берилген. Изилдөөнүн жыйынтыгында, тилдин маалыматты түзүүчү, иштеп чыгаруучу каражат катары адамдын физиологиялык абалынан көз карандылыгы аныкталган. Когнитивдик тил илими адамдын аң-сезимин, ой жүгүртүүсүн, дүйнө туюмун,ой корутундуларын, адамзаттын калыптанып калган маданий, улуттук жана руханий баалуулуктарын, барлык менен байланышкан өзгөчө психикалык процесстерди ар тараптуу изилдөөчү илимий багыт катары тастыкталган.*

***Негизги сөздөр:*** *когнитивдик тил илими;дүйнө таануу; ой жүгүртүү; психикалык процесс; таанып билүү ишмердүүлүгү; когниция; антрополингвистика; ички модель.*

# РОЛЬ ЯЗЫКА В РАЗВИТИИ КОГНИТИВНОЙ ЛИНГВИСТИКИ

*Предмет исследования в данной работе - тесная связь языка, мышления и ментальных процессов при восприятии мира. Цель исследования - проанализировать роль языка в познавательной деятельности личности, дать разъяснение некоторым лингвистическим взглядам о языке. Основным методом исследования является проведение научно-теоретического анализа исследований ученых по когнитивной лингвистике и сложных отношений языка и мышления. В статье дана краткая информация о научных работах ученых, внесиих значительный вклад в развитие когнитивной лингвистики. В результате исследования был определен, что язык как средство сбора и обработки информации зависит от физиологического состояния человека. Подтверждено, что когнитивная лингвистика как научное направление всесторонне изучает сознание, мышление , мировосприятие, умозаключения человека, культурные, национальные и духовные ценности человечества, особенно психические процессы, связанные с действительностью.*

***Ключевые слова:*** *когнитивная лингвистика; познание мира; мышление; психический процесс; познавательная деятельность; когниция; антрополингвистика; внутренняя модель.*

# THE ROLE OF THE LANGUAGE IN THE DEVELOPMENT OF COGNITIVE LINGUISTICS

*The subject of research in this article is the close connection between language, thinking and mental processes in the perception of the world. The purpose of the study is to analyze the role of language in the cognitive activity of an individual, to provide an explanation of some linguistic views in language. The main research method is to conduct a scientific and theoretical analysis of research scientists in cognitive linguistics and complex relations between language and thinking. The article provides brief information on scientific research that has made a significant contribution to the development of cognitive linguistics. The findings of the results declare that language is a to ol to collect and analyze information and depends on the physiological condition of the human. As an independent scientific direction, cognitive linguistics provides a comprehensive analysis of the humanmind, thinking, perception of the world, and inferences and cultural, national and moral values of humanity. The interdependency of cognitive language with psychological processes to reflect reality is discussed.*

***Key words***: *cognitive linguistics; perception of the world; thinking; mental process cognitive activity; anthropolinguistics; internal model.*

Азыркы учурда адамдын изилдөө ой-чабыттары өнүгүп, дүйнөгө болгон көз караштын мейкиндиги кеңейип, коом менен илимдин шайкеш өнүгүүсү мыйзам ченемдүүлүккө айланды. Бул процесс тил илиминде да кеңири чагылдырылып, илимий-теориялык жактан анализ жүргүзүлүп келет.

Аалам пайда болгондо, тил да жаралып, дүйнөнүн адам тарабынан таануулусунда, өз ара пикир алышып, ички ой-сезимдерди билгизүүдө тил-эң негизги курал экендиги илимде далилденген. Белгилүү немец окумуштуусу В.Ф. Гумбольдт тилди үзгүлтүксүз чыгармачыл ишмердүүлүк катары карап, баарлашуунун өзөгүн түзгөн ой-сезимдерди тилдеги сырткы көрүнүш эмес, тилдин бөлүнбөс бөлүгү катары мындай деп белгилеген: **“** Ой тилге карата кандайдыр бир сырткы нерсе катары эмес, тилдин бөлүнбөс бөлүгү. Ой тил менен бирдикте чогуу өскөн жана андан бөлүнө албайт. Көрүп тургандай, ал белгиленбеген ички ой” [1].

В.Д. Аракин айткандай, ”тил адам баласынын баарлашуусунун, ой -пикир алмашуусунун эң негизги жана таң калаарлык кемчиликсиз каражаты катары түрдүү жана татаал кызматты аткара алат, анткени ал ийкемдүү жана ошол эле мезгилде абдан жакшы уюштурулган тутум” [2]. Демек, окумуштуу тилди материалдык субстанциядан жана анын ички түзүлүшү чексиз элементтерди камтыган, кызматы баарлашуунун натыйжасында

калыптанган система катары аныктаган. Ошондуктан адамдын маалыматты кабыл алуусу, айтылган ойду түшүнүп аңдоосу,ой жүгүртүүсү, дүйнө таанымынын калыптануусу “чексиз элементтер” кызматынын натыйжасында тил аркылуу түшүндүрүлө тургандыгы илимде тактыкка ээ. Ошол эле мезгилде ой жүгүртүү, маалыматты кабыл алуу, аны моделдештирүү адамдын физиологиялык абалынан көз каранды экендигин белгилөө шарт. Тил адам баласынын сырткы чындыкты кабыл алып, болуп жаткан көрүнүштөргө таасирленишине көмөк көргөзгөн руханий дүйнөнүн ички моделин түзөт. XX кылымдын экинчи жарымында адамдын аң-сезими, дүйнө жана жашоо жөнүндөгү ой-толгоосу, тил менен адабияттын, тил менен үрп-адаттардын, дүйнө сүрөтүн кабыл алуу проблемаларын таанып билүү процессин чагылдырган когнитивдик лингвистика, же когнитивдик тил илими пайда болгон. Ал эми когнитивдик тил илиминин негизин когнитивдик илим түзөт.

Белгилүү болгондой, когнитивдик илимдин башатын XIX –XX кылымдарда И.М.Сеченов ( 1829- 1905), И.П. Павлов ( 1849-1936), Пьер-Поль Брок (1824-1880), Карл Вернике (1848-1905), Карл Лешли ( 1890-1958) сыяктуу окумуштуулардын медицина жана психологияда адамдын ойлоо жана таанып билүү мүмкүнчүлүгүн изилдөөлөрү түзгөн. Нейрофизиологиянын негизинде - нейролингвистика, психологиянын базасында когнитивдик психология жана гештальт - психология калыптанган. Тил ишмердүүлүгү адамдын мээсинде пайда болуп, мээ кыртышынын ар бир бөлүгү кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнө өзүнчө жооп берет деген көз караш Л.С. Выготскийдин (1896-1934) “Мышление и речь”(1934), А.Р.Луриянын (1902-1977), “Мозг и психические процессы” (1966), ”Основы нейропсихологии”(1976), ”Язык и сознание” (1979) ж.б. эмгектеринде аныкталган.

Тарыхка кайрылсак, ”байыркы заманда бирдиктүү дифференцияланбаган илим болгон, бардык табигый илимдердин жана илимий билимдин негизи философияга кирген” [3]. Ал эми философиянын негизги бөлүмдөрү башка илимий билимдер (логика, психология, медицина, таанып билүү теориясы, лингвистика) менен биргеликте изилденип, ойлордун философиялык-лингвистикалык чабытынын стилистикалык таасирине кабылгандыгы маалым. Ошондуктан изилдөөлөрдүн башаты Байыркы Греция жана Борбордук Азия, Кытай, Чыгыш окумуштууларынын (Аристотель “Категории”; Платон“Кратил”, ”Теэтет”, Софист” диалогдору; Абу Али ибн Сина “Книга исцеления”, “Логика”; Абу Наср аль-Фараби” Трактат о разуме”; Конфуций “Вечная мудрость”, ”Лунь юй” ( Беседы и суждения) ж.б. ). эмгектеринде да орун алган. “Эрте мезгилдеги” (Аристотель, И.Кант, Ж.Ж.Руссо ж.б.) тилдин философиясынын негизги проблемаларынын бири ойлоо түзүмүн жана ой жүгүртүүнүн психологиялык жараянынын чектелишинде болуп, ортосундагы байланыштын жоктугу, ар бир процессти бөлүп кароого алып келген. Кайра жаралуу доорундагы философтор, теологдор “ билим мээ кыртышында жайгашкан” деген көз караштарды билгизген. XVIII кылымдабритан эмпириктери Беркли, Юм, кийинчерээк Джеймс Милль жана анын уулу Джон Стюарт Милль ички репрезентациянын үч түрүн болжолдошкон. Алар: 1)сенсордук кабыл алуу чындык ; 2) элестетүүнүн бүдөмүк көчүрмөсү эс тутумда сакталат; 3) бүдөмүк көчүрмөнүн жаңылануусу, б.а. ассоциативдик ой жүгүртүү.

XIX кылымдын алгачкы психологдору Густав Фекнер, Франц Брентано, Германи Гельмголыц, Вильгелм Вундт, Дж.Е.Мюллер, Освальд Кюльпе, Германи Эббингауз, Френсис Гальтон, Эдвард Титченер жана Уильям Джемстин эмпирикалык билимдин

калыптанышы жөнүндөгү эмгектери психологиянын жаңы багыт катары философиядан бөлүнүп чыгуусуна түрткү болгон.

Когнитивдик илим өз алдынча илимий багыт катары XX кылымдын 40-жылдарында Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Европада, тактап айтканда, АКШда калыптанган. Себеби АКШ өнүккөн ири держава болгондуктан, маалыматтарды кайра иштеп чыгууда, саясий чөйрөдө ар кандай стратегиялык чечимдерди кабыл алууда баарлашуу процессинин эффективдүүлүгүн арттыруу максатында жүргүзүлгөн түрдүү багыттагы илимий изилдөөлөрдү каржылаган. Тилдин негизги принциптери менен тыгыз байланышта болгон когнитивдик процесстердиалгачкы жолуамерикалык окумуштуулар Миллер Джоржд Армитаж, Дж.Бруннер изилдешкен. Дж.Бруннер 1940-жылдардагы эмгектеринде “ойлоону түшүнүктүн калыптануу процесси катары тилден көз каранды” деп белгилеген. 1956-жылы Массачусет технологиялык институтунда маалымат теориясы боюнча эл аралык симпозиум уюштурулуп, Ноама Хомски, Джерома Бруннер, Аллена Ньюэлла, Герберт Саймон, Джорджа Миллер сыяктуу окумуштуулар когнитивдик процесстер, алардын негизи жөнүндө лекция окушкан. Ноама Хомскинин “Логическая структура лингвистической теории” ( “Logical structure of linguistic theory”, 1955 ) аттуу эмгегинде биологиялык жана когнитивдик жөндөмдүүлүк кабыл алынбаса да, ...... тил өздөштүрүүнүн механизми катары адамдын психикасынын ички түзүлүшүн камтып, ойду интерпретациялайт деген көз караш белгиленип, ал эми “Синтаксические структуры” (“Syntactic structures”, 1957) эмгегинде лингвистика менен когнитивдик психологиянын тыгыз байланыштыгы аныкталган. Изилденген лингвистикалык теориялар дүйнө жүзүндөгү тил илиминдеги илимий парадигмалардын калыптанышына таасир этип, “хомскийлик революция” деген жаңы түшүнүк пайда болгон. 1960-жылы Дж.Бруннер менен Дж.Миллер тарабынан Гарвард университетинде когнитивдик изилдөөлөрдүн алгачкы борбору уюштурулган. Алардын компьютердик программалоо, маалымат теориясы жана статистикалык ыкмаларды колдонуу менен ойлоо, ой жүгүртүү, эске тутуу, кабылдоо процесстери “адам маалыматты укканда иштеп чыгып, тил аркылуу кабыл алынат” деп аныкталган илимий концепциялары “когнитивдик революция” деп аталган.

Когнитивдик илимдин негизин *когнитивизм, когниция, когнитивдик процесс* деген түшүнүктөр түзөөрүн В.А.Маслова төмөнкүдөй белгилейт: “*когнитивизм*-бул адамдын аң-сезимин,ойлоосун жана өз ара байланыштагы менталдык процесстерди объект катары изилдеген илимдин багыты” [4]. Демек, когнитивизм - адам ишмердүүлүгүнүн жүргүзүлүшүндөгү билим,таанып билүү, дүйнөнү кабыл алуу жөнүндөгү илим.

*Когнитивдик процесс* (латын тилинде “coqnitiveprocess”) психологияда ” биз айлана – чөйрөдөн кабыл алган, трансформациялаган маалыматты сактоо жолу, башка сөз менен алганда, дүйнөнү таанып, түшүндүрүү үчүн биз колдонгон жогорку психикалык процесстер” [5]. Аталган процесс түздөн-түз адамдын аң-сезимин, таанып билүү ишмердүүлүгүн жана дүйнө таануу мүмкүнчүлүгүн, эс тутумун бирдикте камтыйт. Ал эми *когниция* - адамдын материалисттик дүйнө таанымын, ой жүгүртүүсүн жана маалыматты кабыл алуу системасынын кызматын тил аркылуу гана түшүндүргөн негизги илимий түшүнүк. Белгилей кетчү жагдай, азыркы когнитивдик изилдөөлөр нейрофизиология, когнитивдик психология (гештальт-психология), когнитивдик нейроилим, философия, психолингвистика, компьютердик лингвистика, жасалма

интеллект, антрополилингвистика сыяктуу бир нече илимий багыттарды камтыган интертармактуу мүнөзгө ээ.

Когнитивдик илимде тил таанып билүүнүн негизги куралы катары ойдун калыптануусун камтып, адам маалыматты кабыл алып, иштеп чыгып, объектке толук кандуу жеткирүүсүндө негизги роль ойнойт. Аныкталган когнитивдик теориялар Дж. Лакофф жана Г. Томпсондун " Представляем когнитивную грамматику" (1975), Р.Лангакердин 2 томдон турган "Основы когнитивной грамматики" (1987, 1991) аттуу эмгектеринде чагылдырылып, негизин "тил жөндөмдүүлүгүн түзгөн психологиялык түзүлүштөрдү мүнөздөө" (Langacer, 1988a: 127-131) тилдик жана когнитивдик механизмдер уюштуруунун бардык баскычтарында байкалган "бирдиктүү жөндөмдүүлүк менен байланыштуулук" теориясы түзгөн. Ал эми Европада Ф.Унгерер жана Х.Шмидттин "Введение в когнитивную лингвистику"(1996), Б.Хайненин "Когнитивные основания грамматики"(1997) деп аталган окуу китептери басылып чыккан.

XX кылымдын 80-жылдарынан баштап когнитивдик лингвистика тил илиминин жаңы багыты катары советтик-орус окумуштууларынын кызыгуусунан да четте калган эмес. Е.С.Кубрякова, И.Я.Стернин, Ю.С. Степанов, В.З.Демьянков, В.Н. Телия, Н.Ф.Алефиренко Г.Д.Гачев, Н.Д.Арутюнова, А.П. Бабушкин, Н.Н.Болдырев, В.А.Маслова, М.В.Пименова ж.б. лингвисттерге фундаменталдуу эмгектер таандык. Алар изилдөөлөрүндө тилдин өнүгүшүндө «адамдык фактор» негизги орунда туруп, когнитивдик лингвистика өз алдынча өнүкпөй, философия, когнитивдик психология,социология, культурология, этнолингвистика, социолингвистика илимдери менен тыгыз байланышта бири- бирин толуктап тураарын далилдешкен. Жаңы багыттын илим катары калыптанышы, когнитивдик лингвистиканын объектисин түзгөн, дүйнөнүн тилдик сүрөттөмөсүнүн өзөгү болгон концепттин түзүмдөрү, аны изилдөө методологиясы, толук маалыматка ээ эмес жаңы тенденциялар окумуштуулардын көңүлүн бурган.

Кыргыз Республикасынын аймагында да тил илими дүйнөлүк илимдин өнүгүү багытынан артта калбай, прогрессивдүү ой-пикирлерге ээ болууда. Когнитивдик лингвистиканын проблемаларын изилдеген К.З.Зулпукаров, М.Дж.Тагаев, З.К.Дербишева, М.И.Лазариди, Л.И. Дрофа, М.Е.Дарбанов, У.Ж.Камбаралиева, Б.Ш.Усубалиев, Г.А.Мадмарова ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде илимий концепциялар иштелип чыгууда.

Демек, когнитивдик тил илими адамдын аң-сезими, ой жүгүртүүсү, дүйнө таанымы, адамзаттын кылымдар бою тил аркылуу калыптанып калган маданий, материалдык жана руханий байлыктары, барлык менен байланышкан өзгөчө менталдык, психикалык процесстерин ар тараптуу изилдөөчү илимий багыт. Бул багытта дүйнө көрүмдүн негизги объекти болгон адам жана дүйнө ара катнаш проблемасы, адамдын ички руханий дүйнөсүнүн мүнөзү, жашоо маңызы, адамга дүйнөнү- элестик- образдуу көрүп, кабыл алдыртып, дүйнө таануу түшүнүгүнүн сүрөттөмөсүн чагылдыруу негизги маселе болуп эсептелет. Ошондуктан когнитивдик лингвистика антрополингвистиканын багыты катары (грек тилинде" anthropos"-***адам***, француз тилинде "linguistigue" / латын тилинде lingua-тил) коомдогу тилдин өнүгүшүн жана колдонулушун изилдейт.Тил дүйнөнүн ички моделин түзүүдө негизги ролду ойногон курал болуп,чындыкты кабыл алууда маанилүү. Адамдардын аң- сезими жаныбарлардын аң- сезиминен өзгөчөлөнүп, маалымат мейкиндигин камсыздоочу сөз жана бүткөн бир ойду билгизүүчү сөз айкаштарынан

түзүлгөн сүйлөмдөрдөн турган өзгөчө касиетке ээ. Бул ойлорго нейро-лингвист Роберт Дилтс: «Слова являются базовым инструментом человеческого сознания и, будучи таковыми, наделены особой силой» [6]- деп аныктама берсе, психиатр Зигмунд Фрейд - “слова и магия изначально были едины. И даже в наши дни большая часть магической силы слов не утрачена. С помощью слов человек может подарить другому величайшее счастье или ввергнуть его в отчаяние; с помощью слов учитель передает ученику свои знания; с помощью слов оратор увлекает за собой аудиторию и предопределяет ее суждения, и решения. Слова вызывают эмоции и в целом являются средством, с помощью которого мы оказываем влияние на наших ближних» - деген пикирди билгизген [7].

У.Ж. Камбаралиеванын пикири боюнча, “когнитивдик тил илими аң-сезимди тилдин материалында изилдейт, ал эми башка когнитивдик илимдер өз материалында изилдешет; когнитивдик тил илими когнитивдик процесстерди изилдейт, адамдын ан-сезиминдеги менталдык репрезентациялардын типтери тууралуу жыйынтыктарды чыгарат” [8].

Изилдөөлөргө ылайык, тил дүйнө таанууну чар жайыт эмес, кандайдыр бир топтолгон, тыгыз байланыштагы ой-тизимдердин жыйынтыгын билдирүүчү кызматты аткарган, адамдын ой жүгүртүүсүн, аң-сезимди коштогон толук кандуу баарлашуу куралы. Дүйнө таануу адамдын аң сезими, анын руханий дүйнөсүнүн өзгөрүүгө умтулуусу, өнүгүшү, эс тутуму, кабыл алуусу менен тыгыз байланышта болуп, тил аркылуу чагылдырылганы айкын.

## Жыйынтык

Когнитивдик илим, анын ичинде когнитивдик тил илими мындан кийин да бардык гуманитардык билимдердин борборунда болуп, адамдын дүйнөгө болгон көз карашы, жаратылыш кубулуштарын таанып билүүсү, идеалисттик жана материалисттик маанидеги концепцияларды жаратып, бир катар илимий көз караштар менен гана чектелбестен, дүйнөлүк илим казынасын баалуу илимий табылгалары менен байытып, так жана табият таануу илимдери тарабынан да лингвокогнитивдик изилдөөлөрдүн негизинде жаңы багыттарын жана методикасын толук иштеп чыгуу зарылчылыгы көрсөтүлдү.

## Колдонулган адабияттар:


1. **Гумбольдт, В.Ф.** Избранные труды по языкознанию [Текст] / В.Фон Гумбольдт. - Москва, 1984. – 397 с.
2. **Аракин, В.Д.** Сравнительная типология английского и русского языков [Текст]: учеб. пособ. для студентов пед.ин-тов по специальности №2103, ”Иностранные языки” / В.Д. Аракин. - Л.: Просвещение, 1979. - 259 с.
3. **Кедров, Б.М.** Классификация наук [Текст] / Б.М. Кедров. - М.: ВПШ и АОН при ЦК КПСС, 1961. - 472 с.
4. **Маслова, В.А.** Введение в когнитивную лингвистику [Текст]: учеб. пособие / В.А.Маслова.- М.: Флинта. Наука, 2011. - 296с.
5. **Мещеряков, Б.Г.** Большой психологический словарь [Текст] / Б.Г. Мещеряков, В.П. Зинченко. М.: ОЛМА –ПРЕСС Инвест. - 672 с.
6. **Дилтс, Р.** Фокусы языка. Изменение убеждений с помощью НЛП / Пер. с англ. [Текст] / Р.Дилтс. -СПб:Питер, 2009. - 320 с.
7. **Фрейд, З.** Введение в психоанализ: Лекции [Текст] / З.Фрейд. - М.: Наука, 1989. -319 с.
8. **Камбаралиева, У.Ж.** Когнитивдик тил илими [Текст] / У.Ж. Камбаралиева. – Бишкек, 2019. -324 с.


DOI: 10. 54834 / 16945220_2021_3_113

Поступила в редакцию 16. 11. 2021 г.

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ

**УДК: 378.14:881.111.1**

***Тыныбекова Ч. А.***
*ст. преп. Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

## ИНСАНДЫН КОШ ТИЛДҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ ЖАРАЯНЫНДА МААЛЫМАТТЫК-КОММУНИКАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ МЕНЕН ОКУТУУНУН ИНТЕРАКТИВДҮҮ УСУЛДАРЫНЫН ПАЙДАЛАНЫЛЫШЫ

*Бул илимий изилдөөдө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануу аркылуу инсандын кош тилдүүлүгүн калыптандыруу жараянында интерактивдүү усулдардын пайдаланылышы изилдөөнүн предмети катары каралат. Ал эми инсандын кош тилдүүлүгүн калыптандырууда интерактивдик усулдардын пайдаланылышынын артыкчылыктарын ачып көрсөтүү – изилдөөнүн максаты болуп саналат. Жумуштун жүрүшүндө: талдоо, байкоо, сурамжылоо, салыштыруу усулдары колдонулду. Натыйжада, инсандын кош тилдүүлүгүн калыптандырууда интерактивдүү усулдарды пайдалануунун сапатын жогорулатуу зарылдыгы аныкталып, бүгүнкү күндөгү окутуучуга керек болгон компетенциялардын арасынан интерактивдик компетенциялар өзгөчө мааниге ээ экендиги белгиленди. Макаладагы материалдар чет тилдерин окутуунун практикалык сабактарында пайдаланууга сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *кош тилдүү инсан; чет тили; интерактивдик компетенция; интеракция; интерактивдик усулдар; мотивация; педагогикалык шарт; технология; ыкма.*

## ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ИНТЕРАКТИВНЫХ МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ С ПРИМЕНЕНИЕМ ИНФОРМАЦИОННО-КОММУНИКАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ПРОЦЕССЕ ФОРМИРОВАНИЯ ВТОРИЧНОЙ ЯЗЫКОВОЙ ЛИЧНОСТИ

*Предметом исследования является использование интерактивных методов обучения с применением информационно-коммуникационных технологий в процессе формирования вторичной языковой личности. Целью исследования является определение эффективности использование интерактивных методов обучения в процессе формирования вторичной языковой личности. В ходе изучения проблемы применялись следующие методы: анализ, наблюдение и анкетирование. В результате была выявлена необходимость повышения качества обучения по формированию профессиональной личности, и было отмечено, что интерактивные компетенции имеют особое значение среди компетенций, необходимых современным учителям. Материалы статьи рекомендованык использованию на практических занятиях по обучению иностранному языку.*

***Ключевые слова:*** *вторичная языковая личность; иностранный язык; интерактивная компетенция; интеракция; интерактивные методы; мотивация; педагогические условия; технология; метод.*

## THE USE OF INTERACTIVE TEACHING METHODS THROUGH THE INFORMATION AND COMMUNICATION TECHNOLOGIES IN THE FORMATION PROCESS OF THE SECONDARY LINGUISTIC PERSONALITY

*The subject of research is the using of the interactive teaching methods through the information and communication technologies in the process of the secondary linguistic personality. The aim of the article is defining the effectiveness of the interactive teaching methods through the information and communication technologies in the process of the secondary linguistic personality. Methods of research: analysis, observation, monitoring. As a result, the need to improve the quality of training in the formation of a professional personality was identified, and it was noted that interactive competencies are of particular importance among the competencies needed by today's teachers. The materials of the article are recommended for use in practical lessons of foreign language teaching.*

***Key words**: secondary linguistic personality; foreign language; interactive competence; interaction; interactive methods; motivation; pedagogical condition; technology; method.*

Кыргыз Республикасынын “Улуттук Өнүгүү стратегиясы“ программасында ( 2018-2040ж.ж.) билим берүү мазмуну адамдардын, элдин расалык, улуттук, этникалык, диний, социалдык абалына карабай, алардын дүйнө тааным багытындагы ар түрдүүлүктү эске алып, өз ара түшүнүшө билишине, кызматташуусуна кызмат кылышы керек” экендиги белгиленет [1, 16-17-б.]. Бул талапты эске алганда, “Чет тили” сабагынын окутулушу өзгөчө мааниге ээ болуп, окутуучуларга: студенттерди окутуу менен бирге эле, алардын кайсыл тилде сүйлөгөндүгүнө карабай, дүйнөлүк цивилизациялык коомго аралаштыруу тапшырмасы коюлат. Чет тилдерин окутуу маалыматтардын үзгүлтүксүз алмашып турган агымына болочок адистердин адаптацияланышына, өз алдынча, чыгармачылык менен ой жүгүртүшүнө таасир бере ала турган курал катары каралат. Ошондон улам, бул көз караш актуалдуу маселеге айланды.

Кесиптик ишмердикте эл аралык ишкердик байланыштардын өсүшү, жаңы технологиялардын пайда болушу, башка өлкөлөрдүн адистери менен жүргүзүлгөн үзгүлтүксүз карым- катыштар – белгилүү бир социологиялык-психологиялык шарттарда чет тилинде карым- катыш жүргүзө алган компетенттүү адистерге болгон суроо- талапты күчөттү. Мына ушуга байланыштуу маданияттар аралык коммуникацияларга толук кандуу катышууга жөндөмдүү адамдын көрсөткүчү катары кош тилдүү инсанды калыптандырып чыгаруу – тилдик билим берүүнүн максаты болуп саналат. Ошондон улам, тилдерди окутуунун активдүү, интерактивдүү технологиялары пайда болду” деген С.С. Маркованын көз карашына кошулабыз [5, 44-б.]. Себеби, кош тилдүү инсан активдүү жана интерактивдүү болот. Анткени, мотивацияланган кептик аракеттер карым-катышсыз жүзөгө ашырылбайт. Ошондуктан, кош тилдүү инсанды калыптандыруу процессинде интерактивдик компетенциялардын калыптандырылышы өзгөчө мааниге ээ экендиги талашсыз. Интерактивдик компетенция – бул коммуникативдик маселелерди чечүүгө багытталган чет тилиндеги кесиптик багытта өз ара кызматташуу. Ал коммуникативдик стратегияларды, карым-катыштын аныкталган нормаларын пайдалануу аркылуу студенттердин өз ара кызматташуусун аныктоо, колдоо, өнүктүрүү жолдору, ошондой эле эффективдүү коммуникативдик карым-катышка болгон жөндөмдөр аркылуу мүнөздөлөт [6]. Чет тилдерин окутуунун интерактивдик усулу жогорку окуу жайларда окуу процессин интеллектуалдык-когнитивдик деңгээлде уюштурууга негиз болуп, зарыл болгон маалыматтарды өздөштүрүүдө болжолдонгон эффективдүү-эмоционалдык жүрүм-турум деңгээлинде да уюштурулушуна шарт түзөт [14].

Изилдөө ишибиздин жүрүшүндө, биз, “интерактивдик усулдарды” окуу процессинин субъектилери катары студенттер менен мугалимдин ортосунда пайда болгон инсандар аралык карым-катышта келип чыгып, жалпы максатты жүзөгө ашыра турган, кош тилдүү инсандын калыптандырылышында өзгөчө мааниге ээ болгон интерактивдик компетенцияларды калыптандырган өз ара кызматташтыкты, жалпылык шарттын түзүлүшүн камсыз кылган ыкма катары пайдаландык. Окуудагы мотивациянын өсүшү, үйрөтүлгөн материалдардын эске сакталышынын жогорулашы ишмердикке багытталып, социалдык түрдүү формадагы иштердин пайдаланылышы – чет тилдери боюнча сабактардагы социалдык интеракцияга түрткү болот [15, 94-б.].

Студенттердин мотивациясын жогорулатуу үчүн түрдүү интерактивдик усулдарды пайдаландык. Алардын арасында**"Төмөнкүлөрдү толукта"** оюнун өткөргөндө "**Идеялардын аукциону**" усулу пайдаланылды. Бул учурда тема менен болгон чыныгы байланыштагы аталыштардын айтылышынын тууралыгы, ыраттуулугу өзгөчө маанидеги шарт болуп эсептелди. Сөздү унутуп калган же анын ыраттуулугунан адашкан студент оюндан четтетилди. Мында, баардыгын өз ыраты менен айта алган, эс тутуму мыкты оюнчу жеңишке жетишти. Мугалим менен чет тилин үйрөнүп жаткандардын ортосундагы активдүү карым-катышты камсыз кылган интерактивдик усул – кийинки педагогикалык шарт болуп саналды.

Болочок мугалимдердин интерактивдик компетенцияларын калыптандырууда ролдук оюндардын (чет тилдерин окууну интерактивдүү кабыл алуу, жандуу карым-катыш шартындагы коммуникативдик чеберчилик) ролу чоң. Ошондуктан, биз эксперимент өткөрүү учурунда **ролдук оюндардын** сериясын өткөрдүк. Алардын ар биринин: темалардын иштелип чыгышы менен бирге даярдоо этабы; оюндун максаты, натыйжалары; зарыл болгон тилдик каражаттардын (кептик формула, лексикалар) тандалып алынышы жана кайталанышынан турган структурасын иштеп чыктык.

Студенттерге мугалим менен биргеликте талдап, иштеп чыгууга диалог базасы сунушталды. Андан соң студенттер базанын негизиндеги таянычтарды пайдаланып, өз алдынча диалог түзүштү. Жаңы диалогдо берилген тема боюнча жаңы суроолор, жаңы жооптор, түрдүү мазмун камтылышы талап кылынды.

Болочок мугалимдердин интерактивдик компетенцияларын калыптандырылышын түзүүнүн дагы бир ыкмасы – **долбоорлоо усулу** (студенттердин ал же бул маселени өз алдынча аракетинин натыйжасында чечүүгө мүмкүнчүлүк жаратууга байланышкан окуу-таанып билүү ыкмалары). Долбоорлоо ыкмасы инсандын жеке чеберчиликтерин, чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү багытындагы студенттер менен мугалимдин ортосундагы өз ара кызматташууга болжолдонот. **Станция боюнча окутуу да** интерактивдик усулдардын катарын толуктайт. Мында студенттер тапшырмаларды станциялардан алып, аларды индивидуалдык түрдө, жупта же топто аткарат. Тапшырмалардын баардыгынын темасы байланышта жүрөт. Бирок ишмердик түрү боюнча айырмаланат. Иш жараянын: даярдоо, өткөрүү, презентация, баалоо этаптарына бөлүштүрүүгө болот [16, б. 204]. Бул учурда сабакка катышкан топ станциядан станцияга өтүшүнө ыңгайлаштырып, столдорду жайгаштырдык. Ар бир столго аткарыла турган тапшырмалар коюлду. 3-4-адамдан турган топ жүгүртмө барактарын алып, аларды станцияларда толтурушту.

Аткарылган иштердин акырында жыйынтыгы чыгарылып, ар бир топ өзүнүн натыйжаларын көрсөтүп, кандай татаалдыктарга туш болгондугун айтышты.

Кийинки интерактивдик усул – **"Карусель".** Муну өткөрүү процессинде студенттер ички жана сырткы болуп бөлүнгөн эки чөйрөнү түзүшөт. Ички чөйрөнү кыймылсыз турган студенттер түзөт. Ал эми сырткы чөйрөнү түзгөн студенттер мугалимдин белгиси боюнча (болжолдуу түрдө мүнөт сайын) саат жебеси боюнча ордун өзгөртүп турат. Ошентип, белгиленген теманы бир канча мүнөт аралыгында талкуулап бүтүшөт. Бул усулдун пайдаланылышы чет тилдериндеги диалогдук кептин иштелип чыгышына жол ачат. Мугалим чет тилдерин окуп үйрөнүү үчүн студенттерге мотивация бергенге аракеттенип,

окууда жогорку көрсөткүчтөгү натыйжаларга жетишине жардамдашат. Окуу процессинде студенттердин коммуникативдик тапшырмаларды аткаруу жөндөмдөрүнө, алардагы лексикалык, грамматикалык, фонетикалык чеберчиликтердин калыптандырылыша көз салып, алар тарабынан кетирилген каталарды так белгилеп, каталардын кыскарышына жардам берип, тиешелүү баасын берип турат.

Болочок мугалимдердин интерактивдик компетенцияларын калыптандыруудагы мотивациялык компоненттер системасын баалоо үчүн анкеталык сурамжылоо жүргүздүк. Анын жыйынтыгы бир канча студент чет тилдерин окуп үйрөнүүгө мотивациялангандыгын көрсөттү. Студенттерге психология илимдеринин кандидаты Т.Д. Дубовицкий түзгөн 20 суроого жооп беришин сунуш кылдык [19]. Студенттин чет тилине, сабактарга болгон оң мамилесин тастыктаган жообуна 2 балл; орток жообуна (“билбейм”, “ар кандай болушу мүмкүн” ж.б.у.с) бир балл; терс жообуна нөл балл коюлду. Сурамжылоонун жүрүшүндө мотивациянын, англис тилин окуп үйрөнүүгө болгон кызыгуунун негизги үч баскычы аныкталды:

- жогорку баскыч – 30- 40 балл;
- орто баскыч – 17 - 29 балл;
- төмөнкү баскыч – 0 -16 балл.

Бул баскычтардын аныкталышына сурамжылоодо алынган студенттердин төмөнкү жооптору негиз болду.

1. Чет тилдерин окуп үйрөнүү көптөгөн маанилүү нерселерди окуп үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берип, чеберчиликтер пайда болот;
2. Чет тилдери мен үчүн абдан кызык, мен көптү билгим келет;
3. Чет тили сабагында өздөштүргөн билим мага жетиштүү;
4. Чет тили боюнча берилген үй тапшырмалары мага кызыксыз. Аны мугалим талап кылганы үчүн гана аткарам;
5. Чет тилин окуп үйрөнүүдө келип чыккан татаалдыктар менин кызыгуумду күчөтөт;
6. Чет тилдерин окуп үйрөнүүдө окуу куралдарынан тышкары өз алдынча адабияттарды окуйм, ырларды угам, чет тилдериндеги фильмдерди көрөм;
7. Чет тилде берилген теориялык оор маселелерди үйрөнбөй эле койсо болот деп эсептейм;
8. Чет тили боюнча татаалдыктарга туш болсом, маселени өз алдымча чечүүгө, анын маанисин түшүнүүгө аракеттенем;
9. Чет тили сабагында көп учурда, менде “ таптакыр окугум келбеген” маанай пайда болот;
10. Тапшырмаларды сабакта мугалимдин көзөмөлүндө гана аткарам;
11. Чет тили боюнча өздөштүргөн материалдарды бош убактымда тайпалаштарым (досторум) менен талкуулайм;
12. Чет тили боюнча тапшырмаларды өз алдынча аткарам. Жардамдашкандарды, бирөөнүн айтып беришин жактырбайм;
13. Мүмкүнчүлүк болуп калса тайпалаштарыман көчүрүп алам, же тапшырманы мен үчүн да аткарышын суранам;
14. Чет тилдери боюнча өздөштүрүлгөн билим мен үчүн баалуу, бул предмет боюнча көптү билиш керек деп эсептейм;
15. Чет тили боюнча алган баа билимге караганда мага маанилүү;
16. Эгерде, мен сабактарга жакшы даярдана албасам, көбүрөөк кабатыр болом;

17. Бош убактымдагы менин кызыкчылыгым чет тилдери менен байланышкан;
18. Чет тилдерин өздөштүрүү мен үчүн татаал, тапшырмаларды өзүмдү кыстап аткарам;
19. Кандайдыр бир себептер менен чет тили сабагын калтырып койсом, кабатыр боло берем;
20. Эгерде, мүмкүнчүлүк берилсе, чет тили боюнча окуу планынан айрым теориялык, практикалык курстарды алып таштайт элем.

Ал эми изилдөөбүздүн жүрүшүндө аныкталган педагогикалык шарттар жетиштүү жана зарыл болгон шарттар экендигин айта кетишибиз керек.

**Жыйынтыктар:**

1. Студенттердин кош тилдүү инсан болуп калыптанышын камсыз кылууда – педагогикалык кадрларды даярдоо сапатын жогорулатуу зарыл экендиги аныкталды;

2. Азыркы мугалим ээ болууга милдеттүү болгон компетенциялардын спектринен, Кыргыз Республикасынын билим берүү программасында коюлган талапка ылайык, билим берүү тапшырмасын жүзөгө ашырууга шарт түзгөн интерактивдүү компетенциялар өзгөчө мааниге ээ экендиги белгиленди;

3. Азыркы интерактивдик усулдардын колдонулушу орто жана жогорку билим берүү мекемелеринде чет тилдеринин сапаттуу, кызыктуу окутулушунун маанилүү элементи экендиги тастыкталды.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын “Улуттук Өнүгүү стратегиясы“ программасы [Текст] / Программа, 2018-2040.- Б.16-17.
2. **Белова, Л.А.** Использование методов для развития коммуникативной компетенции студентов, изучающих немецкий язык [Текст] / Л.А.Белова.- 2017.- №5-3(71). – С. 204-206.
3. **Быстрай, Е.Б.** Использование интерактивных методов преподавания иностранных языков в процессе подготовки студентов к межкультурному взаимодействию [Текст] / Е.Б. Быстрай, И.А. Скоробренко.- Новосибирск: СГУПСа, 2019.- С.23-28.
4. **Дубовицкая, Т.Д.** Методика диагностики направленности учебной мотивации [Текст] / Т.Д. Дубовицкая // Психологическая наука и образование.- 2002.- № 2.- С.42-45.
5. **Зорина, О.С.** Интерактивные методы обучения в процессе формирования коммуникативных компетенций [Текст] / О.С. Зорина // Нижегородское образование.- 2014. - №3.- С.206-211.
6. **Заседателева, М.Г.** Повышение мотивации к изучению иностранного языка в ходе реализации системно-деятельностного подхода [Текст] / М.Г.Заседателева // Вестник Челябинского государственного педагогического университета.- Челябинск, 2018.- №5. – С.91-101.
7. **Маркова, С.С.** Обучение иноязычной диалогической речи как основа подготовки к межкультурной коммуникации средствами педагогического процесса [Текст] / С. С. Маркова // Образовательные ресурсы и технологии.- Челябинск, 2018. - №2.- С 44-48.
8. **Тыныбекова, Ч.А.** Студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууда маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануунун артыкчылыктары [Текст] / Ч.А. Тыныбекова // Наука. Образование. Техника.–Ош:КУУ, 2018. - №3. - 119с.
9. **Исаков, Т.Э.** Билим берүүдөгү интерактивдик методдор жана аларды окутууда колдонуунун ыкмалары [Текст] / Т.Э. Исаков // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2014. - № 3.- С. 22 – 26.


DOI: 10. 54834 / 16945220_2021_3_119

Поступила в редакцию 12. 09. 2021 г.

**УДК: 378.14:881.111.1**

***Тыныбекова Ч. А.***
*ст. преп. Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*
***Сыдыкова Т. М.***
*к.п.н., доцент Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

# СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРИН УЮШТУРУУДА ЧЕТ ТИЛИН ОКУТУУНУН ПРЕДМЕТТЕР АРАЛЫК ИНТЕГРАЦИЯСЫ

*Бул макалада студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу жараянында студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууда чет тилин окутуунун предметтер аралык интеграциясы изилдөөнүн предмети катары каралат. Предметтер аралык интеграция механизмдеринин негизинде,алардын арасында, аралыктан окутуу шартындагы коюлган максатка жетүүнүн эффективдүү куралы катары "чет тили" сабагынын потенциалына талдоо жүргүзүү изилдөөнүн максаты болуп саналат. Изилдөөнүн жүрүшүндө талдоо, байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, аңгемелешүү, диагностикалык усулдары колдонулду. Изилдөөнүн жыйынтыгында колдонулган ыкмалар студенттердин өз алдынчалуугунун, өзүн-өзү уюштуруу чеберчилигинин, өзүн-өзү баалоо жөндөмүнүн өнүгүшүнө өбөлгө боло тургандыгы аныкталды. Макаладагы материалдар жогорку окуу жайлардын окутуучулары үчүн студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууда пайдаланууга сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *универсалдык компетенциялар; өзүн-өзү уюштуруу; предметтер аралык интеграция; чеберчилик; калыптандыруу; ишмердик; жөндөм; өнүгүү; таанып билүү.*

# МЕЖДИСЦИПЛИНАРНАЯ ИНТЕГРАЦИЯ ИНОСТРАННОГО ЯЗЫКА В ОБУЧЕНИИ ОРГАНИЗАЦИИ САМОСТОЯТЕЛЬНЫЙ РАБОТЫ СТУДЕНТОВ

*В данной статье предметом исследования является междисциплинарная интеграция иностранного языка в обучении организации самостоятельной работы студентов. Целью исследования является анализ потенциала предмета иностранного языка как эффективного инструмента для достижения целей дистанционного обучения, основанный на механизмах междисциплинарной интеграции. В ходе изучения проблемы применялись следующие методы: анализ, наблюдение и анкетирование. Исследование показало, что используемые методы способствуют развитию у студентов самостоятельности, самоорганизации, самооценки. Материалы статьи рекомендованы к использованию при организации самостоятельной работы студентов для преподавателей вузов.*

***Ключевые слова:*** *универсальные компетенции; самоорганизация; междисциплинарная интеграция; мастерство; формирование; деятельность; способность; развитие; познание.*

# INTERDISCIPLINARY INTEGRATION OF FOREIGN LANGUAGE TEACHING IN THE ORGANIZATION OF STUDENTS' INDEPENDENT WORK

*In this article, the subject of research is the professional self-organization of students in the organization of independent work in the process of independent work in the process of organizing students' independent work. The purpose of this article is to analyze the discipline Foreign language potential as an effective means for solving this task based on interdisciplinary integration also by distance learning. Methods of research analysis, observation, monitoring. The study showed that the methods used contribute to the development of students' independence, self-organization and seif-esteem. The materials of the article are recommended for use in organizing students' independent work for university teachers.*

***Key words:*** *universal competences; self-organization; interdisciplinary integration; skills; formation; activities; development; ability; cognition.*

Коомдун өнүгүшүнүн азыркы этабындагы чакырыктар, жаңы типтеги экономиканын баардык секторлорун жаңы көз караштагы кадрлар менен камсыз кылуу

зарылчылыгы: жогорку окуу жайларына кесиптик ишмердикке студенттерди даярдоодо жогорку окуу жайларда окуп баштаган биринчи семестрден баштап, эффективдүү ыкмаларды издеп табуу тапшырмасын койду. Коюлган маселеге ылайык, өзүн-өзү өнүктүрүүгө, өзүн-өзү уюштурууга болгон чеберчиликти, Улуттук билим берүү стандартына ылайык калыптандыруунун негизги каражаты, универсалдык компетенциялар болуп саналат. Коомдун технологиялык тартипке өтө башташы ал компетенцияларга болгон талаптын өсүп бараткандыгынан кабар берет. Мына ушуга байланыштуу социалдык-экономикалык жаңы шартта адистерди өз ишмердигин ийгиликтүү жүргүзүүгө даярдоодогу зарыл болгон шарт – конкреттүү кесиптик чөйрөдөгү өзүнүн ролун, мүмкүнчүлүктөрүн түшүнө билүүгө аң-сезимдүү мамиле жасай билишин калыптандыруу болуп саналат. Ал кесиптик багытта өзүн-өзү уюштуруу, өзүн-өзү өнүктүрүү чеберчилигине болжолдонот.

Бул эмгегибиздин максаты "Чет тили" сабагында белгиленген чеберчиликтерди калыптандыруудагы предметтер аралык интеграция CLIL(тил мазмунун окуп үйрөнүү интеграциясы), Project Based Learning ( долбоорлоп окутуу), Problem Based Learning (көйгөйлүү маселелерди чечүү багытындагы окутуу), Task Based Learning (тапшырмаларды чечүү негизине багытталган окутуу) механизмдеринин негизинде, экономикалык багыттагы студенттердин кесиптик карым-катышына болжолдонгон, аралыктан окутуу учурундагы мүмкүнчүлүктөрүнө анализ жүргүзүү болуп саналат. "Жаңы энциклопедиялык сөздүктө" келтирилген аныктамада өзүн-өзү уюштуруу "динамикалык татаал системанын уюштуруу, өнүктүрүү" процесси катары белгиленет [1]. Ал эми бул макалада өзүн-өзү уюштуруу жөндөмү жакынкы жана алыскы перспективада жеке турмушун пландаштыра билүү чеберчилиги; өзүнүн күчүн өз учурунда рационалдуу пайдалануу жөндөмү катары каралат [2]. Ишмердиктеги инсандын өзүн-өзү уюштурушун Е.Ю. Мандрикова ушундай эле чечмелеп, өзүнүн убактысын структуралаштыруу жөндөмү, өз ишмердигин так пландаштыруу чеберчилиги, коюлган тапшырмаларды аткарууда максаттуу аракеттенүү катары белгилейт [3]. Мындан тышкары Soft skills (ийкемдүү чеберчилик) өнүгүү жараянынын структурасында өзүнүн эмоциясын, кыял жоругун башкаруу жөндөмү калыптанып, өзүн-өзү өнүктүрүү жөндөмү келип чыга турган өзүн-өзү башкарууну, инсандык өнүгүү багытындагы чеберчилигин калыптандыруу мүмкүнчүлүгүн; пландоо жана максат коюусун; тайм-менеджментин; энергиясын / энтузиазмин / демилгелүүлүгүн / туруктуулугун; рефлексия жана кайтарым байланышты пайдалануусун башкаруудагы жөндөмдөрүн калыптандыруу мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтөт [4]. Ошого карабай, белгиленген компетенцияларды студенттерде калыптандыруу ыкмалары, аларга тиешелүү конкреттүү практикалык жолдору тереңдетип изилдөөнү талап кылат.

"Чет тили" сабагынын базасындагы предметтер аралык интеграция окуу жараянына практикалык багыттагы механизмдерди жайылтып, кесиптик багыттагы окууну уюштуруп, инновациялык билим берүү чөйрөсүн түзөт. Мында таанып билүү потенциалын, инсандын кесиптик активдүү багытынын калыптанышын максималдуу түрдө ачып берүүгө болот [5]. Аны толук бойдон жаңы муундагы студенттердин өзүн-өзү уюштуруу, өзүн-өзү аныктоо, өзүн өзү өнүктүрүү чеберчиликтеринин калыптанышына кошууга болот. Мына ушул максатта Ош мамлекеттик университетинин Бизнес жана менеджмент факультетинде, экономика багытында билим алып жаткан студенттердин кесиптик карым-катышты окуп үйрөнүшү үчүн кесиптик (CLIL-тил мазмунун окуп үйрөнүү интеграциясы),

Project Based Learning (долбоорлоп окутуу), Problem Based Learning (көйгөйлүү маселелерди чечүү багытындагы окутуу), Task Based Learning (тапшырмаларды чечүү негизине багытталган окутуу) технологияларына негизделген усул иштелип чыгып, аппробацияланган. Белгиленген компоненттердин айкалышы чет тилин окуутуу учурунда когнитивдик жараяндардын активдештирилише, жогорку окуу жайлардын билим берүү чөйрөсүнүн чегинде өзүн-өзү уюштуруу жөндөмүн калыптандырууга багытталган (1-сүрөт).




1- сүрөт. Экономика багытындагы студенттердин чет тилинин лексикалык каражаттары аркылуу өзүн-өзү өнүктүрүү жөндөмдөрүнүн өнүгүшү

Студенттердин өзүн-өзү уюштуруу жөндөмүн өнүктүрүү максатында ОшМУда белгиленген технологиялардын пайдаланылышы–чет тилин окуу курсунда кесиптик маанидеги тапшырмалардын аткарылышына багытталган индивидуалдык жана тайпалык долбоорлордун системалык түрдө аткарылышын карайт. Пандемия учурунда кырдаалдан чыгуу үчүн аралыктан окутууга өтүү шартында, студенттердин өз алдынча иштерин эффективдүү уюштурулушуна мүмкүнчүлүк жаратып (мисалы, Zoom онлайн платформасында) алардан тилдер аралык ишмердиктеги бүткөрүлгөн иштерди алууга жол ачып, бул технология өзгөчө актуалдуулукка ээ болду.

Кесипке багытталган окуунун CLIL (тил мазмунун окуп үйрөнүү интеграциясы) контексти негизги окуу программалары менен тыгыз байланышкан сабактарды окутуу мазмунунан билинет. Мисалы, “Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит”, “Каржы жана насыя” багытындагы студенттер төмөндөгүдөй темаларга: «Banks and banking» (Банк жана банк иштери), «Marketing» ( Маркетинг), «Credit» (Насыя), «Functions of money» (Акчанын функциясы), «Accounting» (Бухгалтердик эсеп), ж.б. кесиптик темаларда санариптик баяндарды түзүштү. Иштердин аткарылышында студенттер материалдарды окуп, видеосюжеттерди жана документалдык фильмдерди көрүп, аудио-интервьюларды угуп, чакан топтордо (Zoom платформасында студенттерди чакан топторго бөлүп, “сессиялык залдар” опциясынын жардамында иштетүү мүмкүнчүлүгү бар) каралып жаткан маселелердин чөйрөсүн аныктоо максатында маалыматтарды талкуулап, изилденип жаткан предметтин проблемасына сүңгүп кириште.

Натыйжалардагы акыркы ийгилик студенттердин өз ишмердигин уюштуруу жөндөмүнө, өз убактысын эффективдүү бөлүштүрө билишине, интеллектуалдык ресурстарына, башкача айтканда, инсандык өзүн-өзү уюштуруу деңгээлине көз каранды.

Тапшырмалардын системалык түрдө аткарылышы акырындап белгиленген жөндөмдөрдү өстүрүп, студенттердин инсандык багыттагы өзүн-өзү өнүктүрүшүнө өбөлгө болот. Студенттердин жеке потенциалын баалоо “Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит”, “Каржы жана насыя” багытында окуп жаткан биринчи курстун студенттерине жүргүзүлдү. Топто 40 студент болду.

Баалоо сынагына катышкандардын орточо курагы 18 жаш. Тайпада 14 бала (36%), 26 кыз ( 64%) окууга катышты. Ошондой эле студенттердин инсандын өзүн-өзү уюштуруу сапатынын бар же жок экендигине болгон субъектилик сезимине изилдөө иши уюштурулду. Ал эксперименталдык окууга чейин жана ал бүткөндөн кийин топтук анкеталык сурамжылоо түрүндө жүргүзүлдү. Бул учурда респонденттердин жакынкы же алыскы келечекте жетүүнү каалаган максаттары жөнүндө; тапшырмаларды күнгө (аптага) пландаштырышы; долбоорлорго карата демилгелеринин, креативдеринин жаралышы; өз ишмердигиндеги өзгөргөн шартка карата мамилеси; долбоор үстүндө иштөөдө убакытты бөлүштүрүшү; кесиптик (окуу) ишмердигиндеги өзүнүн туруктуулугу; каалоо-тилектери (зарылдыкты туя билиши) тууралуу ачык жана жабык типте берилген суроолорго анонимдүү түрдө жооп берүү сунушталды. Ар бир жоопко (ооба/ жок/ ар дайым эмес/ эч качан, бул жөнүндө респондент ойлонбой туруп жооп берди) 1ден 3кө чейинки баллдарды алды.

Ошентип, эксперименталдык окуунун башында биринчи курстардан өзүн-өзү өнүктүрүүнүн төмөнкү индекси катталган болсо, окуу бүткөндөн кийин көрсөткүчтүн маңызы окуу башталганга чейинки көрсөткүчтөн жогору болду. Ошондой болсо да, тесттик маанинин орточо көрсөткүчү менен болгон салыштыруудагы өзүн-өзү уюштуруунун жалпы индексиндеги айрым натыйжалар орточо мааниден төмөн тургандыгы белгилүү болду. Диагностика жүргүзүү жараянында алынган натыйжалар 1- таблицада көрсөтүлдү.

1-Таблица. Ишмердиктеги өзүн-өзү уюштуруунун диагностикадагы индекси

| | Окууга чейин (бала) | Окуудан кийин (бала) | Норма (бала) | Окууга чейин (кыз) | Окуудан кийин (кыз) | Норма (кыз) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Пландуулук | 8,13 | 12,19 | 19.03±4.61 | 10,19 | 12,45 | 17.41±5.43 |
| Максаттуулук | 24,19 | 29,41 | 32.96±4.79 | 23,11 | 25,51 | 32.48±7.13 |
| Туруктуулук | 10,26 | 13,18 | 19.57±5.49 | 19,43 | 22,13 | 29.19±6.21 |
| Каттоо | 12,16 | 13,64 | 19.19±4.75 | 12,65 | 12,98 | 18.47±5.45 |
| Өзүн-өзү уюштуруу | 4,06 | 5,12 | 9.99±5.0 | 5,03 | 6,13 | 9.49±4.14 |
| Учурга болжолдоо | 6,51 | 6,94 | 8.51±1.86 | 4,75 | 5,83 | 8.27±3.19 |
| Өзүн-өзү уюштуруунун индекси | 65,31 | 80,48 | 109.24±15.13 | 75,16 | 85,03 | 108.3±19.02 |

“Пландуулук”, “Максаттуулук”, “Өзүн-өзү уюштуруучулук” шкаласы боюнча текшерилген көрсөткүчтөрдүн жогорулагандыгы белгиленди. ”Пландуулук” шкаласы боюнча балдардын тобунда минималдык орточо көрсөткүчкө (12,19≤14,42) жеткен жок. Ал

эми “Максаттуулук”, “Өзүн-өзү уюштуруучулук” шкаласы боюнча эксперименталдык окуунун катышуучуларынан алынган маалымат орточо маанинин диапазонунда (балдар үчүн 29,41 ≥28,14и 5,12≥4,99; кыздар үчүн 25,99 ≥25,35и 6,13≥5,35) экендиги белгилүү болду.

“Пландуулук” шкаласы боюнча текшерилгендердин орточо көрсөткүчү эксперименталдык окууга чейин пландаштыруу жөндөмүнүн начар өнүккөндүгүнөн кабар берет. Тагыраак айтканда, пландарын тез-тез алмаштырып турушу, алардын иерархиялуулугунун жетишсиздиги, анын таасиринен улам, койгон максаттарына чанда гана жеткендиги белгилүү болду. Эксперименталдык окуудан кийин балдардын көрсөткөн натыйжасы минималдык орточо нормалдуу мааниден төмөн турду (14,42).

Эксперименталдык окууга чейин “Өзүн-өзү уюштуруу” шкаласы боюнча алынган натыйжалар өзүн-өзү уюштуруу учурунда тышкы көмөкчү каражаттарды (күндөлүк, компьютердик программаларды, смартфондогу тиркемелерди) пайдаланбаган, же аларды колдонгон учурунда да өз ишмердигинде ийгиликтерге жете албаган типтеги инсан экендигин көрсөттү. Бул көрсөткүчтөрдүн мааниси эксперименталдык окуудан кийин мурункуга салыштырмалуу жогорулады. Ошондой эле, минималдык орточо нормадан жогорку маани балдар үчүн (4,99) болсо, кыздар үчүн (5,35) көрсөткүчүнө жетти. Окууга чейин жана кийин алынган натыйжалардын ортосундагы айырма студенттик жуптук t – критерийинин мааниси статистикалык маани болуп саналды. Ал балдар үчүн $t_{байкоо}$ 12,846 > $t_{крит}$ 2,16; кыздар үчүн $t_{байкоо}$ = 7,748 > $t_{критт}$ =2,06 болду.

Эксперименталдык окууга чейин өзүн-өзү уюштуруунун жалпы индексинин көрсөткүчүнүн мааниси балдарда кандай болсо кыздарда да ошол деңгээлде экендиги көрүндү. Тагыраак айтканда, алардын алдыңкы күндөргө карата конкреттүү планы жок, күндөлүк активдүүлүгүн пландаштырбаган, баштаган ишин акырына чыгаруу үчүн аракет кылбаган, бирок жаңы ишмердикке тез аралашып кете турган инсандык типке кошула тургандыгы белгилүү болду. Эксперименталдык окуудан кийин көрсөткүчтөрдүн маңызы окууга чейинкиден жогорку көрсөткүчкө жетти.

Студенттердин өзүн-өзү уюштуруу зарылдыгын түшүнө билүүгө мүмкүнчүлүгү жетпегендигин, өз ишмердигин уюштуруу мотивинин да калыптандырылбагандыгын, ишмердикти пландаштыруу, уюштуруу үчүн зарыл болгон билимдин, чеберчиликтин өздөштүрүлбөгөндүгүн педагогдордун практикалык тажырыйбалары тастыктайт [6]. Ошондой болсо да изилдөөлөрдөн алынган маалыматтарда студенттердин окуу иштериндеги натыйжалуулук жогоруда белгиленген аракеттерге көз каранды экендигин түшүнө билген студенттер да бар экендиги белгиленет [7]. Мунун өзү каралып жаткан теманын актуалдуулугун бышыктап, мындан ары да ар тараптуу изилденишинин зарылдыгын көрсөтөт.

Аралыктан окутуунун шартында студенттердин өз алдынча иштеринин ролу өстү. Ошол эле учурда студенттер аралыктан окуу жараянын эффективдүү өткөрүү үчүн өзүн-өзү уюштуруу, өзүн-өзү текшерүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү керек экендигин белгилешти.

**Жыйынтыктар:**

1. Тил мазмунун окуп үйрөнүү интеграциясы, долбоорлоп окутуу, көйгөйлүү маселелерди чечүү багытындагы окуу ыкмалары студенттердин өз алдынчалуугунун, өзүн-өзү уюштуруу чеберчилигинин, өзүн-өзү баалоо жөндөмүнүн өнүгүшүнө өбөлгө боло

тургандыгы аныкталды;

2. Окуу жараянында өз алдынчалуулук көрсөткүчтөрүн жогорулатуу үчүн күчөтүлгөн тартипте иштөө зарылчылыгы белгилүү болду;

3. Экономика багытындагы студенттерге чет тилдерин окутуу жараянында өзүн-өзү уюштурууга болгон жөндөмдөрү калыптандырыла тургандыгы, аны андан нары өнүктүрүүгө сунушталган ыкманын колдонулушу максатка шайкеш келе тургандыгы тастыкталды.

## Колдонулган адабияттар:


1. **Андреев, В.И.** Саморазвитие творческой, конкурентоспособной личности менеджера [Текст] / В. И. Андреев. - Казань: СКАМ, 1992.-183 с.
2. **Гура, В.В.** Роль самоорганизации учебной деятельности студентов в развитии профессионально значимых компетенций [Текст] / В.В. Гура // Международный журнал экспериментального образования.- 2016. №11.-149с.
3. **Курмангулов, А.А**. «Фабрика процессов»–новый формат организации образовательного процесса в высшем учебном заведении [Текст] / А.А.Курмангулов // Высшее образование в России.- 2018.- Т.27.- № 5. – С. 37-41.
4. **Мандрикова, Е.Ю.** Разработка опросника самоорганизации деятельности(ОСД) [Текст] / Е.Ю.Мандрикова // Психологическая диагностика.- 2010, № 2. – С.87- 111.
5. Новый энциклопедический словарь // Большая Российская энциклопедия.-М.: Риполклассик, 2006.-1455с.
6. **Петрова, Е.В.** Самоорганизация студентов вуза как условие формирования их научно исследовательской компетенции [Текст] / Е.В.Петрова // Вестник Чувашского государственного педагогического университета им. И.Я. Яковлева. – Чувашия: ГПУ, 2016. - №2 (90).- С.154-160.
7. **Тыныбекова, Ч.А.** Студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууда маалыматтык – коммуникациялык технологияларды пайдалануунун артыкчылыктары [Текст] / Ч.А.Тыныбекова // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2018.- №3 -119с.
8. **Шипилов, В.** Перечень навыков soft skills и способы их развития [Текст] / В. Шипилов URL:https://www.cfin.ru/management/people/devval/soft-skills.shtml.-2020.


DOI: 10. 54834 / 16945220_2021_3_124

Поступила в редакцию 12. 09. 2021 г.

**УДК 37.016 (82-1)82-821**

***Байиева Б. А.***

*преп. Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б. Сыдыкова, Кыргызская Республика*

# АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН «ЭШИМКАНДЫН ТЕРЕГИ» ПОЭМАСЫН ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫН ИНСАНДЫК САПАТТАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ

*Изилдөөнүн предмети болуп жалпы билим берүүчү орто мектептеринин кыргыз адабияты сабагында А.Осмоновдун "Эшимкандын тереги" поэмасын окутуунун технологиялары аркылуу окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандыруу эсептелинет. Изилдөөнүн максаты-поэманын башкы каарманы Эшимкандын образын ачып берүүдө колдонулган окутуунун технологиялары аркылуу окуучулардын патриоттук, гумандуулук, айкөлдүк сапаттарын калыптандыруу менен биргеликте билим жана тарбия берүүнүн деңгээлин көтөрүүгө багытталган окутуунун технологияларын тандоо. Изилдөө жалпылоо, талдоо, системалаштыруу усулдарын колдонуу аркылуу ишке ашырылды.«Эшимкандын тереги» поэмасын окутууда колдонулган технологиялар окуучулардын өз алдынча чыгармачылык менен ой жүгүртүүсүн өстүрүп, сабакка болгон кызыгуусун арттырат. Изилдөөнүн натыйжасында*

*окутуунун технологияларын пайдалануунун артыкчылыктары белгиленип, окуучулардын тил байлыгын өстүрүүгө, дүйнөнү кабылдоо деңгээлин жогорулатууга багытталды. Макаланын материалдары жалпы билим берүүчү мектептеринин кыргыз тили жана адабият сабактарында колдонууга сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *поэма; окутуунун технологиялары; концепция таблицасы; инновация; тарбия берүү; жалпылоо; окутуп-үйрөтүү.*

## ФОРМИРОВАНИЕ ЛИЧНОСТНЫХ КАЧЕСТВ УЧАЩИХСЯ ПОСРЕДСТВОМ ТЕХНОЛОГИЙ ОБУЧЕНИЯ ПОЭМЫ АЛЫКУЛА ОСМОНОВА «ЭШИМКАНДЫН ТЕРЕГИ»

*Предметом исследования является формирование личностных качеств учащихся на уроках кыргызской литературы общеобразовательной школы через технологии обучения поэмы Алыкула Осмонова «Эшимкандын тереги». Цель исследования – повысить качество обучения, воспитания и формировать патриотические, общечеловеческие ценности учащихся через технологии обучения, используемые в раскрытии образа главной героини поэмы Эшимкан. Исследование проводилось методами систематизации, обобщения и анализа. Технологии, используемые в обучении поэмы «Эшимкандын тереги», стимулируют творческую самостоятельность и мышление учащихся, и повышают интерес к уроку. В результате исследования были выявлены преимущества использования обучающих технологий, направленных на повышение языковых навыков учеников и повышение их уровня восприятия мира. Исследование показало, что использование обучающих технологий направлено на повышение языковых навыков учащихся и их восприятия мира.*

***Ключевые слова:*** *поэма; технологии обучения; таблица понятий; инновация; образование; обобщение; обучение.*

## FORMATION OF PERSONAL QUALITIES OF STUDENTS WITH THE HELP OF TEACHING TECHNOLOGIES OF TEACHING THE POEM OF ALIKUL OSMONOV "THE TREE OF ESHIMKAN"

*The subject of the article is the formation of personal qualities of students through the technology of teaching the poem «The tree of Eshimkan» by A. Osmonov in the class of Kyrgyz literature in secondary schools. The goal of the article is to select teaching technologies aimed at improving the level of education and upbringing of students, as well as the formation of patriotic, humane, generous qualities through teaching technologies used to reveal the image of the main character Eshimkan. The study used methods of generalization, analysis and systematization of well-known textbooks. The technology used in teaching the poem «The tree of Eshimkan» develops students' independent thinking and interest in the lesson. The research results allow the teacher to pay close attention to each student in the class and work closely with him. The article is recommended for use by teachers of the Kyrgyz language and literature in secondary schools.*

***Key words:*** *poem; teaching technologies; table of concepts; innovation; education; generalization; teaching.*

Азыркы учурдун заман талабы болуп, окуу тарбия ишинин мазмунун жаңылоону, окутуунун абалын, сапаттык деңгээлин жогорулатуунун башкы маселеге коюу күн маселеси болуп келет. Анткени, XXI кылымдагы ааламдашуу процесси адам баласынын жашоосуна чоң бурулуш алып келген, дүйнөлүк цивилизация талап кылып турган билимди, б.а. кийинки кылымдар үчүн керек баалуу булактарды үйрөтүү зарылдыгын белгилеп отурат. Коомдук зарылдыкка жараша окутуу процесси өркүндөтүлүп, окуучу билим алууга өзү кызыгып, улам кийинки сабакта жигердүүлүгү артып, окутуу иши анын практикалык талаптарына түздөн-түз жооп берип, жыйынтыгында мектептик билим берүүнүн алдында жаш инсанды келечекте коомдун татыктуу адамы катары калыптандыруу милдети турат.

Бул милдеттерди ишке ашырууда сабакта окутуунун методикасын, заманбап талаптарына ылайык өнүктүрүү өтө зарыл маселе [1].

Азыркы коомдук-социалдык талаптарга жооп берген билимдерге ээ кылуучу, инсанга багытталган сабакты уюштуруу педагогикалык чеберчиликти талап кылат. Мындай талаптардын натыйжасында салттуу сабактарды мазмундук жана формалык жактан инновациялоо, дүйнөлүк билим берүүдө ийгиликке жетишкен, жаңычыл ык-формаларын пайдаланып окутуп-үйрөтүүгө артыкча маани берилет. Мындай талаптардын натыйжасында салттуу сабактарды мазмундук жана формалык жактан инновациялоо, дүйнөлүк билим берүүдө ийгиликке жетишкен, жаңычыл ык-формаларын пайдаланып окутуп-үйрөтүүгө артыкча маани берилет. Мезгилдин талаптарына жараша чөйрөгө ыңгайлашып өз ара мамиле түзүүдө жаңылануусу, керектүү билимге ээ болууну, кырдаалга туруштук берүүчү инсанды тарбиялоо маселелерин, ар бир окуучунун кызыкчылыктарын эске алуу менен сабакты инновациялоо иштерин жүргүзүү, инсандын руханий дүйнөсүн өзгөртүү, коомчулук менен мамиле түзүүдөгү психологиялык кырдаалдарды изилдөө сабак учурунда сабактын максатына ылайык инновациялоо боюнча Г.К.Селевко, В.П.Баспалько, М.В. Кларин, В.Ю. Питюков, В.А. Сластёнин, С.Н.Лысенкова эмгектеринде берилген. Ал эми Кыргыз Республикасында билим берүүнүн инновациялоо, азыркы учурга ылайык модернизациялоо, педагогикалык илимдердин дүйнөлүк өнүгүү багыттарына таянып жаңылоо маселелери жана жалпы билим берүүчү орто мектептерде окуу китептеринин мазмунун, илимий-методикалык базасын жаңылоо, жаңы муунга окуу китептерин түзүү аркылуу инновациялоо боюнча И.Бекбоев, Н.И.Ишекеев, А.Ж.Муратов, С.К.Рысбаев, Ж.А.Чыманов Б.К.Оторбаев ж.б. окумуштуулардын эмгектерин методологиялык негиз болуп эсептелинет [2].

Ата мекенди коргоо, табиятты көздүн карегиндей сактоо, кардай таза ыймандуулук, сабырдуулук, берешендик үлгүлөрү Алыкул Осмоновдун чыгармаларында ошонун ичинен поэмаларында көтөрүлгөн эң башкы идея болуп саналат. Азыркы күндөгү кыргыз адабиятынын өзөгүн аныктаган анын эстетикасынын башкы белгисине айланган бийик гумандуулук, курч патриоттуулук сыяктуу принциптердин алгачкы башаты акындын ар бир жараткан поэмаларынан өнүгүп чыгат десек жаңылышпайбыз.

Алыкул Осмонов «Эшимкандын тереги» поэмасындагы башкы каарман Эшимкандын образы менен параллель түрдө шарттуу образ теректин символикалык образы да сүрөттөлөт. Бул символикалык терек терс образдардын да чыныгы жүзүн ачууда чоң роль ойноо менен оң каармандардын жакшы сапаттарын ачып берет. Бул туурасында проф. А.Садыков «Эшимкандын терегинде» терек шарттуу образ кандуу согушка карата болгон элдик көз карашты жана кара ниет адамдардын акыры жакшылык көрбөсүн түшүндүрөт»- деп белгилеген [3].

А.Осмоновдун «Эшимкандын тереги» поэмасындагы башкы каарман Эшимкандын образын ачып берүүдө 1-таблицада көрсөтүлгөндөй «Концепция таблицасы» усулун колдонсо болот. Бул усулда мугалим Эшимкандын образын дагы да мыктыраак ачып берүү үчүн башка чыгармалардагы оң каармандар аркылуу салыштырып берсе болот. Ал эми биз азыр «Толубай сынчы» поэмасындагы Толубай сынчынын сапаттарын салыштыруу аркылуу бердик.

«Концепция таблицасы» усулун сабакты бышыктоо жана корутундулоодо колдонсок, окуучулар таблицаны сабакта алган маалыматтарынын негизинде толтурат.Усулдун акыркы тапшырмасы «менин пикирим» бөлүгүндө ар бир окуучу өз алдынча ойлонуп, оюн эркин жазууга үйрөнөт. Ошондой эле «Концепция таблицасы» усулун сабакта колдонууда окуучулар эки оң каармандардын сапаттарын салыштырып жатып, эң мыкты инсандык сапаттарды түшүнөт жана ээ болушат [3].

1 –Таблица. Концепция таблицасы

| Салыштыра турган кейипкер | Портреттик сыпат-сы | Кулк-мүнөзү | Иш-аракети | Автордун оюу | Менин пикирим |
|---|---|---|---|---|---|
| Толубай сынчы | Жети өлчөп бир кескен, эч кимге жамандык ойлобогон сабырдуу инсан | Сабырдуу, даанышман, ойчул, адилеттүү | Ар бир аткарган ишинде даанышмандык байкалат. Элдин жашоосунун тынчтыгын ойлогон адилеттүүлүк үчүн кандай гана нерсеге даяр экенин көрсөтө алган каарман | Толубай деп, Толубай атын салт кылган бар.Не билсин ал жөнүндө жаш уландар. Суусаган таттуу жомок ширесине-сөз кылат тамшанышып карыялар-бул саптар аркылуу акын Толубай сынчынын толук образын ачып бере алган | «Толубай сынчы» поэмасында Толубай сынчы даанышмандыгы,сабырдуулугу менен кардуу ханга карата эч кандай амал колдонбой туруп, жашап өткөн заманына адилеттүүлүк орноткон.Дайыма адилетсиз жашоо акыры тунгуюкка барып такалаарын ачып бере алган. |
| Эшимкан | Ак эмгеги менен элге жаккан. Эч качан оюна жамандык келбеген, жаратылышка аяр мамиле жасаган инсан | Сабырдуу, берешен, мээнеткеч | | Ак күчүн, ден кубатын,көкүрөк дилин. Окубай, өзү үйрөнгөн көп билимин.Колхоздун казынасына тартуу кылып.Байытып эки кылып,бирин-бири автор | Эшимкан өз заманынын мээнеткеч жана жаратылышка аяр мамиле жасаган ошону менен катар Мекендин тынчтыгы үчүн жан күйгүзгөн каарман. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ушул саптар аркылуу Эшимкандын кандай каар-ман экенин ачып бере алган. | |

Окуучулардын сабакта алган маалыматтарын текшерүү жана өз алдынча ой жүгүртүүсүн калыптандыруу боюнча К.Акматовдун сабакты интерактивдүү методдордун негизинде окутуудагы интерактивдүү технологияларды колдонуп өтүү структурасы же интерактивдүү сабактын 5- этабы боюнча тажрыйба бөлүүшүсүнүн 5- этабында рефлекция же жыйынтыктарды жарыялоодо «жеңил» жана «оор» суроолор таблицасын колдонсо болот. Сабакта алган билимдери боюнча мугалим доскага таблица сызып экиге бөлүп алат жана 1-бөлүгүнө жеңил суроолорду 2-бөлүгүнө татаал суроолорду жазып коет. Окуучулар сабакта алган билимдерине жараша суроолорго жооп берет. Андан соң мугалим тарабынан толукталып отуруп, жыйынтыктар жарыяланат. Мугалим окуучуларга суроолордун тандоо деңгээлин эркин коет [4].

2 – Таблица. Жеңил жана оор суроолор

| «Жеңил» суроолор-бир ирет гана далилдүү жооп талап кылынган суроолор | | «Оор» суроолор-оор, толук жооп берип, тандоону талап кылган суроолор | |
|---|---|---|---|
| 1.«Эшимкан -дын тереги» поэмасынын башкы каарманы | Жооп: Эшимкан | Жыламыштын өйүзүнө өсүп чык-кан терек эмне үчүн Эшимкандын тереги деп аталып калды? | Жооп: Эшимкандын үй-чарбагы жайгашкан Жыламыштын берки өйүзүнө терек өсүп чыгат.Жайы кышы өзгөрбөй кулпуруп тура берет. Ал терек өсүп чыккандан бери Эшимканга дөөлөт үстүнө дөөлөт келет.Бир эмес төрт жолу колхоздун ударниги болот. Эчкилери эгиздеп эмес, сегиздеп тууп, аялы ушул жашка келип уул төрөйт. Ак пейил колхозчу Эшимкан эмгегинен баар тапкан, жөнөкөй, берешен адам. Ошондуктан эл да Эшимкандын ак ниеттүүлүгүнөн табият да ага багынды деп теректи Эшимкандын тереги деп атап койгон. |
| 2.Поэмадагы башкы каар-ман Эшим-кан ким болгон? | Жооп: колхозчу | Терек кандай касиеттерге ээ? | Терек жөн эле өспөйт башка бактай айлап, айлап-жылдап өсөт.Терек биздин замандын шат күнүнө жараша күлүп,ырдап саат сайын кучагын жайып өсөт. Ал дайым жашарып турат. Картайып кары кары болбойт, саргайып сары күздө сары болбойт, жашарып жай күнүндөй |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | дайым жашыл. Анткени ак ниеттин күчү колдойт. Ошентип, терек Эшимкан жана башка ак ниет адамдардын бардык жакшы ниеттерине тилектеш. Эгер адам баласынын башына бакыт консо, теректи күзгү бороон, ызгаардуу суук, аяз, жайкы аптапда саргайтып, куурата албайт. Ал гана эмес Ооруулар бир түп түнөп конуп кетсе үч күндө сак саламат соого айланат. |
| 3.Легендага айланган Эшимкан-дын тереги өскөн өйүз-дүнаталы-шы? | Жооп: Жыламыш-тын өйүзү | Автор Калмат ме-нен Шорукту поэмада кандай сүрөттөйт? | Жооп:Калмат жана Шоорук экөө тең жалкоо жатып ичер уруулар, эл арасында ынтымактуу турмушка суук көзүн салган шүмшүктөр эле.Эр-азаматтын баары курал көтөрүп душманга карай Мекенди коргоого кетсе, алар дайыма кара ниеттикти ойлоп жеңил оокатын жолун издешет. |
| 4.Поэмадагы терс каар-мандар? | Калмат, Шоорук | Теректи кесип отун кылууга экинчи жолу аракеттенген Калмат менен шорукту Эшимкан кантип жазалайт? | Терекке байлап салат. Терек алардын бүт жаман сапаттарын, ойлорун соруп алат. Алардын жалкоолугу кетип, ыймандуу болуп калышат. |

Ошондой эле мугалим класстагы окуучулардын санына жараша топторго бөлүп, суроолорду алдын ала атайын «жеңил» жана «оор» суроолорду таблицанын үлгүсүндөй даярдап, топторго таркатса да болот. Окуучулар сабакта алган билимдерин таблицанын негизинде суроолорго жооп берип, мугалимдин жардамы менен талкуулашат. Бул усулду колдонууда сабакта мугалим ар бир окуучуга өзгөчө көңүл буруп, тыгыз байланышта иш алып баруусуна мүмкүндүк берет.

Азыркы мектептин алдында турган зор милдеттер негизинен жаштарды окутуу жана тарбиялоо процессинде ишке ашырылат. Ал эми окутуу жана тарбиялоо процессинин бардык маселелеринин ичинен сабак эң негизги орунду ээлейт. Сабакта инсанды калыптандыруу балдардын акылынын өсүшү дайыма алардын жалпы өнүгүшүнө камтылат да жалпысынан алганда инсанды калыптандыруу менен тыгыз байланыштуу. Бирок, тилекке каршы, айрым учурда сабакта билим гана берилет, сабакта баланын интеллектуалдуу жагы гана калыптанат деп ойлойбуз. Бирок андай эмес чындыгында дал сабактын өзүндө личносттун фундаменти түптөлөт, анткени сабак бул окутуу-тарбиялоо ишинин негизги формасы [5-6].

## Жыйынтыктар:

1. «Эшимкандын тереги» поэмасын окутууда колдонулган окутуунун технологиялары аркылуу окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандыруу;

2. «Эшимкандын тереги» поэмасын окутууда колдонулган технологиялар окуучулардын сабакка болгон кызыгууларын арттыруу менен өз алдынча чыгармачылык менен иштөөсүнө өбөлгө түзөт;

3. Изилдөөнүн натыйжасында мугалим сабакта ар бир окуучуга өзгөчө көңүл буруп, тыгыз байланышта иш алып баруусуна мүмкүндүк берет. Макала жалпы билим берүүчү орто мектептеринин кыргыз тили жана адабият мугалимдерине сабакта колдонууга сунушталат.

## Колдонулган адабияттар:


1. **Абдураимова, З.С.** Мугалим,сабак жана сынчыл ойлом стратегиясы. Толукталып, оңдолуп экинчи басылышы [Текст] / З.С. Абдураимова.- Ош: Кагаз ресурстары, 2021.-8 б.
2. **Муратов, А.Ж.** Окутуунун жаңы технологиялары [Текст] / А.Ж.Муратов. – Бишкек: kitep.kg, 2017.- Б.10-12.
3. **Доолотбакова, Р.** Нарын мамлекеттик университети. Филология жана педагогика [Текст] / Р.Доолотбакова // Илимий статьялардын жыйнагы II чыгарылыш.-Бишкек, 2002.- Б.32-33.
4. **Муратов, А. Ж.** Окутуунун жаңы технологиялары [Текст] / А.Ж.Муратов.- Бишкек: kitep.kg,, 2017.- Б.180-189.
5. **Бекбоев, И.Б.** Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б. Бекбоев. – Бишкек: Улуу тоолор, 2015.- 282 б.
6. **Жусупова, Д.Ы.** Отражение педагогических идей в фольклоре кыргызского народа [Текст] / Д.Ы. Жусупова // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ. 2014. - №2. – С. 55 – 58.


DOI: 10. 54834 / 16945220_2021_3_ 129

Поступила в редакцию 17. 11. 2021г.

**УДК 372.851.4**

***Курбанбаева Н.Н.***
*к. ф.-м.н., доцент Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*
***Токтобаева Г.Т.***
*ст. преп. Ошского технол. универ. им. М.М. Адышева, Кыргызская Республика*
***Аблазова А.А.***
*магистрант Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*
***Маматова А.Г.***
*магистрант Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

# ГЕОМЕТРИЯЛЫК ТҮЗҮҮГӨ БЕРИЛГЕН МАСЕЛЕНИН ЧЫГАРУУНУН ЭТАПТАРЫ МЕНЕН БЛУМДУН ТАКСОНОМИЯСЫНЫН ОРТОСУДАГЫ БАЙЛАНЫШТЫ ИЗИЛДӨӨ

*Бул макалада геометриялык түзүүгө берилген маселелердин чыгаруунун этаптары менен Блумдун таксономиясынын ортосундагы байланыш аныкталган Геометриялык түзүүгө берилген маселелерди чечүүнүн негизги принциптеринин бирин жакшы чагылдыруу максатында изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Түзүүгө берилген геометриялык маселелерди Блумдун таксономиясы менен чечүү усулу колдонулду. Мугалимдин геометрияны окутууга, анын ичинен геометриялык түзүүлөрдүн*

*теориясы жана практикасы менен окуучуларды өз алдынча түздүртүүдө геометриялык түзүүгө берилген маселелер Блумдун таксономиясына "ылайык түзүлгөн деп эсептөөгө болот жана мындай маселелерди чыгаруу иш аракетинде студенттердин ой жүгүртүүсү "таанып билүү шатысынын бардык баскычтарын басып өтөт жана түшүнүктү таанып билүүнүн жогорку тепкичине көтөрүлүү үчүн шарт түзөөрү айтылды. Геометриялык түзүүлөрдүн теориясы жана практикасы, геометрия илиминин бир бөлүгү болуп саналат жана ал конструктивдүү геометрия деп аталат. Келечектеги инженерлер, конструкторлор, куруучулар, чийүү кызматкери үчүн, геометриялык түзүүлөрдү өздөштүрүүсү чоң практикалык мааниге ээ.*

***Негизги сөздөр:*** *геометриялык түзүүгө берилген маселелер; түзүүгө берилген маселени чыгаруунун этаптары; Блумдун таксономиясы; "таанып билүү шатысы".*

## ИЗУЧЕНИЕ СВЯЗИ МЕЖДУ ТАКСОНОМИЕЙ БЛУМА И ЭТАПАМИ РЕШЕНИЯ ЗАДАЧИ ГЕОМЕТРИЧЕСКОГО ПОСТРОЕНИЯ

*В данной статье было проведено исследование, чтобы лучше отразить один из основных принципов решения задач геометрического построения, который выявил взаимосвязь между этапами решения задач геометрического построения и таксономией Блума. Использовался метод решения геометрических задач с таксономией Блума. Проблемы, поставленные учителем при обучении геометрии, включая теорию и практику геометрических построений, и самостоятельное построение геометрических построений, можно считать «мутными» в систематике Блума, которые, как утверждается, создали условия для восстания. Теория и практика геометрических структур является частью науки о геометрии и называется конструктивной геометрией. Для будущих инженеров, проектировщиков, строителей и чертежников освоение геометрических структур имеет большое практическое значение.*

***Ключевые слова:*** *геометрические задачи на построение, этапы решения геометрической задачи на построение, таксономия Блума, "лестница познания".*

## EXPLORING THE RELATIONSHIP BETWEEN BLOOM'S TAXONOMY AND THE STEPS OF SOLVING THE PROBLEM FOR GEOMETRIC CONSTRUCTION

*In this paper, research has been conducted to better reflect one of the basic principles of solving problems of geometric construction, which identified the relationship between the stages of solving problems of geometric construction and Bloom's taxonomy. The method of solving geometric problems with Bloom's taxonomy was used. The problems posed by the teacher in teaching geometry, including the theory and practice of geometric constructions and the independent construction of geometric constructions, can be considered as muddy in Bloom's taxonomy, and students' thinking in solving such problems It was said to create the conditions for the uprising. The theory and practice of geometric structures is part of the science of geometry and is called constructive geometry. For future engineers, designers, builders, and drawing workers, mastering geometric structures is of great practical importance.*

***Key words:*** *geometrical tasks for construction, steges of solytion of geometrical tasks, Bloom's taxonomy, "stairs of cognitive process".*

Түзүүгө берилген ар кандай маселеде кандайдыр берилген фигуралар боюнча бул же тигил шарттарды канааттандыруучу, берилген фигуралар менен байланышта болгон изделүүчү фигураны түзүү талап кылынат жана изделүүчү фигураны кандай чийүү куралдарынын жардамы менен түзүү керектиги көрсөтүлөт (ачык айтылат же түшүнүктүү болот). Мында төмөндөгүдөй куралдардын ар түрдүү комбинациясы болушу мүмкүн: сызгыч, бурчтук, транспортир, циркуль, эки жактуу сызгыч ж.б.

Геометриянын мектеп курсунда демейде циркуль жана сызгычтын жардамы менен түзүүгө берилген маселелер каралат. Ошондуктан мындан ары бардык түзүүлөр ушул куралдардын жардамы менен аткарууга тийиш деп эсептейбиз.

Сызгыч, бул түзүүнүн куралы болуп, ал масштабдык бөлүүлөргө ээ эмес жана анын жардамында берилген эки чекит аркылуу өтүүчү түз сызыкты жана анын бөлүктөрүн жүргүзүү мүмкүн деп алабыз. Геометриялык түзүүлөрдүн куралы катары циркулдун жардамы менен борбору берилген же түзүлгөн чекитте жайланышкан жана радиусу берилген же түзүлгөн кесиндиге барабар болгон айлананы жана анын жаасын сызуу мүмкүн.

Мейкиндикте кандайдыр бир тегиздикти алабыз жана аны негизги тегиздик деп атап коебуз. Каралуучу фигуралардын бардыгы ушул тегиздикте жатышат деп эсептейбиз. Негизги тегиздиктин чекиттери, түз сызыктары жана айланалары циркуль жана сызгычтын жардамы менен түзүүгө берилген маселелерде өзгөчө роль аткарышат. Ошондуктан аларды негизги фигуралар деп атайбыз. Негизги фигуралардан башка дагы эң жөнөкөй фигуралар катарында: кесиндилер, шоолалар, бурчтар, жарым тегиздиктер, көп бурчтуктар жана айланалардын жаалары каралат. Бул фигуралардын ар бири чекиттердин, түз сызыктардын же айланалардын берилиши менен аныктала тургандыгын белгилейбиз. Мисалы, $AB$ кесиндиси $A$ жана $B$ чекиттери, $AB$ түз сызыгы менен аныкталат. Шоола болсо башталышы (б.а. чекит), өзү жаткан түз сызык жана анын кандайдыр бир чекити менен аныкталат. Ошентип, жалпылыкты бузбастан, түзүүгө берилген ар кандай геометриялык маселеде берилген кандайдыр бир негизги фигуралар боюнча башка негизги фигураларды (чекиттер, түз сызыктар же айланалар) түзүү талап кылынат деп эсептөөгө болот.

Чекиттер жана түз сызыктар тиешелеш түрдө латын алфавитинин чоң жана кичине $A, B, C, ...; a, в, c, ...$ тамгалары менен белгиленет. Кесиндилер жана бурчтар үчүн алардын кадимки $(AB, CD, \angle BOA, \angle A)$ белгилөөлөрүнөн башка дагы төмөндөгүдөй белгилөөлөрдөн пайдаланабыз: $\overline{a}, \overline{b}, \overline{c}$ - кесиндилер, $a, b, c$ - тиешелеш түрдө алардын узундуктары; $\overline{\varphi}, \overline{\psi}$ - бурчтар, $\varphi, \psi$ - тиешелеш түрдө алардын градустук чендери. Айланаларды демейдегидей $(O, r)$, $(M, AB)$ аркылуу же айрым учурларда $\gamma, \omega$ тамгалары менен белгилейбиз.

Түзүүгө берилген маселенин коюлушун жалпы түрдө айтуу үчүн төмөндөгүдөй макулдашууларды киргизебиз. Түзүүгө берилген ар бир маселени коюуда жана чыгарууда белгилүү эреже боюнча негизги фигуралардын (б.а. чекиттер, түз сызыктар жана айланалар) кандайдыр бир $\Omega$ көптүгү алынат деп эсептейбиз. Бул көптүктүн ар бир элементи түзүлгөн фигура деп каралат. $\Omega$ көптүгүнүн ар бир түз сызыгы же айланасы бүтүн обьект – көптүктүн элементи катары каралат. Мисалы, эгерде $\gamma$ - түзүлгөн айлана болсо, анда мындан $\gamma$ айланасынын бардык чекиттери түзүлгөн чекиттер экендиги келип чыкпайт. Анын үстүнө $\gamma$ айланасынын борборунда түзүлгөн чекит деп айта албайбыз. Бул айлананын кээ бир чекиттери өз алдынча фигура катары түзүлгөн болушу мүмкүн. Бирок бул маселенин шартында айтылууга же түзүү процессинде келип чыгууга тийиш.

Түзүүгө берилген маселени чыгарууда төмөндөгүдөй схемадан пайдаланышат. Маселенин чыгарылышы төрт бөлүккө бөлүнөт: анализ, түзүү, далилдөө жана изилдөө. Бул бөлүктөрдүн ар бирине кыскача токтолобуз.

I. *Анализ* же маселенин чечимин издөө - бул маселени чыгаруунун жолун табуу максатында берилген фигуралар менен изделүүчү фигуранын ортосундагы көз

карандылыктарды табуудан турат.

Маселени анализдөө үчүн ал маселени чечилди деп эсептеп, изделүүчү жана берилген фигуралар сүрөттөлгөн болжолдуу чийме чийилет. Андан кийин изделүүчү фигура жана анын маселенин берилишиндеги фигуралар менен байланышы изилденет. Натыйжада маселенин чечимине алып келүүчү, удаалаш түзүүлөр келип чыгат. Кээ бир учурларда изделүүчү фигураны түзүү кандайдыр бир чекитти, түз сызыкты, бурчту же кесиндини ("түзүүнүн негизги элементи") деп аталуучу түзүүгө алынып келинет. Түзүүнүн негизги элементинин жардамы менен изделүүчү фигура оңой эле түзүлөт.

II. *Түзүү* - маселени чыгаруу үчүн аткарууга тийиш болгон түзүүлөрдүн (эң жөнөкөй жана негизги) удаалаштыгын аныктоодон жана аларды аткаруудан турат. Мында чийме чийилет, б.а. циркуль жана сызгычтын жардамы менен аныкталган удаалаштык боюнча изделүүчү фигураны түзүү ишке ашат.

III. *Далилдөө* – түзүлгөн фигура чындыгында маселеде коюлган шарттардын баардыгын канааттандыра тургандыгын негиздеп көрсөтүүдөн турат. Бир катар учурларда далилдөө түзүүнүн жүрүшүнөн түздөн-түз келип чыгат.

IV. *Изилдөө* – төмөндөгү эки суроого жооп берүүдөн турат:

- Берилгендерди каалагандай тандап алган учурда деле маселе чечимге ээ болобу, б.а. изделүүчү фигураны циркуль жана сызгычтын жардамы менен ар дайым эле түзүүгө болобу?
- Берилгендерди тандап алууну мүмкүн болгон ар бир учурунда маселе канча түрдүү чечимге ээ болот?

Чечимдердин санын аныктоо үчүн түзүү берилген маселелерди эки типке бөлүшөт. Биринчи типтеги маселелерде берилген фигуралардын кээ бирлерине карап изделүүчү фигуранын абалын аныктоо талап кылынат. Бул учурда маселенин шартын канааттандыруучу эки фигура бири-бирине барабар болушса да, берилген фигураларга карата өздөрүнүн жайланыш абалдары менен айырмаланып турушса, анда ал фигуралар ар түрдүү деп эсептелинет (төмөндө 1-маселени карагыла).

Экинчи типтеги маселелерде изделүүчү фигуранын берилген фигураларга карата жайланыш абалы мааниге ээ эмес. Башкача айтканда, эгерде $F_1, F_2, \ldots, F_k$ – берилген фигуралар, ал эми $\Phi$ - изделүүчү фигура болсо, анда негизги тегиздиктин ар кандай кыймылында $\Phi$ фигурасынын элеси $\Phi'$ дагы берилген $F_1, F_2, \ldots, F_k$ фигураларына карата маселенин чечими болот. Бул учурда ар бири маселенин шартын канааттандыруучу, бири-бирине барабар болушкан фигуралардын бардыгы бир чечим катары эсептелет. Бул типтеги маселеге мисал болуп үч жагы боюнча үч бурчтукту түзүү маселеси кирет. Жактары тиешелеш түрдө берилген кесиндилерге барабар болушкан үч бурчтуктардын чексиз көптүгүн түзүүгө болот. Бирок, алардын ичинен каалаган экөө үч жагы боюнча барабар болушат. Ошондуктан маселе бир гана чечимге ээ деп эсептейбиз (эгерде маселе чечимге ээ болсо).

3. Жогорудагы схеманы мисал менен көрсөтөлү.

1-маселе. $(O, r)$ айланасы жана анда жатпаган $A$ чекити берилген. $A$ чекити аркылуу айланага жаныма жүргүзүлсүн.

Чыгаруу. 1-этап. Маселени анализдейбиз.




1- сүрөт. Айланага жаныма жүргүзүү

Маселе чечилген болсун жана $a$ - изделүүчү түз сызык, б.а. $(O,r)$ айланасын $P$ чекитинде жанып өтсүн (1чийме, а). $\angle OPA$ бурчу тик бурч болгондуктан, $OA$ кесиндиси тик бурчтун алдында көрүнө тургандай $P \in (O,r)$ чекитин түзүүгө алынып келинет. Бул чекит түзүүнүн негизги элементи болуп эсептелет. $P$ чекити диаметри $OA$ кесиндиси болгон айланада жата тургандыгын билебиз.

2-этап. Түзүү (1чийме, б).

1) $OA$ түз сызыгын жүргүзөбүз.

2) $OA$ кесиндисинин орто чекитин табабыз.

3) $(M, MA)$ айланасын түзөбүз.

4) $(O,r)$ жана $(M, MA)$ айланаларынын кесилиш чекиттерин $(P$ *жана* $Q)$ табабыз.

5) $AP$ жана $AQ$ түз сызыктарын жүргүзөбүз.

3-этап. Далилдөө. $AP$ жана $AQ$ түз сызыктары изделүүчү түз сызыктар экендиги түзүүдөн келип чыгат. Чындыгында, $\angle OPA = \angle OQA = 90^0$ болгондуктан, $AP \perp OP$ жана $AQ \perp OQ$. Мындан $AP$ жана $AQ$ түз сызыктары $(O,r)$ айланасына жанымалар экендиги келип чыгат.

4-этап. Изилдөө. Маселе качан гана берилген айланада $OA$ кесиндиси тик бурч алдында көрүнө тургандай чекит жашаган учурда (5-чийме, а), б.а. $(M, MA)$ жана $(O,r)$ айланалары жалпы чекиттерге ээ болушкан учурда чечимге ээ болот. Мында чечимдердин саны бул айланалардын жалпы чекиттеринин санына барабар.

Эки учурдун болушу мүмкүн:

*This article analyses the perceptions of high school students for their schools through only negative metaphors. The subject of this study are metaphors which were collected from high school students in Kyrgyzstan. The aim of this research is to analyze the date through metaphors and determine the problems in the education system. In this study methods such as literature analysis, content analysis and event-analysis were used. 1433 high school students from 27 schools in different regions of Kyrgyzstan participated in this study. The findings show that almost one-third (1/3) of students were dissatisfied with the teaching methods, teachers' attitudes to the students in schools, and the whole education system. Recommendation: To improve the technical education equipment and learning materials in schools and provide the opportunities for teachers to develop themselves professionally.*

***Keywords:*** *Kyrgyzstan, school, high school students, negative metaphors, unpleasant and controlled places, problems of schools.*

**Киришүү.**

Кыргызстандын эгемендүүлүгүнө чейрек кылымдан ашык убакыт өткөнүнө карабастан, өлкөдөгү билим берүү тармагына дале болсо жетиштүү жана керектүү көңүл бурулбай келет. Учурда коом социалдык жактан эле эмес, илим-билим жана руханий жактан да кризис ичинде жашап келүүдө. Акыркы жылдарда мектепке барбаган жаш өспүрүмдөрдүн саны өсүүдө. Мында эгемендүүлүктөн кийинки өлкөдөгү экономикалык, саясий жана социалдык кризистер, туруксуздук, жумушсуздук сыяктуу проблемаларды

көрсөтүү мүмкүн. Ошондой эле өлкөдөгү мектептердин билим берүү деңгээли көпчүлүк окуучулардын талаптарын дээрлик канааттандырбай келет.

Кыргызстан эгемендүүлүгүнүн алгачкы жылдарынан баштап билим берүү саясатын түзүүгө киришкен. Бирок билим берүү саясатын түзүү аракети алгылыктуу натыйжа берген эмес. Көптөгөн жылдар бою Советтик билим берүү системасынын “эң сонун” экенине “Советтик адамдын” идеалына терең ишенген педагогдор жаңы жана эффективдүү билим берүү системасын түзө алышкан эмес [1,1-б]. Натыйжада билим берүү системасы тоталитардык марксисттик-лениндик идеологиядан демократияга жана плюрализмге өтүүдө ара жолдо калып калган. Муну менен бирге өлкөдөгү экономикалык кризис билим берүү тармагына да өз таасирин тийгизген. Мугалимдердин айлык акыларынын аздыгынан, маянанын өз убагында берилбешинен улам массалык түрдө иш таштоолору же башка иштерге, өзгөчө соода тармагына өтүүлөрү мектептерде билим берүү деңгээлинин кескин түрдө төмөндөшүнө себеп болгон.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында табигый процесс катары өлкөдө билим берүү тармагын заманбап талаптарга карата жаңылоо жана реформалоо маселеси келип чыкканы менен билим берүү жаатында коомдук аң-сезимге туура келген, заманбап талапка ылайыкташтырылган система иш жүзүнө ашырылган эмес. Себеби, өлкөдөгү экономикалык жана социалдык кризистер окуучулардын билим алууга болгон мамилесин да өзгөрткөн. Учурда кээ бир окуучулардын мектептерди жана билим берүү тармактарын өздөрүн өнүктүрө турган мекеме катары эмес, тескерисинче көпчүлүк учурда «*мамлекет аларды алаксытып турган индустриалдык тармак же убакыт өткөрүүчү жай*» катары көрүүсү байкалууда.

Бул макалада Кыргызстандагы мектеп окуучулары арасында жүргүзүлгөн метафоралык изилдөөлөрдүн негизинде окуучулардын мектепке болгон мамилелери жана билим берүүдөгү негизги көйгөйлөрдү талкууга алуу максаты көздөлдү.

**Билим берүү системасында көзөмөлдөө функциясы жана негизги көйгөйлөр.**

Билим берүүнүн тагдыры бийлик менен коомдун аң-сезимдик деңгээлинен көз каранды. Ал эми индивиддин өсүп-өнүгүүсү билимдин сапатынан жана жетишкен чөйрөсүнөн көз каранды. Билим менен чөйрөнүн ортосундагы байланыш индивиддин, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгына багытталганда гана билим берүүдө жаңы парадигмалар жаралышы мүмкүн. Байланыш жасалма негизге таянган болсо, анда жаңы парадигмалар жаралбай, билим берүү да “жасалма” болуп, “үстүртөн, катардагы же өзгөчөлөнбөгөн” абалда калат. Мындай абалда бийликтин жана системанын мааниси билинет. Бийлик өзү жүргүзгөн системага ылайык билим берүүгө маани берип өнүктүрөт же стандартташтырып нормалдаштырат, же калыпка салат, же болбосо көңүл бурбай таштап коёт. Луи Альтюссер (1918-1990) менен Мишель Фуко (1926-1984) билим берүү системасын бекеринен мамлекеттин идеологиялык куралдарынан бири катары белгилешкен эмес [2], [3]. Фуко өзүнүн эмгектеринде XIX кылымдын башынан бери бирдей эрежелерге баш ийген көптөгөн мекемелердин пайда болгонуна токтолот. Анын ою боюнча дисциплинага, тартипке салынган ооруканалар, психиатриялык ооруканалар, жетимдер үйү, мектептер, билим берүү мекемелери, фабрикалар, заводдор, ательелер жана түрмөлөрдүн баары шексиз түрдө индустриалдык же капиталисттик коомдун функционалдык шарттарынын бири катары эсептелген бийликтин коомдук формасынын бөлүгүнө айланган [4, 126-б].

Билим берүү мекемелери башка мекемелер сыяктуу эле «нормалдуу» жана «нормативдүүнү» коргоочу борборлор катары индивиддердин үстүнөн заманбап күзөтчүлүк функциясын, ал эми билим берүү индивиддерди коомдук «нормалдуулукка» ылайык өнүгүү процессине ыңгайлаштыруу жана коомдук нормалдуулуктан башка «патологиялык» жүрүм-турумдарды электен өткөрүү функциясын аткарат.

«Нормалдаштыруу» процессинде билим берүүнү башкаруучулардын функциясы - ошол коомдук системада нормалдаштырылган, коомдук тартипке ыңгайлашкан жана тартипке салынган индивиддердин тарбиялануусун текшерүү жана көзөмөлдөө болуп саналат [5, 262-б]. Фуко мындай абалды б.а. бала бакчадан жана мектептерден баштап карылар үйүнө чейинки системаны бийликтин «мажбурлоо куралы же камчысы» деп баалайт. Ошентип бийлик жаңы башкаруу формасын «акыл үстүнө акылдын» бийлик кылуу түрүн, б.а. *паноптикон моделин*[1] киргизген [6, 126; 135-б].

Мектептер Фуконун ою боюнча эрежелерге баш ийүүчү жана жоболорду ишке ашыруучу жер. Мектеп үйрөтүүчү, ошол эле убакта көзөмөлдөөчү, иерархиялык абалга алып келүүчү жана сыйлык берүүчү машинанын функциясын да аткарат. Мындан улам Фуко мектепти кандайдыр бир жазалоочу жер, жазалоо механизми функционалдуу болгон түрмө сыяктуу карайт. Мектеп активдүү көзөмөлдөө механизминен жана өзү көрүнбөй туруп көзөмөлдөөгө таянган дисциплиналардан да турат. Бирок бул жерде жазаландырылган нерсе дене эмес, акыл болуп саналат [7, 182-б]. Учурда да билим берүү мекемелеринде институттук күч тартипке салынган системада байкалат. Бул жерде жетекчи жана мугалимдер тартип жана институттук күчтүн өзүнчө агенттик функциясын аткарат. Билим берүү тармагындагы бул агенттер тарабынан орундалган «көзөмөлдөөнүн» негизги максаты - «нормалдаштыруу» болуп саналат [8, 182-б]. Заманбап билим берүү түшүнүгүндө «нормалдаштырылган» мугалим жана билим берүү жетекчилери сыйлык берүү же жазалоо техникаларын колдонуу аркылуу окуучуларды «нормалдаштырууга» милдеттүү. Бул жерде негизги маселе, эрежелердин жана дисциплиналардын натыйжасында тартипке келтирилген, дене менен бирге чектелген, калыпка салынган, «нормалдаштырылган» ойлом жана акыл. Эң оору да адам баласынын чыгармачылык, таанып билүүчүлүк жөндөмүнүн жана өздүк болумунун, жеке «Менинин» стандарттардын же «нормалдаштыруунун» арасында эрип, жоголуп кетүүсү. Фуко тарабынан негизги проблема катары көтөрүлүп чыккан бийликтин көзөмөлдөөлөрүнөн турган системанын азыркы тапта заманбап технологиянын өнүгүүсү менен бирге башка этапка өткөнүн өзгөчө белгилеп кетүүгө болот. Көзөмөлдөөнүн заманбап формасы катары көпчүлүк мектептердин ичинде жана сыртында видео камералар жайгаштырылган. Мугалимдер окуучулардын ар бир кыймылын каалаган учурда көзөмөлдөй алышат же каалагандай максатта колдоно алышат.

Мындай «нормалдаштыруу» же «стандартташтыруу» системасы Советтер Союзу учурунда да колдонулуп келген. Советтер Союзунун алгачкы жылдарында бийлик максатка ылайык ар түркүн көзөмөлдөө дисциплинасын өнүктүрүп, белгилүү бир убакыттан кийин өз алдынча ойлоно албаган, коллективдүү жумушчулар армиясынан турган «бир типтүү Совет адамын жаратууда» же болбосо «коммунизмди куруучу бирдей типтеги муундарды тарбиялоодо», кыскасы «жасалма Совет адамын» жаратууда чоң ийгиликке жетишкен. Ушул жол менен «Советтик көнүмүштөр» аң-сезимге сиңдирилген. Совет идеологиясынын

алкагында бир типтүү совет адамын жаратуу үчүн мектептерде да октябрёнок, пионер, комсомол иерархиясы түзүлгөн. Бул иерархия коммунизм мектебине өтүү үчүн баскыч болгон. Мугалимдердин, директорлордун, профсоюз уюмунун, партиянын көзөмөлдөөсүнүн натыйжасында мектептер социалисттик коомдун шарттарына ылайык, ийгиликтүү иштөөгө даяр, социалдык жактан пассивдүү, чыгармачылыгы чектелген, мамлекеттин каалоосун аткарган бүтүрүүчүлөрдү чыгарган. Мектептер так ушунусу менен гениалдуу болуп эсептелген [9].

Постсоветтик Кыргызстанда советтик доордогудай эле билим берүүдө «көзөмөлдүн», «нормалдаштыруунун» жана «стандартташтыруунун» уланып жатканын байкоого болот. Жаш муундар азыр деле тилекке каршы чындыктан узак, мифтер ичинде тарбияланышууда. Советтик системанын таасири менен постсоветтик Кыргызстандын алгачкы жылдарында билим берүү системасынын бир проекти катары мектептерге «Манас», «Семетей», «Сейтек» иерарахиясы жана улуттук идеологияны окуучулардын аң-сезиминде жандандыруу максатында «Манастын жети осуяты» киргизилген [10]. Бирок канчалык деңгээлде билим берүүдөгү мындай «жаңылануунун» эффективдүү боло алгандыгы талаш жаратса да, окуучулардын белгилүү бир калып ичинде тарбияланууга шартталгандыгы чындык.

Мындай программалар өлкөнүн, коомдун жана индивиддин кызыкчылыгын коргогон стратегиянын негизинде иштелип чыкпагандыктан, кандайдыр бир системанын ичинде окуучуларды көзөмөлдөө жана контролдоо функциясын аткарууда ийгиликке жеткенин айтууга болот. Бийлик жана коом дале болсо жаштарды тарбиялоодо эски көнүмүштөрдөн жана психологиядан арыла албагандыктан, билим берүү тармагындагы проблемалар чечиле элек. Жалгыз гана мектептерде эмес бардык билим берүү мекемелеринде жана институттарында «стандартташтырылган», «нормалдаштырылган» максатсыз индивиддер тарбиялануууда. Окуучулардын келечеги үчүн заманбап талаптарга жооп бере алган чөйрө жаратылбагандыктан, «ой-келди чөйрөдө тарбияланып» жаткан муундар туңгуюкка түртүлүүдө.

**Изилдөө методу.**

Бул изилдөөдө илимий адабияттардын анализи, контент анализ, сапаттык изилдөөнүн «окуя анализи» методдору колдонулду. Контент анализ - негизинен бири-бирине окшош маалыматтарды белгилүү түшүнүктөргө жана темаларга топтоштуруп, аларды окугандарга түшүнүктүү боло тургандай формада же тартипте аныктама берүү [11, 227-б]. «Окуя анализи» (phenomenology) методу– бизге чоочун эмес, күнүмдүк турмушта байкалган, бирок терең жана деталдуу билбеген окуяларды анализдеген изилдөө методу болуп саналат. Мындан сырткары иш күчүн жана убакытты үнөмдөгөн «ыңгайлуу өрнөктөмө группалары» аркылуу маалымат топтолду. Ыңгайлуу өрнөктөмө группасы – бир нерсе тууралуу терең маалымат алууну көздөгөн, терең анализ жасоого мүмкүнчүлүк түзгөн жана максимум түрдүүлүк камтыган ыңгайлуу группа болуп эсептелет [12, 72; 107-б].

**Изилдөөнүн өрнөктөмө группасы жана маалымат топтоо.**

Изилдөөгө 2019-2020-окуу жылында өлкөбүздүн Баткен, Ош, Жалал- Абад, Нарын, Ысык-Көл, Чүй аймактарында жана Бишкек шаарында жайгашкан жалпы 27 мектептен 9-10-класстарда окуган 1433 окуучу катышты. Аларды төмөндөгүдөй таблица түрүндө берүү мүмкүн:

1-Таблица. Мектептердин аттары жана окуучулардын саны

| № | Мектептин аты | Окуучулардын саны |
|---|---|---|
| 1 | Алай району, С. Жаанбаев атындагы №33 орто мектеп | 57 |
| 2 | Аксуу району, З.Cооронбаева атындагы орто мектеп | 63 |
| 3 | Аксы району, А. Кабаев атындагы орто мектеп | 55 |
| 4 | Аксы району, А. Осмонбаев атындагы орто мектеп | 35 |
| 5 | Аксы району, К. Шеркулов атындагы №12 орто мектеп | 49 |
| 6 | Ак Талаа району, А. Абдраимов ат. орто мектеп | 58 |
| 7 | Аламүдүн району, Озерный орто мектеби | 84 |
| 8 | Баткен шаары, Баткен областтык гимназия-жатак мектеп | 54 |
| 9 | Баткен шаары, С. Айтматов орто мектеби | 46 |
| 10 | Бишкек шаары, №5 компьютердик гимназия-мектеп | 97 |
| 11 | Бишкек шаары, №2 орто мектеп | 67 |
| 12 | Бишкек шаары, №75 орто мектеп | 32 |
| 13 | Бишкек шаары, №83 орто мектеп | 43 |
| 14 | Жайыл району, Данаке Иманов ат. орто мектеп | 48 |
| 15 | Жайыл району, Сосновка орто мектеби | 39 |
| 16 | Кадамжай району, Саид Баюми ат. орто мектеп | 52 |
| 17 | Кант району, Кант шаары, №1 П.Д.Зубков ат. орто мектеп | 44 |
| 18 | Кара Кулжа району, Ш.Жээнбеков ат. орто мектеп | 46 |
| 19 | Кара Кулжа району, Ө. Абдылдаев ат. орто мектеп | 52 |
| 20 | Кара Кулжа району, А. Осмонов ат. орто мектеп | 38 |
| 21 | Кемин району, №1 Ж.Садыков атындагы орто мектеп | 70 |
| 22 | Кочкор району, М. Абдылдаев атындагы мектеп | 46 |
| 23 | Лейлек району, Тайлан орто мектеби | 25 |
| 24 | Ноокен району, №13 Рахманжан орто мектеби | 62 |
| 25 | Ноокен району, №37 Токтоболот ат. орто мектеп | 51 |
| 26 | Ош шаары, №32 Ак Тилек орто мектеби | 42 |
| 27 | Тоң району, Кызыл Туу айылы, Жумаев ат. орто мектеп | 78 |
| | **Жалпы** | **1433** |

Изилдөөдө окуучулардан метафора түрүндөгү «*Мектеп....... окшош. Себеби,....*» - деген сүйлөмдү толуктоо үчүн бош орун ташталган баракчалар таратылып, алардын мектепти эмнеге окшоштурары жана себеби суралды. Алардан мектеп үчүн бир гана метафора колдонуусу, себебин түшүндүрүп, жооп жазуусу талап кылынды.

**Метафоранын колдонулушу.**

Гарет Морган метафораны «көбүнчө адамдардын дүйнөнү кандай кабыл алганына жараша айтуу» формасы деп эсептейт [13]. Давид Константиновский, Виктор Вахштайн жана Дмитрий Куракин өз изилдөөлөрүндө метафоранын аныктама берүүчү, перспективаны көрсөтүүчү функциясын белгилөө менен “түшүнүктүүнү” “түшүнүксүздөн” айырмалай турганын, “билинбеген, карама-каршы жана шектүү болгон” абалды тактоого жараганын жазышкан [14].

Метафора кишинин кабыл алуусуна, түшүнүүсүнө сиңген пикир, көз караш болуп саналып, кишинин бир ой жүгүртүү формасынан экинчи ой жүгүртүү формасына өтүүсүнө, окуя, нерсени башкача көрүүсүнө жардам берет. Жаңы ойду жаратып, дүйнөнү таанууда ар тараптуу кароого түрткү болот. Нерсеге, окуяга, кубулушка, абалга метафоралык көз караш менен кароо ошол абалдын так түшүнүлүүсүндө колдонулган кыйыр сөздө болот. Окуяны же абалды түшүнүүдө кишинин көңүлүн өзүнө буруп, үстүртөн эмес ички мазмунун терең карап, так кабыл алуусуна өбөлгө болот [15].

Педагогдор метафораны бир нерсени башка нерсеге окшоштуруу аркылуу окуучулардын көңүлүн темага буруу, аң-сезиминде чагылуусу, үйрөнүүсү үчүн курал катары колдонушат. Максим Аникеев мектепти башкаруу темасында метафораларды колдонгон. Билим берүү тармагында «мектеп, университет, жетекчи, мугалим, окуучу» түшүнүктөрүнүн башкалар тарабынан кабыл алынган образдары тууралуу метафоралык изилдөөлөрдү кездештирүүгө болот [16].

**Маалыматтарды анализдөө.**

Бул изилдөөдө окуучулардан топтолгон маалыматтар; аныктама берүү, талдоо, жана категорияга бөлүү сыяктуу 3 баскычта анализденди.

**1. Аныктама берүү баскычы.** Окуучуларга бериле турган суроо барактары даярдалып, мектептерге 9-10-класстын окуучуларына таратылды жана толтуртулду. *«Мектеп ... окшош. Себеби...»* деген сүйлөмдү толуктаган баракчалардан 1433 окуучунун мектеп тууралуу жазган метафоралары сүйлөмдүн маанисине жана метафоранын түрүнө жараша бөлүштүрүлүп тизмеленди.

**2. Талдоо баскычы.** Сүйлөм толук болбогон же мааниси так эмес баракчалар анализге алынган жок. Ар бир сүйлөм окулуп, метафорага түшүндүрмөсү төп келбеген же метафора колдонулбаган сүйлөмдөр жазылган 25 баракча жараксыз деп табылды. Калган 1408 (98.26%) окуучунун жооптору окулуп, анализденди.

**3. Категорияларга бөлүү баскычы.** Анализдене турган метафоралар кайрадан классификацияланып, бири-бирине мааниси жагынан жакын же бирдей мааниге ээ болгондор өз-өзүнчө топтолду жана категорияларга бөлүштүрүлдү. Метафораларды категориялаштырууда Сабандын «Мектеп тууралуу метафоралар» аттуу изилдөөсүндө колдонгон «О24» (24-окуучу дегенди билдирет) коддоо ыкмасы бул изилдөөдө да колдонулду [17, 471-б]. Топтолгон жана жарамдуу деп эсептелген метафоралар маанисине, жакындыгына жараша категорияларга бөлүштүрүлүп, алардын саны, проценти эсептелди. Бул изилдөөдө бардык метафоралар эмес, бир гана мектеп тууралуу жагымсыз жана кайдыгер маанайдагы метафоралар анализденди.

**Изилдөөнүн натыйжасы.**

Изилдөөдө окуучулардын мектеп тууралуу оң, терс маанидеги метафораларды колдонгондуктары же кайдыгер мамиле жасашкандыктары аныкталды. Жагымсыз жана кайдыгер маанидеги метафоралардын жыйынтыгын төмөндөгүчө көрүүгө болот:

2-Таблица. Окуучулардын мектепти кабыл алуусу

| № | **Өзгөчөлүктөр** | **Сандык коэфициенти** |
|---|---|---|
| 1 | Мектеп жөнүндө жагымсыз жер катары терс ойду билдиргендер | 221 (15.69%) |
| 2 | Мектепти көзөмөлдөөчү жер катары ой билдиргендер | 83 (5.90%) |
| 3 | Мектеп жөнүндө кайдыгер ойду билдиргендер | 84 (5.97%) |
| | **Жалпы:** | 388 (27.56%) |

Жогорудагы таблицадан байкалгандай мектепти жагымсыз, көзөмөлдөөчү жер катары көргөндөр жана ага карата кайдыгер ойду билдиргендер изилдөөнүн 27.56%ын түзүшү көңүл бура турган маселелерден болуп эсептелинет.

Окуучулар мектепти билим алуунун ордуна “жөн гана достору менен жолугуучу, үй жумуштарынан тажаганда келип эс алуучу, максатсыз сабакка барып келүүчү” жер катары билдиришип, мектеп үчүн зоопарк, цирк, малкана, сарай, ферма, үңкүр, базар жана башка ушул сыяктуу терс маанидеги метафораларды колдонушкан. Мындай метафораларды төмөндөгүдөй мисалдар акылуу көрсөтүүгө болот:

*«Мектеп убакыт өткөрүүчү жайга окшош. Себеби, азыр көбүнчө мектепке жөн гана келип, эч нерсе үйрөнбөй, кайра кетишет. Жөн гана убакыт коротушат» (О1392). «Мектеп Дүйшөндүн мектебине окшош. Себеби, эски, шарттары жок, кичине» (О1362). «Мектеп эс алуучу жайга окшош. Себеби, мен мектепке келип, ойноп, күлүп, эс алып кетем» (О358). «Мектеп салтанат залына окшош. Себеби, күндө эле майрам» (О460). «Мектеп театрга окшош. Себеби, баары жөн гана роль ойноп жүрүшөт. Мугалимдер жакшы мугалимдин, окуучулар жакшы окуучунун ролун ойношот» (О816). «Мектеп үңкүргө окшош. Себеби, муздак, караңгы полдору тешик» (О785). «Мектеп сарайга окшош. Себеби, башаламан» (О418). «Мектеп ыңгайсыз жайга окшош. Себеби, жаман жыттанат, кир, суу жок, суук» (О636). «Мектеп маданияттан артта калган айылга окшош. Себеби, биздин мектепте кабинеттер эски, парталар эски, окутуу методу эски, жабдыктар эски, компьютерлер эски, мектеп өзү да эски» (О496). «Мектеп халтуранын ордосуна окшош. Себеби, эч ким өз ишин сүйүп чын жүрөктөн аткарбайт. Мугалимдер эптеп сабак өтүп коёт, окуучулар эптеп окуп коёт» (О559). «Мектеп «проходной дворго» окшош. Себеби, баары өз билгенин жасашат, эч нерсе кылышпайт, ойношот» (О1309). «Мектеп чайканага окшош. Себеби, окуучулар ашканада, мугалимдер усулканада чай ичип эле отура беришет» (О1097). «Мектеп базарга окшош. Себеби, мугалимдер кыйкырып сүйлөйт. Окуучулар базарда жүргөнсүп, тартипсиз» (О1049). «Мектеп базарга окшош. Себеби, тартип жок. Мугалимдер Avon, Faberlic, Ipar ж.б. продукцияларын, идиштерди сатышат. Окуучулар формасыз, тартипти сактабай базардагыдай жүрүшөт» (О1096). “Мектеп пансионатка окшош. Себеби, мен ал жерде эс алам” (О458). “Мектеп эс алуучу жайга окшош. Себеби, үйдөгү бүтпөгөн жумуштардан мектеп гана бир азга болсо да куткарат” (О964).*

Окуучулардын арасынан 83 (5,89%) окуучу мектепти көзөмөлдөөчү, жазалоочу жана контролдоочу жер катары көрүшкөн. Алар мектепти түрмөгө, зынданга, капаска, жиндиканага, больницага, акча топтоочу жерге, жетимдер үйүнө, тоталитардык режимге, салык инспекциясына, криминалдык дүйнөгө, армияга, завод-фабрикага, лабораторияга, карылар үйүнө окшоштурушкан жана төмөндөгүдөй сыпатташкан:

*«Мектеп жетимдер үйүнө окшош. Себеби, ата-энеси балдарын 5-6 саатка калтырып коюп унутуп калышат» (О907). «Мектеп тоталитардык режимге окшош. Себеби, окуучулардын ишине көп киришишет. Окуучулардын каалоосун эске алышпайт» (О824). «Мектеп ооруканага окшош. Себеби, баары «чокнутые» (О386). «Мектеп кош бойлуулукка окшош. Себеби, тогуз айга созулат. Кээде жүрөктү айлантат» (О273). «Мектеп түрмөгө окшош. Себеби, мектепте бардык нерсеге тыюу салынат. Мисалы, телефонго, чачты байлоого, б.а. мектепте эркиндик чектелүү. Түрмөдө да ошол сыяктуу, эркиндик жок» (О746). «Мектеп сыноо, кыйноо жерине окшош. Себеби, күн сайын ар түрдүү шылдыңдоого туш болобуз» (О776). "Мектеп шизанутая колонияга окшош. Себеби, 11 жылга тозокко түштүк. Кызыксыз, интернет жок, ызы-чуу, баары кыжырды келтирет" (О1216). "Мектеп крим дүйнөсүнө окшош. Себеби, жашы улуу балдар кичүүлөргө салык салат, рэкетчилик күчтүү. Мугалимдер да окуучулардан сый-урмат талап кылышат" (О579). "Мектеп тозокко окшош. Себеби, сабакка келгенге зордошот. Мага бул жакпайт" (О397). "Мектеп түрмөгө окшош. Себеби, тапшырманы аткарып бүтмөйүнчө сени эч жакка кое беришпейт" (О216).*

Кайдыгер ойду билдирген окуучулардын көпчүлүгүндө алардын жашоосу жана келечеги үчүн мектеп түшүнүгүнүн көп деле мааниге ээ эмес экендиги белгилүү болду. Мына ушундан улам да кээ бир окуучулар мектеп үчүн үй, бала бакча, тамак-аш, дарак сыяктуу көбүнчө оң маанини билдирген метафораларды колдонушканы менен, себебин жазууда өздөрү окуган мектептерине же жалпы эле мектеп түшүнүгүнө карата кайдыгер мамилелерин билдиришкен. Мисалы:

*"Мектеп мектепке окшош. Себеби эстегим келбейт, көргүм келбейт" (О1262, О118). "Мектеп бала бакчага окшош. Себеби, балдар ызы-чуу кылып жүрө беришет. Мугалимдердин сөзүн угушпайт" (О134.) "Мектеп эч нерсеге окшошпойт. Себеби, мен бул жерге эмнеге келгенимди деле билбейм. Жөн гана келип, досторум менен убакыт өткөрүп эле кете берем. Мугалимдерди көргүм да келбейт» (О1311). «Мектеп экинчи үйгө окшош. Себеби, көп убакыт өткөрөбүз» (О28). "Мектеп мен үчүн бакчага окшош. Себеби, ал жерден жаңы гүлдөрдү көрөм" (О1330). «Мектеп мен үчүн эч нерсеге окшош эмес. Себеби, мектепке жөн эле барып келе берем» (О131).*

Мындан сырткары окуучулар мугалимдер үчүн президент, депутат, хандын үй-бүлөсү, сот, жазалагыч, күзөтчү, молдо, дарыгер, психиатр, псих, акча топтогуч, койчу, малчы, тоок сыяктуу метафораларды колдонушкан. Ал эми окуучулар үчүн калк, кошоматчы, көзөмөлдөнгөн, суракка алынган, туткун, кызматчы, оорулуу, жинди, таштанды бала, рэкет, кой, мал, жөжө сыяктуу метафораларды жазышкан. Буга төмөндөгүлөрдү мисал катары көрсөтүүгө болот:

*«Мектеп мамлекетке окшош. Себеби, директор - президент, окуу бөлүмүнүн башчысы-премьер, мугалимдер - депутат, министр, окуучулар – эл» (О1280; О1335). «Мектеп парламентке окшош. Себеби, мугалимдер депутаттар сыяктуу бири-бирин жамандап кемчиликтерин чукуп турат. Директорду колдоочу жана каршы тарап болуп бөлүнөт» (О92, О369). «Мектеп кой сарайга окшош. Себеби, мугалимдер койчулар, окуучулар койлор» (О257). "Мектеп сарайга окшош. Себеби, бизди бир короо койго салыштырышат жана бир параметр менен өлчөгөнгө аракеттенишет" (О502). «Мектеп малканага окшош. Себеби, окуучулар малдай болуп, тарбиясы начар» (О378). «Мектеп жиндиканага окшош. Себеби, балдар да, мугалимдер да "психтер"» (О615). "Мектеп*

*тоокканага окшош. Себеби, мугалимдер тооктой болуп катуу сүйлөшөт, окуучулар жөжөдөй болуп чурулдашат” (О984).*

Мектепти жагымсыз жана көзөмөлдөө жери катары көргөн окуучулар окугусу келбегенин, үй-бүлөсүнүн жана мугалимдеринин кыйнап окутуп жатканын, сабактардын түшүнүксүз, оор, мектептеги эрежелердин өтө көп, катуу экендигин жана аларга жакпагандыгын билдиришкен. Чоң класстын окуучуларынын көбүнчө мектептен качканы, сабактарга киргиси келбегени же кирбей койгону, сабактан жадап кызыкпай чыгып кеткени, достору менен убакыт өткөргөндөрү, мектептеги буюмдарга зыян тийгизгени же эрежелерге баш ийбегени учурда кадыр эсе көрүнүш. Кээ бир мектептерде окуучулардын мугалимдер тарабынан басмырлануусу, дайыма кыймыл-аракеттеринин көзөмөлгө алынуусу, уруш угуулары, өзү каалабаса да сабакка жөн гана катышуулары ойлондурбай койбойт.

Изилдөөдө окуучулардын белгилүү бир бөлүгү мектеп үчүн жагымдуу маанидеги метафораларды колдонушса да, бул изилдөөдө жагымсыз маанидеги метафоралар каралды. Дүндардын ою боюнча, мектеп тууралуу жагымсыз абалды чагылдырган метафоралардын көпчүлүгү мугалимдердин окуучуларга болгон мамилесинен, алардын сабак өтүүдөгү кемчиликтеринен, мектептин физикалык абалынын талапка жооп бербегендигинен улам пайда болгон [18, 48; 51-б]. Чухадар менен Сарынын изилдөөлөрүндө окуучулар мектепти «окуучуларга ишенилбеген», «тыюу салынган», «адилеттүүлүк болбогон» жер сыяктуу белгилешкен [19]. Ал эми Налчажы менен Бекташта “мамлекет, диктатордук, авторитет, сарай, колония, түрмө, армия, аскердик бөлүк, жиндикана, фабрика, курулуш, короо, экзамен, дисциплина, калып, формага салган нерсе, тартип, кытай дубалы, тозок, коркунучтуу түш, чөл, ачуу калемпир” сыяктуу метафораларга басым жасалган [20, 248; 250-б]. Окуучулардын мектеп үчүн “түрмө, учу көрүнбөгөн туннель, үй, жиндикана, оорукана, кыйноо жери, тозок, зындан, эч ким жашабаган арал”, мугалимдер үчүн “сот, командир, күзөтчү, жазалоочу, диктатор, желдет, жумушчу, сынык стакан”, ал эми окуучулар үчүн “кул, туткун, камактагы адам” сыктуу метафоралар аркылуу ойлорун билдиришкендиги белгилүү.

Ал эми Кыргызстандык окуучулардын метафораларды колдонуусунда жогоруда аталып кеткен изилдөөлөр менен окшоштугунун бар экендигин айтууга болот. Окуучулардын мугалимдерге карата “президент, депутат, хандын үй-бүлөсү, сот, жазалагыч, күзөтчү, молдо, дарыгер, психиатр, акча топтогуч, койчу, малчы, төөк ж.б.”, ал эми окуучуларга “калк, кошоматчы, көзөмөлдөнгөн, суракка алынган, туткун, кызматчы, оорулуу, жинди, псих, таштанды бала, рэкет, рэкетке кабылган, кой, мал, жөжө” жана башка ушул сыяктуу метафоралар аркылуу мугалимдердин жана өздөрүнүн абалдарын чагылдыргандыгын көрүүгө болот.

Окуучулар мектеп үчүн “өнүкпөй калган өлкө, капиталисттердин мекени, ак үй, цыган үйү, цирк, кыйноочу жер, зоопарк, үй камагы, криминалдык дүйнө, үңкүр, кир мончо, кумаркана, эски музей, тооккана, мал сарай, тоталитардык режим, салык инспекциясы, хаос, маршрутка, чайкана, ресторан, кафе, базар, джунгли, Сибирь, Антарктида, таштанды салынган куту” жана башка ушул сыяктуу метафораларды колдонушкан. Мындан башка алардын өзгөчө заманбап доорго байланыштуу “вайфай, интернет, түнкү клуб, Тамашоу”, “Модный Приговор”, “Пусть Говорят” программасы сыяктуу метафораларды колдонгондуктары да байкалды.

Ар бир адамдын бул дүйнөдө өз ордун таап, андан ары жолун улантуусу үчүн билим жана билим берүү мекемелери маанилүү орунга ээ. Заманбап билим берүү түшүнүгүндө «нормалдаштырылган» мугалим жана билим берүүнүн жетекчилери сыйлык берүү же жазалоо техникаларын колдонуу аркылуу окуучуларды «нормалдаштырууда» дале болсо өздөрүн милдеттүүдөй сезишет жана “индивиддерди көпчүлүктүн арасында индивидуалдаштыруу үчүн” дисциплина методдорун колдонушат. Бир эле мугалим ага берилген мүмкүнчүлүктөрдүн негизинде ондогон окуучуну каалаган учурда каалагандай көзөмөлдөй алат. Фуко белгилегендей “бирдей типтеги индивиддерди тарбиялоо” үчүн контроль, тыюулар жана эрежелердин көптүгү, мектептин коридорлорунда жана сыртында орнотулган видео камералар аркылуу окуучулардын кыймыл-аракеттеринин көзөмөлдөнүп турушу мугалимдердин “заманбап күзөтчүлүк” ролун даана көрсөтүп турат. Бул жерде көңүл бура турган нерсе - эрежелердин жана дисциплиналардын натыйжасында тартипке келтирилген дене менен бирге калыпка салынган, *«нормалдаштырылган» ойлом жана акыл* болуп жатат. Ойлом менен акыл кандайдыр бир калыпка салынган учурда, индивиддин же окуучунун канчалык деңгээлде креативдүү, эркин ой жүгүртө ала тургандыгы талаш жаратат.

Учурда Кыргызстанда билим берүүдө советтик доордон калган стандартташтыруу системасы дале болсо уланууда. Айрым мектептерде азыр деле бирдей типтеги индивиддерди тарбиялоого умтулган авторитардык башкарууну көрүү мүмкүн. Изилдөөдөн көрүнүп тургандай, окуучулардын белгилүү бөлүгү мектептерди жана билим берүү системасын өздөрүн өнүктүрө турган мекеме катары эмес, тескерисинче, көпчүлүк учурда физикалык жана руханий жактан калыпка салып нормалдаштырып туруучу, «мамлекет аларды алаксытып турган индустриалдык тармак же убакыт өткөрүүчү жай» катары көрүүсү байкалууда. Окуучулар мектепти билим берүүчү мекеме эле эмес, алардын “эркиндигин чектеген”, “мажбурлаган”, “дайыма көзөмөлдөп турган”, “акча чогултуучу”, “9 же 11 жылга отургузган жазалоочу жер”, “түрмө”, “жиндикана” сыяктуу ар кандай жагымсыз жайларга окшоштурушууда. Мындай пикирдеги окуучулардын изилдөөгө катышкандардын 27.56%ын түзүшү мектептин сыртка билинбеген терең проблемалар менен алпурушуп жаткандыгынын далили боло алат.

Учурда билим берүү тармагы “системасыздык” системасын башынан өткөрүүдө. Мамлекет тарабынан алгылыктуу, талапка жооп берген так стратегиялар иштелип, билим берүүнүн максаты белгиленген эмес. Ал эми мындай шартта билим алып жаткан окуучулар системасыздыктан улам «ой келди» аң-сезим менен өсүүдө жана келечекке кайдыгер караган муундар тарбияланууда. Изилдөөгө катышкан окуучулардын кээ бирлеринин мектепти «максатсыз, жөн гана сабакка барып келүүчү, достору менен убакыт өткөрүүчү жайга» окшоштуруулары же «өз ишин билбеген хаос, пайдасыз жаттоо, түпсүз туңгуюк» катары көрүүлөрү, сабактарда «турмушта колдонулбаган билимдин берилишин» жана «айрым мугалимдердин билим берүү деңгээлинин төмөндүгүн» баса белгилөөлөрү буга мисал боло алат.

Мектептеги маселелерди анализдегенде көптөгөн проблемалардын окуучу жана мугалим арасында коммуникациянын жетиштүү деңгээлде болбогонунан келип чыгып жатканы байкалат. Окуучулардын кээ бирлери өз көйгөйлөрүн мугалимдерге айта алышпайт. Мугалимдердин окуучулар менен жөнөкөй тилде сүйлөшүүгө караганда аларды

тилдеп, урушуп же тыюу салуу түрүндө баарлашуусу окуучуларды мектептен жана мугалимдерден алыстатып жатканын ойлоого болот.

## Жыйынтыктар:

1. Өлкөнүн, жарандарынын жана жаш муундардын кызыкчылыгы үчүн билим берүү системасын реформалоо, оңдоо жана өнүктүрүү зарылчылыгы көрсөтүлдү;

2. Мамлекеттин коомдук менталитетти, социалдык жана маданий баалуулуктарды эске алуу менен бирге, мектептердин абалын кайрадан карап, өнүктүрүүгө карай заманбап талаптарга жооп берген жаңы программаларды иштеп чыгуусу зарыл. Тактап айтканда, билим берүүнү заманбап талапка ылайык уюштурууга муктаждык бар экендиги белгиленди;

3. Окуучулар менен байланыш куруу компетенцияларын өнүктүрүү боюнча мугалимдерге заманбап талапка ылайык семинарлардын өтүлүүсү окуучу-мугалим-жетекчи арасындагы мамиленин жакшырышына жана проблемалардын чечилишине салым кошоору аныкталды.

## Колдонулган адабияттар:


1. **Жусенбаев, Ш.** Тенденции развитии высшего образования в мире на второй половине XX века [Текст] / Ш.Жусенбаев. - Бишкек: Плюс, 1997.- 1 б.
2. **Althusser, L.** İdeoloji ve Devletin İdeolojik Aygıtları / Идеология жана мамлекеттин идеологиялык куралдары [Текст] / L. Althusser. - Стамбул, 2006.
3. **Foucault, M.** Büyük Kapatılma / Улуу жабылыш [Текст] / M. Foucault. - Стамбул, 2011.
4. **Foucault, M.** Büyük Kapatılma / Улуу жабылыш [Текст] / M. Foucault.- Стамбул, 2011.- 126 б.
5. **Şentürk, İ.** Foucault'un İktidar Analizi Bağlamında Eğitim Yönetimine İlişkin Bir Değerlendirme / Фуконун бийлик анализинин негизинде билим берүүнү башкарууга байланыштуу берген баасы [Текст] / İ. Şentürk, S. Turan // *Educational Administration: Theory and Practice/ Kuram ve Uygulamada Eğitim Yönetimi*. - 2012. - Cilt 18. - Sayı 2. – 243-272, 262-б.
6. **Foucault, M.** Büyük Kapatılma / Улуу жабылыш [Текст] / M. Foucault. - Стамбул, 2011.- 135 б.
7. **Foucault, M.** Hapishanenin Doğuşu / Абактын пайда болуусу [Текст] / M. Foucault. - Анкара, 1992.- 182 б.
8. **Şentürk, İ.** Foucault'un İktidar Analizi Bağlamında Eğitim Yönetimine İlişkin Bir Değerlendirme / Фуконун бийлик анализинин негизинде билим берүүнү башкарууга байланыштуу берген баасы [Текст] / İ. Şentürk, S. Turan // *Educational Administration: Theory and Practice/ Kuram ve Uygulamada Eğitim Yönetimi*. 2012. - Cilt 18. - Sayı 2. - 243-272, 182 б.
9. **Ляленкова, Т.** Советское образование: миф и реальность. 2011. [Электронный ресурс]. Режим доступа: https://www.svoboda.org/a/24372892.html.
10. **Исаков, Б.** Манастын жети осуяты [Текст] / Б.Исаков.- Бишкек: Учкун, 1997.
11. **Şimşek, H.** Sosyal Bilimlerde Nitel Araştırma Yöntemleri / Коомдук илимдерде сапаттык изилдөө методдору [Текст] / H. Şimşek.- Анкара, 2005. - 227 б.
12. **Şimşek, H.** Sosyal Bilimlerde Nitel Araştırma Yöntemleri / Коомдук илимдерде сапаттык изилдөө методдору [Текст] / H. Şimşek. - Анкара, 2005.- 107 б.
13. **Morgan, G.** Yönetim ve Örgüt Teorilerinde Metafor / Метод жана организация теорияларында метафора [Текст] / G. Morgan. - Стамбул, 1998.
14. **Константиновский, Д. Л.** Реальность образования. Социологическое исследование: от метафоры к интерпретации [Текст] / Д.Л. Константиновский, В.С. Вахштайн, Д.Ю.Куракин. –
15. Москва: ЦСП, 2013. [Электронный ресурс]. Режим доступа: www.socioprognoz.ru/publ.html?id=287.
16. **Kıral, E.** Öğretmen Adaylarının Algılarına Göre Öğretmen Metaforları / Болочок мугалимдердин кабыл алуусунда «мугалим» метафоралары [Текст] / E. Kıral // *Adnan Menderes Üniversitesi Eğitim Fakültesi Eğitim Bilimleri Dergisi*. - Aralık, 2015.- 6(1).- С. 57-65. [Электронный ресурс]. Режим доступа: http://dergi.adu.edu.tr/egitimbilimleri.

17. **Аникеев, М.** Школьное пространство: заводские будни, офисная рутина или среда обитания [Текст] / М.Аникеев.- 2017. [Электронный ресурс]. Режим доступа: https://medium.com/direktoria-online/school-6a12eb51774b.
18. **Saban, A.** Okula ilişkin Metaforlar / Мектепке байланыштуу метафоралар [Текст] / A. Saban.- *Kuram ve Uygulamada Eğitim Yönetimi*. - 2008. - Sayı 55. – 471 б.
19. **Dündar, H.** Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Öğrencilerinin Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Hakkında Sahip Oldukları Metaforlar / Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин студенттеринин униветситет тууралуу метафоралары [Текст] / H. Dündar. -*Manas Journal of Social Studies*. - 2015. - Vol. 4. - No. 1. - 51б.
20. **Çuhadar, A.** Göç Yollarında Eğitim: İlköğretim Sekizinci Sınıf Öğrencilerinin Okula İlişkin Algılarının Göç Bağlamında Değerlendirilmesi / Көч жолунда билим берүү: сегизинчи класстын окуучуларынын мектепке байланыштуу кабыл алууларын көчтүн негизинде анализдөө [Текст] / A. Çuhadar, M.Sarı // I. Коомдук илимдер билим берүүнүн конгреси.- Адана, 2007. – С. 84-200.
21. **Nalçacı, A.** Öğretmen Adaylarının Okul Kavramına İlişkin Algıları / Болочок мугалимдердин мектеп түшүнүгүнө байланыштуу кабыл алуулары [Текст] / A.Nalçacı, F. F. Bektaş // *Ahi Evran Üniversitesi Kırşehir Eğitim Fakültesi Dergisi (KEFAD)*.- 2012. - 13(1) – С. 239 - 250.

DOI: 10. 54834 / 16945220_2021_3_158

Поступила в редакцию 24. 11. 2021 г.

# ЮРИДИЧЕСКИЕ НАУКИ

**УДК:342.5**

***Дуйсенов Э.Э.***
*д. ю. н., проф. Евразийской юридической академии им. Д.А. Кунаева, Республика Казахстан*
***Рамашов О.Н.***
*аспирант Академии госуд. управ. при Президенте Кыргызской Республики*

## КАЗАКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНДА МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТТЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК НЕГИЗИН ИМПЛЕМЕНТАЦИЯЛООНУ АЗЫРКЫ ШАРТТА ИШКЕ АШЫРУУ

*Изилдөөнүн предмети мамлекеттик кызмат менен байланышкан конституциялык, укуктук, экономикалык, социалдык жана саясий негиздер; мамлекеттик кызмат системасынын институттарын түзүүнүн уюштуруу негиздери, динамикасы; мамлекеттик бийлик органдарынын жана мамлекеттик кызматчылардын конституциялык-укуктук жоопкерчилиги; Казакстанда мамлекеттик кызмат системасын иштеп чыгуу факторлору менен шарттары жана аларды модернизациялоонун башкы проблемалары. Изилдөөнүн максаты мамлекеттик кызмат системасынын улуттук жана эл аралык теориясына жана практикасына жана анын өзгөчөлүктөрүнө комплекстүү талдоо жүргүзүү; мамлекеттик кызмат системасынын механизминин иштешинин көйгөйлөрүн талдоо; Казакстанда мамлекеттик кызматтын эффективдүү системасына жарандардын кепилденген укуктары; негизги проблемаларды аныктоо, проблемаларды чечүү жолдорун иштеп чыгуу жана негиздөө. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы төмөнкүлөр менен аныкталат: мамлекеттик кызматтын эффективдүү системасын калыптандыруунун жалпы теориялык жана практикалык проблемаларын комплекстүү жана системалуу изилдөө жүргүзүлгөн; мамлекеттик кызмат көрсөтүүчү мекемелердин иши иликтенген жана аныкталган, ошондой эле системалуу талдоодон өткөн; мамлекеттик кызматтын системасын ачып берди; мамлекеттик кызмат системасынын конституциялык-укуктук нормаларын бузууда конституциялык-укуктук жоопкерчилик көйгөйлөрүн изилдеген; Казакстандагы мамлекеттик кызмат системасынын өнүгүү факторлорун талдоо жана аныктоо; мамлекеттик кызмат системасынын институттарын өнүктүрүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарды модернизациялоого автордук көз караш сунушталган; мамлекеттик кызматчылардын, өзгөчө мамлекеттик жогорку кызмат адамдарынын конституциялык-укуктук жоопкерчилигин так консолидациялоонун зарылдыгын негиздейт; изилдөөдө мамлекеттик кызматтын казакстандык системасын оптималдаштыруу үчүн теориялык жана практикалык мааниге ээ болгон корутундуларды жана иштелип чыккан сунуштарды берет. Казакстан Республикасындагы мамлекеттик кызмат системасын модернизациялоонун инновациялык стратегиясын жана концептуалдык моделин сунуштады, колдонуудагы мыйзамдарга бир катар өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду иштеп чыкты, инновациялык мыйзам долбоорунун түзүмүн - «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» Кодекси иштеп чыкты.».*

***Негизги сөздөр**: мамлекеттик кызмат, коррупцияга каршы стратегия, укуктук жөнгө салуу, меритократия, Казакстан Республикасынын Баш мыйзамы, этика, кадрдык туруктуулук, кесипкөй кызмат имшердүлүгү.*

## ИМПЛЕМЕНТАЦИЯ КОНСТИТУЦИОННО-ПРАВОВЫХ ОСНОВ ГОСУДАРСТВЕННОЙ СЛУЖБЫ В РЕСПУБЛИКЕ КАЗАХСТАН В СОВРЕМЕННЫХ УСЛОВИЯХ

*Предметом исследования выступают конституционно-правовые, экономические, социальные и политические основы, связанные с государственной службой; организационные основы, динамика формирования институтов системы государственной службы; конституционно-правовая ответственность органов государственной власти и государственных*

*служащих; факторы и условия развития системы государственной службы в Казахстане и основные проблемы их модернизации. Целью данного исследования является проведение комплексного анализа национальной и международной теории, и практики системы государственной службы и ее специфики; анализ проблем функционирования механизма системы государственной службы; гарантированных прав граждан на эффективную систему государственной службы в Казахстане; выявление основных проблем, выработка и обоснование путей решения проблем. Научная новизна исследования определяется тем, что: осуществлено комплексное и системное исследование общетеоретических, и практических проблем формирования эффективной системы государственной службы; исследованы и определены, а также подвергнуты системному анализу институты государственной службы; раскрыта система государственной службы; изучены проблемы конституционно-правовой ответственности при нарушении конституционно-правовых норм системы государственной службы; проведен анализ и выявлены факторы развития системы государственной службы в Казахстане; предложено авторское видение модернизации законодательства в сфере развития институтов системы государственной службы; обосновывается необходимость четкого закрепления конституционно-правовой ответственности государственных служащих, особенно высших государственных должностных лиц; в исследовании представлены выводы и выработаны предложения, имеющие теоретическое и практическое значение для оптимизации казахстанской системы государственной службы; представлена инновационная стратегия и концептуальная модель модернизации системы государственной службы в Республике Казахстан, разработаны и обоснованы ряд изменений, и дополнений в действующее законодательство, разработана структура инновационного законопроекта - Кодекса «О государственной службе в Республике Казахстан».*

***Ключевые слова**: государственная служба, антикоррупционная стратегия, правовое регулирование, меритократия, Основной Закон РК, этичность, стабильность кадров, профессиональная служебная деятельность.*

## STATUS OF CIVIL SERVANTS UNDER THE STATESERVICE LEGISLATION OF THE REPUBLIC OF KAZAKHSTAN

*The subject of the research is the constitutional, legal, economic, social and political foundations associated with public service; organizational foundations, dynamics of the formation of institutions of the civil service system; constitutional and legal responsibility of public authorities and civil servants; factors and conditions for the development of the civil service system in Kazakhstan and the main problems of their modernization. The purpose of this study is to conduct a comprehensive analysis of the national and international theory and practice of the civil service system and its specifics; analysis of the problems of functioning of the mechanism of the civil service system; guaranteed rights of citizens to an effective civil service system in Kazakhstan; identification of the main problems, development and substantiation of solutions to problems. The scientific novelty of the dissertation research is determined by the fact that: a comprehensive and systematic study of general theoretical and practical problems of the formation of an effective civil service system has been carried out; investigated and identified, as well as subjected to a systemic analysis of public service institutions; disclosed the system of civil service; studied the problems of constitutional and legal responsibility in violation of constitutional and legal norms of the civil service system; analysis and identification of the factors of development of the civil service system in Kazakhstan; the author's vision of modernization of legislation in the field of development of institutions of the civil service system is proposed; substantiates the need for a clear consolidation of the constitutional and legal responsibility of civil servants, especially senior government officials; the study presents conclusions and developed proposals that have theoretical and practical significance for the optimization of the Kazakhstani system of civil service; presented an innovative strategy and conceptual model of modernization of the civil service system in the Republic of Kazakhstan, developed and substantiated a number of changes and additions to the current legislation, developed the structure of an innovative bill - the Code "On Civil Service in the Republic of Kazakhstan".*

***Keywords:** public service, anti-corruption strategy, legal regulation, meritocracy, the Basic Law of the Republic of Kazakhstan, ethics, personnel stability, professional performance.*

Модель государственной службы, сложившаяся в Казахстане в современных условиях ориентирована на качественный результат, посредством эффективной профессиональной службы в органах государственной власти. Проблема эффективности государственной службы, качества предоставления ею необходимых услуг населению весьма актуальна для молодого независимого суверенного государства, которым является сегодня Казахстан.

Обширное поле для анализа открывает опыт Республики Казахстан, где государственное управление и государственная служба стали одними из важнейших несущих конструкций суверенного демократического развития страны. Но одновременно это – пространство для прогностики государственной службы в Казахстане.

В условиях глобализации перед органами государственной власти, органами государственного управления стоит, прежде всего, важная задача обеспечения и упрочения системы государственной службы в Казахстане. Сформированная на основе Конституции система государственной службы в Казахстане опирается на лучшие традиции отечественного и зарубежного опыта. Опыт развитых государств мира убедительно свидетельствует, о том, что именно эффективная государственная служба, решая повседневные и неотложные задачи граждан, укрепляет основы народовластия, создавая необходимые условия для жизнедеятельности общества и стабилизирует политическую систему, выступая в качестве важного механизма обеспечения социально-экономической безопасности, государственного управления, единства страны и целостности государства.

При этом, важно заметить, что первым элементом казахстанской модели государственной службы является ее нормативная правовая база, которая создает основы для реализации механизмов государственной службы по схеме «отбор и прохождение государственной службы» в органах государственного управления.

В юридической науке принято деление государственной службы на два вида: гражданскую и милитаризованную. Так, в Федеральном законе от 27 мая 2003 г. №-58-ФЗ «О системе государственной службы Российской Федерации» (п. 1 ст. 5) государственная гражданская служба определяется как вид государственной службы, представляющей собой профессиональную служебную деятельность граждан на должностях государственной гражданской службы по обеспечению исполнения полномочий федеральных государственных органов, государственных органов субъектов РФ; лиц, замещающих государственные должности РФ, и лиц, замещающих государственные должности субъектов РФ [3].

А.З. Турусбек отметила, что – «Гражданская служба может быть общефункциональной, или общей (осуществление государственно-служебных функций, не отличающихся отраслевой спецификой) и специальной (реализация полномочий служащих в госорганах, имеющих выраженную отраслевую компетенцию, которая определяет специфику деятельности персонала). Милитаризованная служба может осуществляться в органах внутренних дел, таможенных органах, налоговой (финансовой - А. Т.) полиции, а также это военная служба» [11].

Заслуживает особого внимания исследование А.А. Бейсембаева, к котором рассмотрены: проблемы современной модели государственной службы Республики Казахстан; современное положение и состояние государственной службы; нормативные правовые акты, регулирующие деятельность государственных служащих и регламентирующие функционирование аппарата государственной службы; рассмотрены

существующие проблемы современной модели, причины возникновения и возможные пути их решения. А.А. Бейсембаев считает, что одной из главных особенностей отечественной законодательной базы государственной службы является ее ярко выраженная антикоррупционная направленность. При этом, ученый отмечает важную роль Закона «О борьбе с коррупцией», который определяет основные принципы противодействия коррупции, устанавливает виды правонарушений, связанных с коррупцией, а также условия наступления ответственности [4, с. 110].

Согласно ст. 3 Конституции Республики Казахстан «Единственным источником государственной власти является народ. Народ осуществляет власть непосредственно через республиканский референдум и свободные выборы, а также делегирует осуществление своей власти государственным органам». Еще на заре независимости и суверенитета в ст. 33 было установлено, что «Граждане Республики Казахстан имеют право участвовать в управлении делами государства непосредственно и через своих представителей …», «Граждане Республики имеют равное право на доступ к государственной службе» [1].

В послании экс-президента Республики Казахстан Назарбаева Н.А. «Казахстанский путь: Единая цель, единые интересы, единое будущее», определены ключевые задачи и план вхождения Казахстана в тридцатку самых развитых стран мира, которое является глобальной и главной целью Стратегии «Казахстан - 2050» [8].

В целях реализации данного курса была утверждена соответствующая Концепция, в которой были обозначены ключевые тренды, вызовы, риски, возможности и перспективные направления долгосрочного развития государства. Концепция предусматривает приоритеты и векторы развития страны и общества в интересах всех казахстанцев, логично проистекают и корреспондируются с нормами Конституции, дополняя и расширяя в ней гарантии граждан на доступ к государственной службе. Была поставлена четкая задача и выделен приоритет «Профессиональное Правительство», где была обозначена цель «…создать для Казахстана эффективную, современную государственную службу и структуру управления, которая была бы оптимальной для рыночной экономики, сформировать Правительство, способное реализовать приоритетные цели, и в конечном итоге, построить государство, стоящее на страже национальных интересов» [8].

В Законе Республики Казахстан от 23 июля 1999 года № 453 «О государственной службе Республики Казахстан» и Концепции новой модели государственной службы Республики Казахстан установлены нормы и обозначена инновационная модель государственной службы, а также кадровое, информационное и правовое обеспечение государственного управления. Агентство Республики Казахстана по делам государственной службы выступает в качестве центра управления кадрами государственной службы в стране.

Важно отметить, что несение государственной службы является выражением особого доверия со стороны общества и государства и предъявляет высокие требования к морально-этическому облику государственных служащих.

Основные требования к морально-этическому облику государственных служащих, общепринятые морально-этические нормы, а также базовые стандарты их поведения установлены в Этическом кодексе государственных служащих Республики Казахстан (Правила служебной этики государственных служащих) в соответствии с Конституцией Республики Казахстан, законами Республики Казахстан « О государственной службе

Республики Казахстан» и «О противодействии коррупции» [12].

Этический кодекс государственных служащих Республики Казахстан (Правила служебной этики государственных служащих) установил общие стандарты поведения, стандарты поведения во внеслужебное время, стандартное поведение в служебных отношениях, стандарты поведения, связанные с публичными выступлениями, в том числе в средствах массовой информации [5].

